**Кыргыз-Түрк «Манас» университети**
**Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссия**
**Кыргыз энциклопедия жана терминология борбору**

# ФИЛОСОФИЯ ТЕРМИНДЕРИНИН СӨЗДҮГҮ

*Түзүүчүлөр:*
*Жамгырбек Бөкөшов, Жылдыз Урманбетова, Үмүт Асанова, Кишимжан Эшенкулова, Абдирашит Бабатаев*

**Бишкек – 2023**

УДК 1/14(038)
ББК 87я2
Ф 56

Сөздүк «Кыргыз Республикасында 2021-2025-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү» программасынын алкагында жарык көрдү.

Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин философия бөлүмү жана Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын алдындагы Терминология комиссиясы тарабынан басууга сунушталды.

**Редакциялык кеңеш:**
Ж. Бөкөшов (төрага), философия илимдеринин доктору, профессор (КТМУ)
Ж. Урманбетова, философия илимдеринин доктору, профессор (КТМУ)
Н. Саралаев, философия илимдеринин доктору, профессор (КР УИА)
А. Бекбоев, философия илимдеринин доктору, профессор (КР УИА)
Г. Ботоканова, философия илимдеринин доктору, профессор (БМУ)

**Рецензенттер:** Б. Мутлу, философия ил. доктору (PhD), доцент, Н. Асанбеков, философия ил. кандидиты, доцент, К. Калиева, филология ил. кандидиты, доцент.

**Редакциялык коллегия (Терминология комиссиясы):** Ж.К. Орозобекова (комиссиянын төрайымы), Н.К. Маражапова (комиссиянын төрайымынын орун басары), Т. Курманалиева (комиссиянын катчысы), мүчөлөрү: А.Э. Орозакунов, У.С. Чанов, Ч.И. Арабаев, Г.Т. Курманбекова, К.Дж. Джумабаев, Т.К. Сыдыкова, Т.Дж. Чортонбаев, Г.Т. Жаманкулова, А.А. Жапанов, Б.А. Жайлообаев, К.Б. Бактыгулов, А.К. Шаршенбаев, Э.А. Аламанова, Ы.К. Кадыров, А.Т. Абдиев, И.Ш. Султаналиев, С. Джаанбаев, А.К. Кылчакбаев.

Ф 56 **Философия терминдеринин сөздүгү** / Түз. Ж. Бөкөшов ж.б. – Б.: «Кут-Бер», 2023. – 152 б.

ISBN 978-9967-14-188-9

Китеп – философия тарыхына жана азыркы философия илимине тиешелүү терминдерди кеңири камтыган сөздүк. Кыргызча терминдердин орусча, түркчө, англисче түгөйлөрү берилди жана терминдин кыскача мазмуну аныкталды. Сөздүк кыргыз окурмандарына аталган тилдердеги философиялык тексттерди туура түшүнүүгө да көмөк болот. Китеп студенттерге, илим изилдегендерге, жалпы эле философияга кызыккан окурмандарга арналат.

УДК 1/14(038)
ББК 87я2

ISBN 978-9967-14-188-9

© Түз. Бөкөшов Ж., Урманбетова Ж. ж.б., 2023
© Кыргыз энциклопедия жана терминология борбору, 2023

# БАШ СӨЗ

Философияда терминдерди так жана туура колдонуш абдан маанилүү. Философия мазмуну жалпы жана кеңири түшүнүктөрдү пайдаланат. Бирок, аларды көбүнчө кадимки, демейки турмушта колдонулган сөздөр аркылуу туюнтат. Маселен, «аң- сезим» же «нерсе» сыяктуу. Ал эми ушундай сөздөрдү термин катары колдонгондо алар татаал жана терең мааниге ээ философиялык мазмунду камтыйт. Ошондуктан философияда баарына маалым сөз көрүнгөнү менен анын терминологиялык статусун так-таасын аныкташ туура ой жүгүртүүнүн шарты болуп эсептелет. Бул – бир. Экинчиден, философиялык терминдердин көбү башка тилдерден (латын ж.б.) ооп келген. Алардын маани-мазмунун да кыргызча чечмелеш зарыл.

Сунушталып жаткан сөздүктө төрт тилдеги термин түгөйлөрү берилип, түшүнүктүн кыскача мазмуну аныкталды. Бул окуу китептерин, башка эмгектерди окуганда багыт берчү көмөкчү курал. Сөздүктү пайдаланып, тиешелүү тексттерди талдап, салыштырып окуп, тигил же бул философиялык ойдун, идеянын маанисин туура түшүнүшкө аракет кылыш керек. Улам тереңдетип окуган сайын, салыштырып-териштирип ойлогон сайын терминдин орду жана кызматы ачык көрүнө баштайт. Натыйжада сөздүктө берилген кыскача аныктама кеңейип, такталып, кошумча маани алып жүрүп отурушу керек. Бул сөздүктү пайдаланып, студент же философияга куштар окурман өзү көп колдонгон терминдердин «менчик сөздүгүн» түзүп алса, философияны жакшы түшүнгөнгө өзүнө кең мүмкүнчүлүк ачат.

**Жамгырбек Бөкөшов,**
**философия илимдеринин доктору, профессор**
**КТМУнун философия бөлүмүнүн башчысы**

## КЫСКАРТУУЛАР

анг. – англисче

БМУ – К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университети

грек. – грекче

ивр. – иврит

КМТУ – И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети

КР УИА – Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы

КТМУ – Кыргыз-Түрк «Манас» университети

кырг. – кыргызча

лат. – латынча

ор. – орусча

түрк. – түркчө

фр. – французча

# А

**абсолют** (түрк. *mutlak*, ор. *абсолют*, анг. *absolute*) – эч нерсеге байланышпаган, көз каранды эмес, эч кандай шарт менен чектелбеген, өзү менен өзү болгон, бардык жерде жана бардык учурда өз маани-мазмунун сактаган маңыз. Бул философиялык түшүнүк ар кайсы агымда, теорияда ар кыл чечмеленет.

**абстракция** (түрк. *soyutlama*, ор. *абстракция*, анг. *abstraction*) – өтө жалпыланган, болмуштан (чындыктан) алыстаган түшүнүк. Ойлоонун бир жолу: нерсенин максатка тиешелүү гана касиеттерин көңүлгө алып, калгандарын көңүлдүн сыртында калтырат.

**агностицизм** (түрк. *agnostisizm*, ор. *агностицизм*, анг. *agnosticism*) – дүйнөнү, накта болумду толук, так таанып-билиш мүмкүн эмес деп эсептеген гносеологиялык окуу.

**адам** (түрк. *insan*, ор. *человек*, анг. *human*) – акыл-эстүү, маданият куруп, цивилизация түзгөн, Жер планетасында тукумдап өскөн жан. Философия адамдын маани-маңызын иликтейт.

**адеп-ахлак** (түрк. *ahlak*, ор. *нравственность*, анг. *moral*) – адамды адам кылган башкы касиет, тазалыктын, чынчылдыктын, абийирдин негизи, жакшы менен жаманды чектөөнүн чени.

**адис** (түрк *uzman*, ор. *специалист*, анг. *expert*) – кызматтык милдеттерин аткаруу үчүн башталгыч, орто же жогорку кесиптик билиминин же кандайдыр бир чөйрөдө жакшы практикалык билиминин жана/же практикалык тажрыйбасынын болушу талап кылынган кызматкер.

**аксиология** (түрк. *aksiyoloji*, ор. *аксиология*, анг. *axiology*) – баалуулуктар жөнүндөгү философиялык окум. Адам, коом турмушундагы баалуу-барктуу, маанилүү, ыйык, урмат-сыйлуу нерселердин жалпы негизин иликтейт. Биз тутунган жобо-эрежелердин, биз карманган каада-салттардын маңызын ачат.

**акыйкат** (түрк. *hakikat*, ор. *истина*, анг. *truth*) – 1. Болумдун өзү. Дүйнөнүн, нерселердин, окуялардын иш жүзүндөгү чындыгы. 2. Билимдин, ойдун чындыкка дал келиши.

**акыл** (түрк. *akıl*, ор. *ум*, анг. *reason*) – адамдын ойлоо, таанып-билүү, маселе чечүү жөндөмү, аң-сезимдин жогорку деңгээли. Кеңеш деген мааниге да ээ.

**акыл-эс** (түрк. *zeka*, ор. разум, анг. *mind*) – ойломдун, рух иш-аракетинин, билимдин жогорку деңгээли. Цивилизациянын башкы аныктоочу негизи.

**альтруизм** (түрк. *diğerkâmlık, özgecilik*, ор. *альтруизм*, анг. *altruism*) – өзүнөн мурда башкаларды ойлош, өз кызыкчылыгынан өзгөлөрдүн кызыкчылыгын өйдө коюш. Эгоизмдин каршысы.

**анализ жана синтез** (түрк. *analiz ve sentez*, ор. *анализ и синтез,* анг. *analysis and synthesis*) – таанып-билүүнүн, ойлоонун, түшүнүүнүн ыктары, усулдары. Анализ аркылуу бүтүндү бөлүп, жиктеп, анын бөлүктөрүн, касиеттерин, байланыштарын, шарттарын талдап карайбыз. Синтез аркылуу бөлүнгөндү кошуп, чачылганды жыйып, ажыраганды бириктирип бүтүндөй изилдейбиз. Экөө эриш-аркак, бири-бирин толуктап турат.

**анимизм** (түрк. *animizm*, ор. *анимизм*, анг. *animism*) – жаратылыштагы ар кандай кубулуштун, нерсенин жаны бар деп эсептеген көз караш.

**антропология** (түрк. *antropoloji*, ор. *антропология*, анг. a*nthropology*) – адамдын пайда болушу жана өнүп-өзгөрүшү жөнүндөгү илим. Философиялык антропология адам баласынын жашоо-турмушун, маани-маңызын, курчап турган дүйнөгө мамилесин иликтейт.

**аң-сезим** (түрк. *bilinз*, ор. *сознание*, анг. *consciousness*) – ой, сезим, туюм, билим, кыял, түшүнүктөрдүн, психологиялык кубулуштардын тутуму, адамдын жана коомдун курчаган дүйнөнү жана өзүн таанып-билиш жөндөмү. Тышкы, материалдык дүйнөдөн таптакыр айрымаланат.

«Ички дүйнө», «жан дүйнө», «рух» түшүнүктөрү менен маанилеш. Аң-сезимдин негизги мүнөздөмөсү – идеалдуулук. Мазмуну классикалык философиянын «акыл-эс», «акыл», «эстем», «баам», «көңүл» сыяктуу түшүнүктөрү менен байланышат. Жеке адамдын аң-сезими, массалык аң-сезим, коомдук аң-сезим болуп жиктелет. Аң-сезим аксиологиялык, этикалык, социомаданий мазмунга да ээ.

**апааттар теориясы** (түрк. *afet teorisi*, ор. *теория катастрофы*, анг. *catastrophe theory*) – жандуу организмдер формаларынын тарыхий (геологиялык мөөнөттөрү боюнча) алмашуусун дүйнөлүк апааттар жана алардын артынан Кудайдын жаңы жараткан актылары менен уланары жөнүндөгү окуу. Апааттар теориясы жашоонун өнүгүү тарыхында улантуучулук же эволюция идеясын четке кагат.

**априори жана апостериори** (түрк. *apriori ve aposteriori*, ор. *априори и апостериори*, анг. *a priori and a posteriori*) – априори – тажрыйбага байланышы жок, ага чейин калыптанган, колдонулган түшүнүк. Ал эми апостериори, тескеринче, тажрыйбага байланган, аны менен шартталган түшүнүк. И. Канттын философиясынан улам кеңири жайылган.

**апперцепциялардын трансценденталдык бирдиктүүлүгү** (түрк. *tam algının aşkın birliği*, ор. *трансцендентальное единство апперцепции*, анг. *transcendental unity of apperception*) – И. Канттын «Таза акыл-эс сыны» чыгармасында берилген философиялык түшүнүк. Апперцепция – эмпирикалык жана накта алгачкы апперцепция бөлгөн өздүк аң-сезим.

**аракет** (түрк. *hareket*, ор. *действие*, анг. *motion*) – нерсенин башка нерсеге таасир этиши. Адам жашоосунун, коом турмушунун эң жөнөкөй жана эң баштагы кыймылы.

**атом** (түрк. *atom*, ор. *атом*, анг. *atom*) – дагы майдалап бөлгүс бөлүкчө. Атомизм окуусун түптөгөндөр (Демокрит, Левкипп) дүйнө атомдордон турат деп эсептеген.

# Б

**бейаң** (түрк. *bilinssizlik*, ор. *бессознательное*, анг. *unconsciousness*) – ачык, даана аңдалбаган, баамдалбаган, бирок аң-сезимдин түпкү, көмүскө жагында болуп,адамдын иш-аракетине, кылык-жоругуна өз таасирин тийгизген ой-санаа, сезим-туюм. Адам өзү билбесе да, туйбаса да мындай психологиялык кубулуштар анын турмушунда олуттуу орун ээлейт. З. Фрейддин теориясынан улам кеңири жайылган түшүнүк.

**белги** (түрк. *işaret*, ор. знак, анг. *sign*) – тил проблемасын чечүүдө белги чоң роль ойнойт. Белги деген бул карым-катнаштагы кандайдыр бир нерсенин өкүлү катарында кызмат кылган жана маалыматты алыш, сакташ, өзгөртүш жана бериш үчүн пайдаланылган материалдуу нерсе, аракет жана процесс. Тилсиз белгилерге көчүрмөлөр, сырткы көрүнүштөр, сигналдар, символдор кирет.

**бийик** (түрк. *yüce*, ор. *возвышенное*, анг. *sublime*) – эстетикалык категория: мааниси, баасы жагынан майда-барат нерселерден өйдө, бийик турган, адамдын ой-санаасын, сезим-туюмун күчөткөн, бийиктеткен кубулуш.

**билим** (түрк. *bilgi*, ор. *знание*, анг. *knowledge*) – коомдук тарыхый практика аркылуу текшерилген жана логика аркылуу ырасталган жаратылыштын, коомдун ички мыйзамдарын таанып-билүүнүн, кабылдоонун, түшүнүүнүн, ой жүгүртүүнүн натыйжасы. Жаратылыштын өзүнө дал келүүчү адамдын аң-сезиминдеги чагылдыруу.

**болжолдоо** (түрк. *öngörü*, ор. прогнозирование, анг. f*orecasting*) – илимий маалыматтарга таянып, алдын ала айтуу, прогноздоо, болжолдоону иштеп чыгуу, тар мааниде – кубулуштун өнүгүүсүнүн конкреттүү келечегин атайын илимий изилдөө.

**болжолдоо мүмкүнчүлүгү** (түрк. *öngörü olanağı*, ор. *возможности прогнозирования*, анг. *forecasting capabilities*) – болгон жагдай жөнүндөгү маалымат менен өткөн таж-

рыйбанын түзүлүшүнө таянып, келечектеги мүмкүндүктү алдын ала билүү жана айтуу.

**болум** (түрк. *varlık*, ор. бытие, анг. *being*) – философиядагы эң татаал түшүнүктөрдүн бири. Ар кандай чечмеленип келген. Ток этери – дүйнөнүн, андагы нерселердин, окуялардын анык, чыныгы болушу. Бар болуштун ар кандай түрү, деңгээли, жолу-ыгы болот. Табияттын, коомдун, жан дүйнөнүн болушу өз-өз өзгөчөлүгүнө ээ.

**бөтөнчө** (түрк. *özel*, ор. *специфический*, анг. *specific*) – бирөөнүн же бир нерсенин өзгөчүлүгүн аныктай турган касиет, мүнөздөмө.

**буддачылык** (түрк. *budizm*, ор. *буддизм*, анг. *buddhism*) – чыгышта кеңири тараган ыйык окум, көз караш. Будда (б.з.ч. 560-480-ж.) негизделген. Мазмуну кең жана бай. Баары өтөт-кетет, дүйнөдө түбөлүк эч нерсе жок деп үйрөтөт.

# В

**верификация** (түрк. *doğrulama*, ор. *верификация*, анг. *verification*) – илимий гипотезанын (божомол) чындыгын ырастай турган логикалык-методологиялык иш-аракет. Ал гипотезанын эмпирикалык (тажрыйбалык) натыйжа-маалыматтарга же эмпирикалык маалыматтарга дал келген теориялык жоболорго негизделип аткарылат. Чындыкты ырастоонун бул ыкмасын Вена кружогуна кирген философтор (Л. Витгенштейн ж.б.) кеңири колдонгон.

**витализм** (түрк. *dirimselcilik*, ор. *витализм*, анг. *vitalism*) – биологияда жандууларда жандуу дүйнөнүн өзгөчөлүгүн түзгөн жана жандуу дүйнөнү жансыз дүйнөдөн айырмалап турган материалдык эмес мүнөздөгү касиеттер бар деп эсептеген көз караш, агым. Ал байыркы анимизмден тамырлап чыккан. Витализмдин элементтери Платондун өлбөс жан тууралуу окуусунда, Аристотелдин тирүү организмдерде ички, максат көздөгөн себептер бар деген

көз карашында кезигет. Витализм түзүмү немец эмбриологу Г. Дриш тарабынан кеңири иштелип чыккан.

**волюнтаризм** (түрк. *iradecilik*, ор. *волюнтаризм*, анг. *voluntarism*) – эркти ойломдон, интеллекттен өйдө койгон, аны турмуштун башкы жол-жобосу (принцип) деп эсептеген көз караш. Кээде «өзүм билгендик» маанисинде да колдонулат.

# Г

**герменевтика** (түрк. *hermenötik/yorumbilgisi*, ор. *герменевтика*, анг. *hermeneutics*) – бул термин текстти түшүндүрүүнүн искусствосу жана теориясы дегенди түшүндүрөт. Философиялык проблема катары немец философтору Ф. Шлегель жана Ф. Шлейермахер тарабынан иштелип чыккан. Алар кызыккан «тил философиясы» проблемасы баарынан мурда поэзиядагы обьективдүү-сулуулуктун чагылышы катары эсептелген. Ал эми Х.Г. Гадамер герменевтиканы практика менен байланыштырат. Герменевтиканы чындыкка жетүүдөгү практика менен билим алуунун жолу катары тушүндүрөт. Герменевтика – тексттин мазмунун түшүнүүнүн чеберчилиги; түшүнө билүү (текстти, теорияны, чыгарманы) жөнүндөгү окуу.

**гилозоизм** (түрк. *hilozoizm/canlı maddecilik*, ор. *гилозоизм*, анг. *hylozoism*) – материяны универсалдуу жандуу нерсе катары таануучу философиялык окуу. Бул термин илимге XVII к. кирген. Бул окуу боюнча материянын бардык формаларына туюп сезүү жана ой жүгүртүү таандык болуп эсептелет.

**гносеология** (түрк. *bilgi kuramı*, ор. *гносеология*, анг. *the theory of knowledge*) – тааным теориясы, философиядагы негизги проблемалардын бири. Адамдын таанып-билүүсүнүн жаратылышын жана эң жөнөкөй үстүртөн алынган билимдин терең билимге өтүүсүнүн формаларын менен усулдарын изилдейт. Бул философиялык окуу: «Адам дүйнөнү

кантип таанып билет, таанып билүүнүн чектери барбы же жокпу?» – деген сыяктуу суроолорго жооп берет.

**гумандуулук** (түрк. *hümanizm*, ор. *гуманизм*, анг. *humanism*) – адамдын кадыр-баркын жана укугун, анын инсандык баалуулугун сыйлоону, адамдардын жыргалчылыгы жөнүндө камкордук көрүүнү, коомдук турмушта адамга ылайыктуу шарттарды түзүүнү чагылдыруучу көз караштардын жыйындысы. Гумандуулук кайра жаралуу доорунда пайда болуу менен орто кылымдагы теологиялык көз караштарга жана феодализмге каршы турган буржуазиянын идеологиясына мүнөздүү болгон прогрессивдүү идеяны чагылдырган. Гумандуулуктун гүлдөгөн мезгили катары XVIII к. эсептелет.

# Д

**даосизм** (түрк. *taoculuk*, ор. *даосизм*, анг. *taoism*) – дао жөнүндөгү окуу. Б.з.ч. VI-V к. Байыркы Кытайда пайда болгон философиялык окуу. Негиздөөчүсү – Лао-цзы. Нерселердин жаралуусу жана өзгөрүүсү өзүнүн табигый жолу – даонун негизинде жүрөт. Кийинки окууларда «мыйзам» деген маанини түшүндүрүп келген. Бул окуу боюнча дүйнөдө өзгөрүлбөс эч нерсе жок, өзгөрүү процессинде буюмдар өзүнүн каршысына өтөт. Даосизм – адамдар буюмдардын табигыйлыгын жолдоп, акылмандыктан баш тартыш керек деген идеяны сунуш кылат.

**дарамет** (түрк. *potansiyel/olanak/güç*, ор. потенциал, анг. *potential*) – 1. Күчтөрдүн, мүмкүнчүлүктөрдүн жыйындысы, бардык колдо болгон мүмкүнчүлүктөр. 2. Кенен маанide, «резерв» дегенди билдирет.

**деизм** (түрк. *deizm*, ор. *деизм*, анг. *deism*) – дүйнөнү Кудай жараткандыгын таануучу жана анын андан аркы жашоосуна эч кандай тиешеси жок экендигин билдирген окуу. Негиздөөчүсү катары англиялык философ Г. Чербери эсептелет.

**детерминизм** (түрк. *determinizm*, ор. *детерминизм*, анг. *determinism*) – бардык кубулуштардын обьективдүү мыйзам ченемдүүлүгүн жана себептик жактан шартталышын тааныган философиялык позиция. Индетерменизмдин каршысы. Философия илими процесстер менен кубулуштардын ортосундагы байланыштарды илимий түшүндүрүүгө, б.а. себептүүлүк принцибине таянат. Бул принциптин маңызы-бардык кубулуштар менен процесстер себептүүлүктө, тагыраак айтканда, белгилүү бир себептердин таасиринин натыйжасында алар мыйзам ченемдүү пайда болот, өсүп-өнүгөт жана кайра жок болот дегенди билдирет.

**диалектика** (түрк. *diyalektik*, ор. *диалектика*, анг. *dialectic*) – жаратылыштын, коомдун, ой жүгүртүүнүн өнүгүүсүнүн жалпы мыйзамдары жөнүндөгү илим. Диалектика – реалдуу чындыкты татаал, көп жактуу, бүтүн жана биримдүүлүктө; карама-каршылыкта жана өз ара таасир этүү абалында; өзгөрүү жана өнүгүү процессинде кароочу ой жүгүртүү жана дүйнө тааным. Диалектиканын негизги проблемасы – өнүгүү процесси, анын кыймылдаткыч күчтөрү жана мыйзам ченемдүүлүктөрү.

**дуализм** (түрк. *ikicilik*, ор. *дуализм*, анг. *dualism*) – монизмге каршы турган, материалдык жана рухий башатты тең маанидеги негиз деп билген философиялык окуу. Дуализм көпчүлүк убакыттарда Р. Декарт менен И. Канттын ысымы менен байланыштырылып жүрөт.

**дүйнөлүк көгөйлөр** (түрк. *küresel sorunlar*, ор. *глобальные проблемы*, анг. *global issues*) – жалпы жер шарына, анын региондоруна жана көптөгөн мамлекеттерге тиешелүү болгон азыркы учурдагы жалпы адамзаттык дүйнөлүк көйгөйлөрдүн комплекси (жыйындысы). М., дүйнөлүк көйгөйлөр катары жер жүзүндөгү тынчтыкты сактоо, жаратылышты коргоо, демографиялык проблемаларды ж.б. айтса болот.

# Ж

**жакшылык жана жамандык** (түрк. *iyilik ve kötülük*, ор. *добро и зло*, анг. *good and evil*) – адамдардын адеп ахлактык жүрүм-турумун баалоодо көрүнүүчү моралдык-этикалык категориялар. Жакшылык менен жамандыктын айырмасын коомдогу жашаган адамдардын турмуш-тиричилигине, акыл жөндөмдүүлүгүнө, билим деңгээлине жана коомдук процесстин тенденциясына жараша, башкача айтканда, конкреттүү көрүнүштөрдө аныктоого болот. Жакшылык – бул коомдук прогресске жол ачкан жүрүм-турум эрежелери, көз караштар, сапаттар. Ал эми ага карама-каршы турган сапаттар – жамандык.

**жамаат** (түрк. *kolektif*, ор. *коллектив*, анг. *collective*) - жалпы иш- аракеттер, жалпы максаттар менен мүнөздөлгөн адамдардын тобу (биримдиги).

**жамааттуулук** (түрк. *kolektivizm*, ор. *коллективизм*, анг. *collectivism*) – инсанга карата болгон кайсы бир жамаат же топтун, мисалы, коомдун, мамлекеттин, улуттун же таптын үстөмдүгү же артыкчылыгы.

**жамааттык бейаң** (түрк. *kolektif bilinssizlik*, ор. *коллективное бессознательное,* анг. *collective unconsciousness*) – психиатр К. Юнг киргизген термин. Муундан муунга өтүүчү түзүмдөрдүн натыйжасы жана адамзатка жалпысынан таандык болгон аң-сезимсиздиктин (индивид тарабынан аңдалып билинбеген, эскерүүлөр жана импульстар кирген психиканын бөлүгү) формаларынын бири деп белгилеген термин. Иш жүзүндө аң-сезимдин көмүскө түрү тууралуу кеп.

**жамааттык коом** (түрк. *kolektivist toplum*, ор. *коллективистское общество*, анг. *collectivistic society*) – коомду радикалдуу түрдө кандайдыр бир жалгыз, баарынан үстөмдүү максат үчүн өзгөртүү жана ал максат үчүн индивиддердин автономиясын четке кагууну көздөгөн коомдук түзүм.

**жан** (түрк. *nefs,* ор. *душа*, анг. *soul*) – 1. Адамдын ички дүйнөсү. 2. Тирүү зат, жансыз заттан айырмаланат; жа-

ныбар. 3. Жеке адам баласы («жан башына», «үй-бүлөдө мынча жан бар»). Философиянын тарыхында жандын ар кыл концепциясы орун алып келген. «Өлбөс жан болбойт» деген көз карашка каяша катары «түбөлүк жан» тууралуу түшүнүк сунушталган.

**жандуу дене** (түрк. *canlı vücut*, ор. *живое тело*, анг. *living body*) – жандуу жашоочунун тышкы физикалык келбети, ички материалдык эмес түшүнүгүнө (жанга) каршы нерсе катарында белгиленет.

**жашоо** (түрк. *hayat*, ор. *жизнь*, анг. *life*) – материянын жашоосунун калыбы, өзөгү, анын өнүгүү процессиндеги белгилүү бир шарттарда пайда болуучу мыйзам ченемдүү көрүнүш, жандуу нерселердин обьективдүү процесси. Жашоону жандуу нерселердин жансыз нерселер менен болгон өз ара тыгыз байланышы десе болот.

**жекелик жана жалпылык** (түрк. *tikel ve tümel*, ор. *единичное и общее*, анг. *singular and universal*) – диалектикалык кош категориялар. Жекелик – предметтин башкалардан (анын ичинде өзүнө окшош) айырмаларган индивидуалдуу, кайталангыс белгилери. Жалпылык – ар түрдүү обьекттерди бириктирүүчү белгилер.

**жөрөлгө** (түрк. *ayin, ritüel*, ор. *ритуал*, анг. *ritual*) – диний актты же калыптанган үрп-адаттарды коштогон иш аракет, ритуал, үрп-адат.

**жупуну** (түрк. *ilkel*, ор. *примитивный*, анг. *primitive*) – өтө жөнөкөй, өнүкпөгөн мүнөз. Жогорку деңгээлге салыштырганда кыйла төмөн турган ой же социалдык кубулуш.

# И

**идеализм** (түрк. *idealizm*, ор. *идеализм*, анг. *idealism*) – философиянын негизги маселесин чечүүдө материализмге каршы турган философиялык багыт. Идеализм материалдуу эмес дүйнөнүн, духтун, идеянын биринчилигин жана материалдуу дүйнөнүн экинчилигин тааныйт. Идеализм өз

ичинен обьективдүү жана субъективдүү болуп бөлүнөт.

**идеология** (түрк. *ideoloji*, ор. *идеология*, анг. *ideology*) – коомдун социалдык-саясий түзүлүшүн, анын социалдык түзүмүн, ар кандай социалдык күчтөрдүн керектөөлөрү менен кызыкчылыктарын теориялык жактан чагылдыруучу идея, көз караштардын тутуму. Идеологияда тигил же бул таптын, саясий партиялардын жана кыймылдардын жашап турган коомдун саясий түзүмүнө, мамлекеттик түзүлүшкө, жекече саясий институттарга болгон мамилеси ачык-айкын көрүнөт.

**индивид** (түрк. *birey*, ор. *индивид*, анг. *individual*) – обьекттердин белгилүү бир түрүнөн, тобунан бөлүнгөн, жеке обьект. Жааматтан, социалдык топтон, коомдун өзүнөн айырмаланып турган жандуу жеке жан, жеке адам.

**инсан** (түрк. *kişilik*, ор. *личность*, анг. *personality*) – жалпы жана илимий мааниде колдонгондо адамды – мамилелердин жана акыл менен коштолгон кыймыл-аракеттин субъектиси деп аныктаган түшүнүк.

**интеллект** (түрк. *zeka*, ор. *интеллект*, анг. *intelligence*) - адамдардын акыл-эстүүлүүккө, акылдуулукка жөндөмдүүлүгү; акылдын ар тараптан өнүккөндүгү, ар кандай ишке акыл менен мамиле кылуу.

**ирет** (түрк. *düzenlilik*, ор. *порядок*, анг. *order*) – динамикалуу тең салмактын абалында турган иреттүү түзүлүштөрдүн жашоо ыкмасы. Реалдуулуктун ар кандай чөйрөсүнүн так жана тартиптүү уюштурулушу.

**иррационализм** (түрк. *irrasyonalizm*, ор. *иррационализм*, анг. *irrationalism*) – акылдын, ойломдун таанып билүүсүнүн мүмкүнчүлүгүн чектеп, анын ордуна сезимди, инстинкти таанып билүүнүн негизи катары билген философиялык окуу. Иррационализм рационализмге каршы келген түшүнүк.

**ишке ашыруу** (түрк. *gerçekleşme*, ор. *реализация*, анг. *realization*) – ойломдун ишке ашырылышы, натыйжа алып келүү.

# Й

**йога** (түрк. *yoga*, ор. *йога*, анг. *yoga*) – санскрит тилинде байланыш, биригүү, усул, аракет маанисинде. Ал эми кеңири маанисинде – Чыгыштын диний жана философиялык окуусу, анын максаты духтун эркиндигине жетүү (Мокша, Нирвана).

**йогачара** (түрк. *yogacara*, ор. *йогачара*, анг. *yogacara*) – йога тажрыйбасы, махаяна буддачылыктагы мектеп. Анын башка аттары виджнянавада (реалдуулукту аң сезим катары кабыл алуу жөнүндө окуу) же дхармалакшана.

# К

**каббала** (түрк. *kabbala*, ор. *каббала*, анг. *cabbala*) – байыркы иврит тилинде кабыл алуу, байыркы сөз, уламыш маанисинде. Байыркы эзотерикалык доктриналарды улаган орто кылымдагы еврей раввиндердин ыйык туткан сырдуу даанышмандыгы.

**кабылдоо** (түрк. *algı*, ор. *восприятие*, анг. *perception*) – сезүү органдардын рецептордук бөлүктөрүнө түздөн түз физикалык таасир берүүчүлөрдүн натыйжасынан улам пайда болгон предметтерди же предметүү жагдайларды бүтүндөй чагылдыруу процесси.

**казуалдуулук** (түрк. *nedensellik*, ор. *казуальность*, анг. *causality*) – себеп же себептүүлүк маанисинде. Болмуштардын бирөөсү (себеп катары) башкасын (натыйжа катары) калыптаган генетикалык зарыл байланыштарын белгилеген философиялык категория.

**казуистика** (түрк. *safsata*, ор. *казуистика*, анг. *casuistry*) – капилеттүүлүк, ката маанисинде. Мыйзам чыгаруу, философия же теология боюнча татаал маселелерди жасалма түрдө чечиш.

**кайра жаралуу** (түрк. *rönesans*, ор. *ренессанс*, анг. *renaissance*) – Батыш жана Борбор Европа өлкөлөрүнүн

маданият тарыхында орто кылымдан Жаңы Доорго өтүү мезгилин белгилеген термин.

**калам** (түрк. *kelam*, ор. *калам*, анг. *kalam*) – араб тилинде сөз, маектешүү дегенди билдирет. VIII-XV к. Ислам философиясындагы агымдын аты жана ошондой эле Ислам баалуулуктарын негиздеген өзүнчө багыт катары пайда болгон. Ислам философиясынын түрү, формасы. Каламдын жактоочулары мутакаллимдер деп аталат.

**калокагатия** (түрк. *kalos kagathos*, ор. *калокагатия*, анг. *kalos kagathos*) – грек тилинде сулуу, жакшы деген мааниге ээ. Муундардын алмашуусунан келип чыккан дене менен жандын гармониясын даңазалаган байыркы грек маданиятынын этикалык жана эстетикалык идеалы.

**кальвинизм** (түрк. *kalvenizm*, ор. *кальвинизм*, анг. *calvinism*) – Франциядагы Реформациянын ашыруучусу Жан Кальвиндин аты менен байланышкан багыт.

**канон** (түрк. *kanun, norm*, ор. *канон*, анг. *canon*) – грек тилинен келген. чен, эреже деген мааниге ээ. Көркөм эстетикадагы кайсы бир тарыхый заманда же көркөм багытта үстөмдүк кылган ички чыгармачыл эрежелер жана ченderди билдирген категория.

**каноника** (түрк. *kanon okulu*, ор. *каноника*, анг. *canonics*) – епикуреизм философиясында логика же диалектика, аңдап-билүү жөнүндө окуу.

**капилеттик** (түрк. *spontane*, ор. *спонтанность*, анг. *spontaneity*) – өзүнөн өзү пайда болгондук; тышкы эмес, ички себептерден улам пайда болгон процесстердин мүнөздөмөсү.

**капитал** (түрк. *sermaye*, ор. *капитал*, анг. *capital*) – 1. Өсүү максатында бирөөгө берилген акчалай каражат. 2. Кайсы бир өндүрүштүн максатында же өзүнүн керектөөсүү үчүн пайдаланган мүлк жана да алмаштырыла турган белгилүү бир баалулукка ээ болгон ар бир нерсе.

**капитализм** (түрк. *kapitalizm*, ор. *капитализм*, анг. *capitalism*) – өндүрүштүн коомдук мүнөзүнө жана анын

натыйжаларын менчиктештирүүнүн жеке түрүнө же өндүрүш каражаттарына көзөмөл жүргүзүүгө негизделген коом түзүлүшү.

**карама-каршылыксыздык** (түрк. *tutarılılık*, ор. *непротиворечивость*, анг. *consistency*) – идеялар тутумундагы логикалык карама-каршылыктын жоктугу, б.а. кайсы бир айтымдын жана аны тануунун жоктугу.

**карама-каршылыктардын биримдиги жана күрөшү** (түрк. *zıtların birliği ve savaşı*, ор. *единство и борьба противоположностей*, анг. *the unity and struggle of opposites*) – диалектика же өсүп-өнүгүү жөнүндө окуунун өзөгү. Жаратылыш, коом жана ойломдогу кыймыл жана өнүгүү бүтүндүктүн бири бирине кирүүчү эки жакка бөлүнүүсү жана алардын ортосунда пайда болгон карама-каршылыктардын чечилиши күрөш аркылуу шартталгандыгы.

**карма** (түрк. *karma*, ор. *карма*, анг. *karma*) – санскрит тилинде кыймыл-аракет, иш маанисинде. Индия философиясындагы кайра төрөлүү жана сансара (өмүр агымынын, аң сезим агымынын) доктринасын чечмелеп берген негизги түшүнүктөрдүн бири.

**картезианчылык** (түрк. *kartezyenizm*, ор. *картезианство*, анг. *cartesianism*) – француз ойчул, математик Р. Декарттын акылга гана негизделген этика жана «прагматикага» ишеним көргөзүш керек жана ага баш ийиш керек деген окуусу жана XVII-XVIII к. философия жана табигый илимдерде анын жолун уланткан багыт.

**каршымаданият** (түрк. *karşı kültür*, ор. *контркультура*, анг. *counterculture*) – үстөмдүк кылган маданиятка каршы коомдук жана маданий эрежелер, багыттар жана баалуулуктардын биримдигин белгилөө үчүн социология жана публицистикада колдонулган термин.

**касиет** (түрк. *özellik*, ор. *свойство*, анг. *property*) – кайсы бир заттын башка объектилерге болгон мамилесин көргөзбөстөн, ага таандык болгон жана аны мүнөздөгөн сапат.

**кассандра** (түрк. *kassandra*, ор. *кассандра*, анг. cassandra) – Кассандра, грек мифологиясындагы Аполлондон көрөгөчтүк касиетин алган, Приамдын кызы. Кассандранын трагедиялык көрөгөч ойлору четке кагылып, маскараланган. Бирок кийин алар анын үй-бүлөсүнүн өлүмүндө жана Троянын кыйрашында ишке ашкан.

**каста** (түрк. *kast*, ор. *каста*, анг. *caste*) – тап, коомдук топ. Байыркы Индиялык коом төрт негизги касталарга бөлүнгөн: браминдер, кшатрийлер, вайшьилер жана шудралар.

**катарсис** (түрк. *katarsis/arınma*, ор. *катарсис*, анг. *catharsis*) – грек тилинен которгондо тазалануу деген мааниге ээ. Көркөм өнөрдүн адамга тийгизген эстетикалык таасиринин, анын эстетикалык кабыл алуусунун, эстетикалык тажрыйбасынын бийик рухий эмоционалдуу натыйжасынын эң бир маңыздуу ирмемди ачкан эстетика категориясы.

**катартикалык усул** (түрк. *katartik yöntem*, ор. *катартический метод*, анг. *cathartic method*) – И. Брейер-Фрейддин көпчүлүк учурда неврроздорду дарылоодогу психотерапевтикалык усулу. XIX к. 90-жылдарында ийгиликтүү колдонулган.

**катафатикалык теология** (түрк. *pozitif teoloji*, ор. *катафатическая теология*, анг. *cataphatic theology*) – Кудайды ыйык китептин негизинде позитивдүү түрдө сүрөттөөнү колдонгон теологиянын (Кудай жөнүндө илимдин) түрү.

**категория** (түрк. *kategori*, ор. *категория*, анг. *category*) – грек тилинде айтуу, күнөөлөө, белги маанисинде. Абдан жалпы түшүнүк. Заттардын өзгөчө белгилеринен абстракттащуунун акыркы натыйжасы катары түзүлөт.

**категориялаштыруу** (түрк. *kategorileştirme*, ор. *категоризация*, анг. *categorization*) – грек тилинен которгондо айтуу, белги маанисине келет. Жалпыланган белгилерге жараша изилдөө же байкоо жүргүзгөн объектилерди топтоштуруу процесси же классификациясы.

**категориялык императив** (түрк. *kategorik zorunluluk*, ор. *категорический императив*, анг. *categorical imperative*) – латын тилинен алганда буйруктуу деген маанини билдирет. Адамдын жүрүм-турумунун шартсыз эрежесинин күчүнө ээ болгон, жалпы жактан маанилүү ыйман буйругун бекиткен И. Канттын этикасынын негизги түшүнүгү.

**категориялык талдоо** (түрк. *kategori analizi*, ор. *категориальный анализ*, анг. *categorial analyses*) – категориялардын табиятын жана алардын колдонулуучу чөйрөлөрүн изилдеген окуу.

**католицизм** (түрк. *katoliklik*, ор. *католицизм*, анг. *catholicism*) – грек тилинде универсалдуу, ааламдашкан маанисинде. Рим-католикалык ишеними, биринчи жолу христиан адабиятындагы Ыйык Игнатий Антиохийскийге таандык христиан окуусунун термини, алгачкы христиан чиркөөсүнүн ишеними.

**квиетизм** (түрк. *sakinlik, dinginlik*, ор. *квиетизм*, анг. *quietism*) – рухтун тынчтыгынын кол тийбестигине (презумпциясына) борбордошкон католицизмдеги ортодоксалдык эмес багыт.

**квинтэссенция** (түрк. *öz*, ор. *квинтэссенция*, анг. *quintessence*) – латын тилинен которгондо бешинчи маңыз дегенди билдирет. Байыркы жана Орто кылым философиясында заттардын негизги маңызын түшүндүрөт.

**кибернетика** (түрк. *sibernetik*, ор. *кибернетика*, анг. *cybernetics*) – грек тилинде «башкаруу өнөрү (искусствосу)» маанисинде. Бул билимдин маңызын Винер: «машинелер жана жандуу организмдерди контролдоо, башкаруу жана байланыш жөнүндө илим» деп түшүндүрөт.

**кинестетикалык сезим** (түрк. *kinestetik his*, ор. *кинестетическое ощущение*, анг. *kinesthetic sense*) – дененин кыймылына тиешеси бар сезим. Кинестетикалык сезим – ар бир психологиялык талдоонун (кабыл алууну да жасаган талдоонун) чыгуу чекитин түзгөн денебиздин орган-

дарынын органикалык же элементардуу психологиялык сезимдүүлүгү.

**киниктер** (түрк. *kinikler*, ор. *киники*, анг. cynics) – кикалык мектептин негиздөөчүсү болгон Байыркы грек философу Антисфендин шакирттери, улантуучулары. Баарынан белгилүү өкүлдөрүнүн бири – Синоптук Диоген. Алар бирдикти гана таанып, идеялар жалпы субстанциялар катары саналган Платондун окуусун сынга алышкан.

**Кирена мектеби** (түрк. *Kirene Okulu*, ор. *Киренская школа*, анг. *The Cyrenaics*) – рахаттанууну (гедо – жок) тажрыйба жана каалоолорго үстөмдүк болуу аркылуу жетүү жөнүндө окууну негиздеген Киреналык Аристипп түзгөн байыркы грек мектеби. Кирена мектебине субъективизм жана аша чапкан скептицизм таандык. Кирена гедонизми эпикуреизм менен биригет жана XVIII к. гуманисттер жана француз атеисттер тарабынан диний моралга каршы колдонулат.

**классика** (түрк. *klasik*, ор. *классика*, анг. *classic*) – латын тилинен которгондо бийик өрнөктүү, жогорку деңгээлдеги деген маанини билдирет. Тынчтыкка, ирээттүүлүккө, ченемдүүлүккө, гармонияга болгон ынтызарлык. Улуттук жана дүйнөлүк маданият үчүн көөнөрбөс баалуулугу бар адабият жана көркөм өнөрдүн алдыңкы, бийик өрнөктүү, жалпы таанымал чыгармалары.

**классикалык философия** (түрк. *klasik felsefe*, ор. *классическая философия*, анг. *classic philosophy*) – ар бир маданияттын өнүгүүсүнүн эң бийик деңгээлине төп келген философиялык окуулар. Мисалы, классикалык антикалык философия, классикалык немец философиясы ж.б.

**классификация** (түрк. *sınıflandırma*, ор. *классификация*, анг. *classification*) – түшүнүктүн логикалык көлөмүн көп тепкичтүү, көп тармактуу кылып бөлүү. Классификациянын натыйжасы катары бири-бирине баш ийген түшүнүктөрдүн жыйындысы келип чыгат.

**класстар логикасы** (түрк. *sınıflar mantığı*, ор. *логика классов*, анг. *logic classes*) – класстар, көлөмдөр менен алмашылган бир орундуу предикаттарды ичке саналуусуна айкалышкан математикалык логиканын бөлүгү. Класстар логикасы Аристотелдин силлогистикасына да айкалышып турат.

**клерикализм** (түрк. *kilise yasası*, ор. *клерикализм*, анг. *clericalism*) – коомдун саясий жана рухий турмушунда чиркөөнүн ролун күчөтүү үчүн күрөшкөн коомдук жана саясий кыймыл.

**когнитивдик диссонанс** (түрк. *bilişsel çelişki*, ор. когнитивный диссонанс, анг. *cognitive dissonance*) – өзүнүн жеке пикир, ишенимдери, мамилелери менен карама-каршы болгон иш-аракеттерден келип чыккан ыңгайсыз аба жана жагымсыз сезимдерге ээ болуу.

**когнитивдик илим** (түрк. *bilişsel bilim*, ор. *когнитивная наука*, анг. *cognitive science*) – кең маанисинде – билимди алуу, сактоо, өзгөртүү жана колдонуу, жалпысынан аңдап-билүү жөнүндөгү илим, тар маанисинде – М. Айзенк аныктагандай, «билимди алуу жана колдонуу процесстерин изилдеген дисциплиналар аралык изилдөө».

**когнитивдик тутум** (түрк. *bilişsel sistem*, ор. *когнитивная система*, анг. *cognitive system*) – модулдардын белгилүү тобунун ич ара байланышынын натыйжасы менен мүнөздөлгөн, кыймыл-аракеттеринин өзүнө таандык болгон чөйрөлөр жана механизмдерине ээ болгон адамдын аңсезиминин/акылынын жана анын жалпы адамдык когнициясынын (таанып-билүүсүнүн) компоненти.

**когнитивдик эволюция** (түрк. *bilişsel gelişim*, ор. *когнитивная эволюция*, анг. *cognitive evolution*) – латын тилинен которгондо аңдап билүү, таануу, таанышуу деген мааниге ээ. Когнитивдик маалыматты иштетүү боюнча үстөмдүк болгон жолдорунун эволюциялык өзгөрүүлөрү.

**когниция** (түрк. *biliş*, ор. *когниция*, анг. *cognition*) – билим, аңдап билүү, ойлоо.

**колдонмо этика** (түрк. *uygulamalı etik*, ор. *прикладная этика*, анг. *applied ethics*) – практикалык адеп-ахлак маселелерин изилдеген этиканын тармагы.

**коллизия** (түрк. *çarpışma*, ор. *коллизия*, анг. *collision*) – коомдук мамилелер чөйрөсүндө өкүм сүрүүчү карама-каршылыктуу күчтөрдүн, кызыкчылыктардын, умтулуулардын кагылышуулары.

**комбинация** (түрк. *kombinasyon, bileşim*, ор. *комбинация*, анг. *combination*) – 1. Бир нерселердин бири бирине ылайыкталышы, ылайыктап коюлушу. 2. Окшош максаттарга ээ болгон кыймыл-аракеттердин биргелештиги.

**комизм** (түрк. *komiklik*, ор. *комизм*, анг. *comism*) – таарыныч туудурбаган күлкүлүү контрасттын сезимге тийгизген таасири, күлкүлүү жагдай. Грек тилинен которгондо «айылдык майрам» деген мааниге ээ.

**коммунизм** (түрк. *komünizm*, ор. *коммунизм*, анг. *communism*) – адамдардын теңсиздигин, оор эмгекти жана өндүрүш каражаттарына болгон жеке менчикти жойгон төп келишкен коомду келечекте курууга болот деген мүмкүнчүлүктү даңазалаган утопиялык концепция.

**коммуникация** (түрк. *iletişim*, ор. *коммуникация*, анг. *communication*) – латын тилинде кабар берүү, өткөзүп берүү маанисинде. Коомдук ич ара байланыштын маанилүү жана мазмундуу аспектиси, адамдар арасындагы карым-катыш.

**конвенционализм** (түрк. *uzlaşımcılık*, ор. *конвенционализм*, анг. *conventionalism*) – Илимий теориялардын негизинде түшүнүктөр, аныктамалар, аксиомалар, гипотезалар ж.б. боюнча илимпоздордун ачык же ачык эмес келишимдери жатат деп баса белгилеген илим философиясындагы багыт.

**конвенция** (түрк. *uzlaşım*, ор. *конвенция*, анг. *convention*) – латын тилинен которгондо келишим, макулдашуу дегенди билдирет. Конвенционалдуу – өзүнөн өзү белгилүү, жалпы кабыл алынган, салттуу.

**конвергенттүүлүк** (түрк. *yakınsama*, ор. *конвергентность*, анг. *convergenty*) – кайсы бир нерсеге жакын болуу, бир нерсе менен биригүү.

**конвергенция теориясы** (түрк. *yakınsama teorisi*, ор. *теория конвергенции*, анг. *convergence theory*) – саясат таанууда, социология жана саясий экономиядагы азыркы учурдагы коомдун өнүгүүсүндө капитализм жана социализм түзүмдөрү биригип, анын негизинде башка жаңы түзүм пайда болуу тенденциясы үстөмдүү болууда деп белгилеген концепциялардын бири.

**коннекционизм** (түрк. *bağlaşımcılık*, ор. *коннекционизм*, анг. *connectionism*) – жандуу заттардын аңдап-билүү процесстерин тууроо максатында жасалма нейрон торлорун колдонуунун негизинде мээнин моделдештирүүсүнө когнитивдик илиминде иштелип чыккан эсептөө (компьютердик) жол.

**коннотация** (түрк. *çağrışım*, ор. *коннотация*, анг. *connotation*) – ат же аттардын комплекси жана мааниси (коннотат) ортосунда мамилени билдирген логикалык жана философиялык термин.

**консенсус** (түрк. *fikir birliği*, ор. *консенсус*, анг. *consensus*) – латын тилинен которгондо макулдашуу, чогуу катышуу деген мааниге ээ. Демейдеги мааниде адамдардын өз ара макулдашуусу, пикирлеринин бирдиги.

**консерватизм** (түрк. *muhafazakârlık*, ор. *консерватизм*, анг. *conservatism*) – коомдун өсүп-өнүгүшүндө узак убакыт бою калыптанып, сакталып келе жаткан тартип-талаптарга, каада-салттарга, көз караштарга артыкча маани берип, жаңычылдыкка анча моюн сунбай, эскини жактаган идеялык агым.

**консциенциализм** (түрк. *bilinslilik*, ор. *консциенциализм*, анг. *consciencialism*) – турмушту аң-сезимде болуп жаткан нерселер менен чектөө.

**контекст** (түрк. *bağlam*, ор. *контекст*, анг. *context*) – сөздөрү жана айтымдарынын мааниси айкын болгон кайсы

бир жазма же оозеки сүйлөмдүн (тексттин) салыштырмалуу түрдө бүткөн үзүндүсү, текстти курчаган текст.

**контемпляция** (түрк. *tefekkьr*, ор. *контемпляция*, анг. *contemplation*) – байкоо жүргүзүү, бүт эркти өчүрүү менен бирге көз алдында элестетүү.

**континуум** (түрк. *süreç*, ор. *континуум*, анг. *continuum*) – көптүк, үзүлтүксүздүк, бириккендик деген мааниге ээ. Математика, табигый илимдер жана философияда колдонулган термин.

**контроверза** (түрк. *uyuşmazlık*, ор. контроверза, анг. *controversy*) – талаш туудурган окуя, келишпестик, ар тараптуулук.

**конформизм** (түрк. *konformizm, uymacılık*, ор. *конформизм*, анг. *conformism*) – өкүм сүргөн саясий режимди, түзүмдү ж.б. пассивдүү түрдө кабыл алууну, ага өзүн өзү көндүрүүнү чагылдырган моралдык жана саясий, моралдык жана психологиялык түшүнүк.

**концепт** (түрк. *kavram*, ор. концепт, анг. *concept*) – түшүнүктүн мазмуну, аныкталган түшүнүк.

**концептештирүү** (түрк. *kavramsallaştırma*, ор. *концептуализация*, анг. *conceptualization*) – топтолгон эмпирикалык маалыматтын массивине онтологиялык түшүнүүлөрдү киргизүүнүн процедурасы. Материалдардын теориялык уюштуруусун камсыз кылган башталгыч форма. Өзгөрүүлөрдүн мүмкүн болгон тенденцияларын чагылдырган түшүнүктөрдүн байланыш схемасы.

**концептуализм** (түрк. *kavramsalcılık*, ор. *концептуализм*, анг. *conceptualism*) – жалпы түшүнүктөрдү өз алдынча онтологиялык реалдуулукка ээ кылдырбастан, адамдын акылында алар бирдей заттардын окшош белгилерин кайра жаратат деген философиялык окуу.

**концепция** (түрк. *kavrayış*, ор. *концепция*, анг. *conception*) – процесс же кайсы бир затты түшүнүүнүн, чагылдыруунун белгилүү жолу, зат же кубулушка болгон негизги көз караш, аларды түшүндүрүүнүн башкы идеясы.

**коом** (түрк. *toplum*, ор. *общество*, анг. *society*) – кең маанисинде адамдардын жашоосунун тарыхый түрдө өнүгүп жаткан, жаратылыштан бөлүнүп чыккан материалдуу дүйнөнүн бөлүгү. Тар маанисинде – адам тарыхындагы белгилүү этап.

**коомдук болум жана коомдук аң-сезим** (түрк. *sosyal varlık ve sosyal bilinç*, ор. *общественное бытие и общественное сознание*, анг. *social being and social intelligence*) – коомго карата болгон философиянын негизги суроосун чечүү үчүн иштелип чыккан тарыхый материализмдин категориялары. Коомдук болум – бул коом пайда болушу жана өнүгүшү менен байланышкан адамдардын жаратылышка жана бири бирине жасаган материалдуу мамилелери. Коомдук аң-сезим – бул тарыхый процесстин рухий жагы, өзүнүн ички түзүлүшүнө ээ болгон бүтүндөй маанайдагы рухий кубулуш.

**коомдук келишим теориясы** (түрк. *sosyal sözleşme teorisi*, ор. *теория общественного согласия*, анг. *social contract theory*) – жарандык коомду мыйзам (жалпысынан укук дагы) жана мамлекет (жалпысынан бийлик) коомдук феномендерге карата келишимдин билип жасалган акттын натыйжасы катары караган коомдук-философиялык концепция.

**коомдук мамилелер** (түрк. *toplumsal ilişkiler*, ор. *общественные отношения*, анг. *social relations*) – коомдук топтордун арасында жана алардын ичинде түзүлгөн коомго таандык болгон ар түрдүү мамилелер.

**коомдук пикир** (түрк. *toplumsal görüş*, ор. *общественное мнение*, анг. *public opinion*) – абдан кең маанисинде элге билинген көз караштар жана жүрүм-турумдарды бүт коом же анын белгилүү бир бөлүгү тарабынан жактыруу же жактырбоо пикири.

**коомдук-экономикалык формация** (түрк. *sosyal-ekonomik oluşum*, ор. *общественно-экономическая формация*, анг. *socio-economic formation*) – коом боюнча марксисттик тео-

рия же тарыхый материализмдин негизги түшүнүгү. Менчик мамилелерине жараша өндүрүш жолдору коомдун пайдубалы катары каралып, тарыхта ошого жараша коомдук-экономикалык формация бири биринен айырмаланат.

**координация** (түрк. *koordinasyon*, ор. *координация*, анг. *coordination*) – ич ара байланыш түзүү, ылайыкташтыруу, төпкө келиштирүү.

**корреляция** (түрк. *ilişki*, ор. *корреляция*, анг. *correlation*) – түшүнүктөр, заттар, кубулуштардын бири-бирине баш ийгендиги, төп келишкендиги, ылайыкташкандыгы.

**космизм** (түрк. *kozmizm*, ор. *космизм*, анг. *cosmism*, грек. *cosmism*) – ирээттелген дүйнө, адамды «дүйнө жараны» катары караган ойго (киниктер, стоиктер, И. Кант, М.К. Мамардашвили) жана Космос жөнүндөгү билимге негизделген философиялык көз караш.

**космогония** (түрк. *kozmogoni*, ор. *космогония*, анг. *cosmogony*) – ирээттелген дүйнө, аалам жана жаралыш, төрөлүш. Күн системасынын планеталары, галактикалар, жылдыздар, жылдыздар топтору ж.б. кирген космостук телолор жана алардын системасынын пайда болуу жана өнүгүү маселелерин изилдеген астрономиянын бөлүгү.

**космология** (түрк. *kozmoloji*, ор. *космология*, анг. *cosmology*) – астрономиялык байкоо менен курчалган бүт Ааламдын түзүлүшүнүн жалпы мыйзам ченемдери жөнүндөгү окуу, дүйнө жөнүндө бүтүндөй бирдик катары жалпыланган көз караш.

**космополитизм** (түрк. *kozmopolit*, ор. *космополитизм*, анг. *cosmopolitism*) – бирдиктүү дүйнөлүк мамлекетти жана жарандуулук идеяны сунуш кылган, өзүнүн улуттук кызыкчылыктарын четке каккан, улуттук өзгөчөлүк, улуттук үрп-адат, салт, маданияттан кол үзгөн идеология.

**космос** (түрк. *uzay*, ор. *космос*, анг. *space*) – ирээттелген түзүлүш, кооздук, аалам. Дүйнөнү өзүнүн динамикасында имманенттүү мыйзам ченемдүүлүккө баш ийген, ирээттелген жана түзүлүшү боюнча системалуу түрдө уюштурулган

бүтүндүк катары кабыл алган көз караштты чагылдырган философиялык категория.

**космотеизм** (түрк. *kozmoteizt*, ор. *космотеизм*, анг. *cosmotheism*) – Кудай жана дүнүйө бирдикти түзөт деген окуу.

**коэволюция** (түрк. *birlikte evrim*, ор. *коэволюция*, анг. *coevolution*) – адамзаттын өнүгүүсүнүн жана келечек жашоосунун шарты катары саналган жаратылыш жана коомдун гармониялуу түрдө өнүгүшүнүн принциби.

**көйгөй** (түрк. *problem, sorun*, ор. *проблема*, анг. *problem*) – чечүүнү талап кылган милдет, маселе, проблема

**көйгөйлөштүрүү** (түрк. *sorunsallaştırılma*, ор. проблематизация, анг. *problematization*) – чечүү максатында маселелерди издеп табуу, кайсы бир нерсени, жагдайды проблемага айландыруу.

**көйгөйлүк** (түрк. *sorunlu*, ор. проблематичный, анг. *problematic*) – шектүү, күмөндүү, арсар, чечилиши божомолдуу.

**көйгөйлүү натуралар** (түрк. *sorunlu tabiyatlar*, ор. *проблематичные натуры*, анг. *problematic natures*) – эч бир абалга ыраазы болбогон адамдар, натыйжада – өмүрдүн куунагы сезилбейт (Гёте киргизген түшүнүк).

**көп маанилүү логика** (түрк. *çok değerli mantık*, ор. *многозначная логика*, анг. *multi-valued logic*) – чындыктын эки маанисинен тышкары башка да маанилери каралган логикалык тутумдардын жалпы аталышы.

**көтөрүңкү сезим** (түрк. *yüce hissi*, ор. *чувство возвышенного*, анг. *sublime feeling*) – заттар жана кубулуштардын бийиктигин, алардын ички маанилүүлүгүн көргөзгөн сезимди чагылдырган эстетиканын категориясы.

**креационизм** (түрк. *yaratılıcılık*, ор. *креационизм*, анг. *creationalism*) – лат. жаратуу. Дүйнөнүн Кудай тарабынан жоктон жаратылгандыгы тууралуу диний окуу. Теисттик диндер болгон иудаизм, христианчылык, исламга таандык.

**критерий** (түрк. *kriter*, ор. *критерий*, анг. *criterion*) – грек. пикир айтуу жолу. Бир нерсени классификация кылуунун, баа коюунун негизинде жаткан белги, көрсөткүч, баа коюунун ченеми.

**Кришна** (түрк. *Krishna*, ор. *Кришна*, анг. *Krishna*) – индуизмдеги Кудай, Вишну Кудайдын аватарасы. Индуизм мифологиясында даанышман хан – жоокер жана ыйык койчу образдарында көрсөтүлгөн.

**кубулуш** (түрк. *fenomen*, ор. *явление*, анг. *phenomenon*) – заттын тигил же бул көргөзүлүшү – маңызынын реализациясынын эмпирикалык түрдө констатацияланган, тышкы фиксацияланган формалары.

**кумулятивизм** (түрк. *kümülatif*, ор. *кумулятивизм*, анг. *cumulative*) – көбөйүү, чогулуу, билимдин тарыхый өнүгүшү чогулган чыныгы билимдин көлөмүнүн үстүнө акырындан жаңы билимдин кошулуусу аркылуу өкүм сүрөт деген илимдин тарыхы жана философиясындагы багыттардын позициялары.

**кусалык** (түрк. *nostalji*, ор. *ностальгия*, анг. *nostalgia*) – лат. ата мекенине болгон сагынуу, өткөндү сагынуу, экзистенциалдуу мүнөзгө ээ болгон туруктуу, узун мөөнөттү камтыган, терс психикалык кайгыруулардын комплекси.

**кырдаалдык методология** (түрк. *durumsal yöntem*, ор. ситуационная методология, анг *situational methodology*) – эпистемологиялык агымдарда, социологияда, клиникалык психологияда, этнографияда колдонулган индивидуалдуу субъекттердин, локалдык ой жүгүртүүлөрдүн талданышына багытталган илимдердин ортосундагы методология.

# Л

**лабилдүү** (түрк. *değişken*, ор. *лабильный*, анг. *labile*) – туруксуз, өзгөрүүгө жакын.

**ламаизм** (түрк. *tibet budacılığı*, ор. *ламаизм*, анг. *lamaism*) – Тибет, Кытайдын Ички Монголия, Монголия-

да жана Непал жана Индиянын кээ бир райондорундагы үстөмдүк кылган кийинки буддачылыктын формасы. Монахтары лама (башчы, улуу) деп аталышат. VIII кылымда Тибетте пайда болгон.

**Левиафан** (түрк. *Leviathan*, ор. *Левиафан*, анг. *Leviathan*) – суу жандыгы, машина, дөө, кит. 1651-ж. жарык көргөн Т. Гоббстун китебинин аты. Диний жана жарандык мамлекеттин бийлиги, формасы, материясы.

**легизм** (түрк. *kanuni*, ор. *легизм*, анг. *legism*) – мыйзам мектеби, мыйзамчылар. Байыркы Кытай философиясындагы алты негизги мектептин бири болуп саналат. Мыйзам алдында баары бирдей абалда дешкен.

**ли жана ци** (түрк. *Lee ve Chi*, ор. *ли и ци*, анг. *Lee and Chi*) – Кытай философиясындагы түшүнүктөр. Эгер Ли-принцип, мыйзам, негиз, ирет, мотив, форма дегенди түшүндүрүп жана идеалдуу, рухий, материалдуу эмес башатты билдирсе, ага карама каршы Ци – буу, дем, эфир дегенди түшүндүрүп, аны эң майда бөлүкчөлөр түрүндөгү дүйнөнүн пайдубалы деп белгилеген.

**ли эр** (түрк. *li er*, ор. *ли эр*, анг.*li er*) – «Лаоцзы» («Дао дэ цзин») аттуу этикалык трактатты түзгөн байыркы Кытай философу (б.з.ч. IV – III к.). Бул эмгек дүйнөнү түшүндүргөнгө, адамдын андагы ордун чагылдырганга жана чыныгы жакшынын жолу жөнүндө айтып берүүгө арналган.

**либерализм** (түрк. *liberalizm*, ор. *либерализм*, анг. *liberalism*) – эң оболу жеке эркиндикти, жеке баалуулуктарды баалоого багытталган коомдун реформасын көздөгөн идеялык багыт.

**либидо** (түрк. *libido*, ор. *либидо*, анг. *libido*) – каалоо, тартылуу, умтулуу маанисинде. Психоанализде сексуалдык тартылуу энергияны, жыныс инстинкттин, жыныс тартылуусун белгилөө үчүн түшүнүк.

**лидерлик** (түрк. *liderlik*, ор. *лидерство*, анг. *leadership*) – кайсы бир топтогу башчылар тарабынан аткарган пландоо, координациялоо жана контролдоо функциялары.

**лингвистикалык философия** (түрк. *dilbilim felsefesi*, ор. *лингвистическая философия*, анг. *linguistic philosophy*) – 1930-1960-жылдары арасында көбүнесе Улуу Британия, АКШ жана башка мамлекеттерде тараган аналитикалык философиянын багыттарынын бири. Табигый тилге философиялык талдоо жүргүзүү усулун биринчи жолу болуп Дж. Мур иштеп чыккан.

**логизм** (түрк. *mantıkçılık*, ор. *логизм*, анг. *logicism*) – тыянак, дүйнөнүн логикалуу түрдө иреттелүүсү жөнүндө окуу.

**логика** (түрк. *mantık*, ор. *логика*, анг. *logic*) – грек тилинен которгондо сөз, түшүнүк, ойлом, акыл деген маанин берет. Туура ой жүгүртүү операциялары жана мыйзамдары жөнүндөгү илим же формалдуу логика.

**логика алгебрасы** (түрк. *cebir mantığı*, ор. *алгебра логики*, анг. *the logic of algebra*) – логикалык тапшырмаларды алгебранын усулдук тутумдар аркылуу чечүү процесси.

**логикалык** (түрк. *mantıksal*, ор. *логический*, анг. *logical*) – эки логикалык маанилердин бирөөсүнө ар дайым төп келтирилген айтым.

**логикалык атомизм** (түрк. *mantıksal atomculuk*, ор. *логический атомизм*, анг. *logical atomism*) – реалдуулук талдоого алынбаган кээ бир логикалык атомдордон турат деген окуу. Бул окуу боюнча бүт башка онтологиялык субстанциялар (маңыздар) жана иш турумдары айтылуу логикалык атомдордон тузүлөт деп биринчи жолу Бертран Рассел айгинелейт.

**логикалык мыйзам** (түрк. *mantık yasası*, ор. *логический закон, или закон логики*, анг. *law of logic*) – ар бир предметтүү чөйрөдө чын болгон логикалык туруктуу жана өзгөрмөлүү абалдарды чагылдырган айтым же логиканын мыйзамы.

**логикалык позитивизм** (түрк. *mantıksal pozitivizim*, ор. *логический позитивизим*, анг. *logical positivism*) – илимий билимге болгон логикалык талдоо усулун жана верифика-

ция принцибине пайдубалданган эмпиризмди байланыштырууну аракеттенген неопозитивизм багыты 1920-жылдары пайда болгон.

**логикалык талдоо** (түрк. *mantıksal analiz*, ор. *логический анализ*, анг. *logical analysis*) – тил аркылуу берилген сүйлөмдөрдү формалдаштыруу жана тактоо үчүн, философиялык жана методологиялык маселелерди чечүү үчүн математикалык логиканын жолдорун колдонуу.

**логикалык талдоо философиясы** (түрк. *mantıksal analiz felsefesi*, ор. *философия логических рассуждений*, анг. *philosophy of logical analysis*) – философияны тилге болгон логикалык талдоо жана аны колдонуу учурунда пайда болгон маселелерди формалдуу (математикалык) логиканын жолдору менен чечкен азыркы учурдагы аналитикалык философиянын багыты.

**логикалык эмпиризм** (түрк. *mantıksal deneycilik*, ор. *логический эмпиризим*, анг. *logical empiricism*) – XX к. 20-30-жылдары Вена ийрими тарабынан түзүлгөн неопозитивизм багыты. Аңдап-билүүнүн негизги усулу катары методологиялык талдоону иштеп чыгат.

**логистика** (түрк. *mantıksal yöntem*, ор. *логистика*, анг. *logistic method*) – XX к. башында математикалык усулдар менен, өзгөчө, аксиоматизация жана формализация жолдору менен маселе чечүүчү логиканын аталышы.

**логицизм** (түрк. *mantıksalcılık*, ор. *логицизм*, анг. *logicism*) – математиканы логика менен чектеген концепция. Логицизм боюнча логика жана математика бир эле илимдин бөлүктөрү катары мамиледе турат.

**логос** (түрк. *logos*, ор. *логос*, анг. *logos*) – грек тилинен которгондо сөз, ой, акыл, мыйзам деген маанини билдирет. Дүйнөнүн эң жалпы мыйзамын, пайдубалын, анын иретин жана гармониясын чагылдырган термин.

**логотерапия** (түрк. *logoterapi*, ор. *логотерапия*, анг. *logotherapy*) – В. Франкл иштеп чыккан жашоонун маңы-

зын талдоого негизделген экзистенциялык психотерапиянын түрлөрүнүн бири.

**логоцентризм** (түрк. *logosantrizm*, ор. *логоцентризм*, анг. *logocentrism*) – Ж.Дерриданын культурологиялык концепциясынын түшүнүгү. Ж. Дерриданын ою боюнча, бут ааламдын жана коомдун мыйзамдары кайсы бир «Чындыкты» чагылдырып, чындыгында «Трансценденталдуу маанини» билдирет. Бул – Батыш логоцентрикалык салтка таандык болгон тенденция – ар бир нерседе ирет жана маанини табууга, биринчи себепти билүүгө, дегеле адамдын ою кайсы жакка багыт алса – ошол жерден маанини жана ireттүүлүктү көрүүгө болгон багыт.

**локалдуулук** (түрк. *yerelleştirme*, ор. *локализация*, анг. *localization*) – жергиликтүүлүк. Белгилүү бир орунга, чекитке, аймакка тиешелүү нерсе.

**локаята** (түрк. *lokayata*, ор. *локаята*, анг. *lokayata*) – санскрит тилинде дүйнө, бул дүйнөдөн келе жаткан маанисинде. Байыркы Индия философиясынын материализмге негизделген окуусу.

**лютеранчылык** (түрк. *lüthercilik*, ор. *лютеранство*, анг. *lutheranism*) – М. Лютер түзгөн протестантизмдин эң негизги багыттарынын бири.

# М

**магия** (түрк. *büyü*, ор. *магия*, анг. *magic*) – адамдардын максаттарына жетүү үчүн ар кандай табигый сырлардын күчүн пайдаланууга багытталган ар кандай жөрөлгө, ырым-жырым, ишеним.

**маданий детерминизм** (түрк. *kültürel determinizm*, ор. *культурный детерминизм*, анг. *cultural determinism*) – адамдын журүм-туруму биологиялык жана психологиялык факторлорго караганда маданий факторлор менен артыкча калыптанат деген көз караш.

**маданий инновациялар** (түрк *kültürel yenilikler*, ор. *культурные инновации*, анг. *cultural innovation*) – маданияттын мурунку өнүгүү этаптарында жок, бирок азыркы учурдагы маданияттын жалпы көрүнүштөрүндө пайда болуп, өнүгүп жаткан жаңы кубулуштар.

**маданият** (түрк. *kьltьr*, ор. *культура*, анг. *culture*) – жандуу организм; элдин материалдуу жана рухий жашоосунун жыйындысы; билим алуу, агартуу, өнүгүү жолдору.

**маданият таануу** (түрк. *kültür çalışmaları*, ор. *культурология*, анг. *cultural studies*) – адам жөнүндөгү коомдук жана гуманитардык билимдин ортосунда пайда болгон, өнүккөн жана маданиятты бүтүндүк жана адамдын болумунун моделдуулугу катары изилдеген илим.

**маданиятты демократиялаштыруу** (түрк. *kültürü demokratikleştirme*, ор. *демократизация культуры*, анг. *democratize culture*) – маданий түзүмдүн өзгөргөн жана жаңыланган түрү; жарандардын эркиндиктеринин жана укуктарынын кеңейүүсү менен мүнөздөлгөн саясий процесс.

**маданияттын диалектикасы** (түрк. *kültür diyalektiği*, ор. *диалектика культуры*, анг. *dialectic of culture*) – ар кандай маданиятка таандык болгон өнүгүү өзгөчөлүктөрү. Маданияттын ички карама-каршылыктар аркылуу өркүндөшү.

**маданиятты дифференциялоо** (түрк. *kültürel farklılaşma*, ор. *дифференциация культуры*, анг. *differentiation* of *cultures*) – мурун бир маданий түзүмдү түзүп өзгөчөлөнгөн, ар кандай маданияттардын обочолонуу, айрымалануу процесси.

**маданияттын коду** (түрк. *kültürel kodlar*, ор. *код культуры*, анг. *culture code*) – адамдын материалдуу жана рухий кыймыл-аракетинин натыйжасы болгон ар бир затында камтылган аныктоочу маанилердин жана белгилердин жыйындысы.

**мазмун жана форма** (түрк. *içerik ve biçim*, ор. *содержание и форма*, анг *the content and form*) – ар бир заттын, кубулуштун формасы (тышкы көрүнүшү) бар жана ал форманын мазмуну (ичиндегиси, эмне менен толтурулганды-гы) бар. Түшүнүктүн мазмуну – бул анын белгилеринин жыйындысы.

**майда буржуазия** (түрк. *küçük burjuvazi*, ор. *мелкая буржузия*, анг. *minor bourgeoisie*) – өзүнүн гана эмгеги менен жашаган шаарлардагы жана айылдардыгы майда жеке менчиги бара топ.

**майевтика** (түрк. *mayotik*, ор. *майевтика*, анг. *maieutics*) – грек тилинен сөзмө сөз – туудуручу өнөр (киндик энелик). Платондун диалогдорунда Сократ өзүнүн философиялык ой жүгүртүүсүнүн усулун ушул өнөр менен салыштырганды жакшы көргөн.

**майтрейя** (түрк. *maitreya*, ор. *майтрейя*, анг. *maitreya*) – буддачылык мифологиясында Бодхисатва жана Будда келечекте төрөлүп, дүйнөнү бактылуу башкаруусун ишке ашыруу керек деген көз караш.

**майя** (түрк. *maya*, ор. *майя*, анг. *maya*) – санскрит тилинде сыйкырчылык, мистификация, иллюзия деген маанини билдирет. Индиядагы диний жана философиялык ойдун универсалдуу түшүнүктөрүнүн бири. Космостук иллюзиялык жаратуучулуктун натыйжаларын жана күчүн билдирип, анын субъективдүү чагылдыруусунда заттардын чыныгы табияты билинбегендикке (авидья) мүнөздүү деген көз караш; жазма эстеликтерин калтырган Америкадагы жалгыз эл.

**макиавеллизм** (түрк. *machiavellizm*, ор. *макиавеллизм*, анг. *machiavelianism*) – бийликке жетүү жана аны сактап калуу үчүн ыйман эрежелерин тепселөөгө, карандай күчкө сыйынган саясат.

**макрокосмос жана микрокосмос** (түрк. *makrokozmos ve mikrokozmos*, ор. *макрокосмос и микрокосмос*, анг. *macrocosm and microcosm*) – чоң дүйнө жана кичине дүйнө.

Чоң дүйнө – бул бүт Аалам, кичине дүйнө – анын бөлүкчөсү болгон, жандуу, ойлонгон, жанга ээ болгон уюштурулган жандык, жаныбар же адам.

**максима** (түрк. *en yüksek*, ор. *максима*, анг. *maxima*) – бийик принцип, жалпы жашоонун эрежеси, эрктин субъективдүү принциби. И.В.Ф. Гётенин «Максималары жана ой ирмемдери», Ф. Ларошфуконун «Максималары» абдан белгилүү.

**максимум жана минимум** (түрк. *maksimum ve minimum*, ор. *максимум и минимум*, анг. *maximum and minimum*) – баарынан чоң жана баарынан кичине. Математикадагы эң жакын чекиттердин маанилерин салыштырганда функциянын баарынан чоң жана баарынан кичине маанилери.

**мальтусчулук** (түрк. *Maltus Teorisi*, ор. *мальтузианство*, анг. *Maltus theory*) – англиялык епископ Т. Р. Мальтус тарабынан XVIII к. иштелип чыккан теория. Калктын жашоо шарты анын көбөйүү, өсүү боюнча табигый мыйзамдары менен шартталат: анын санынын өсүүсү геометриялык, ал эми жашоо каражаттарынын өсүүсү – арифметикалык прогессияда өкүм сүрөт. Табигый жана коомдук кырсыктар (жер титирөө, ж.б. согуштар, эпидемиялар ж.б. апааттар) ушул мыйзам менен байланыштырылат.

**мамиле** (түрк. *ilişki*, ор. *отношение*, анг. *relationship*) – логикада сапатынан айырмалап бир затты мүнөздөбөстөн, эки, үч ж.б. сандагы заттарды мүнөздөгөндүк. Салттуу логика мамилени караган эмес; заманбап логикада мамиле – эки жана андан көп өзгөрмөлөрдүн пропозиционалдык функциясы.

**мамилелердин логикасы** (түрк. *ilişkiler mantığı*, ор. *логика отношений*, анг. l*ogic of relations*) – ар кандай табияттуу объектилердин ортосундагы мамилелерди изилдөөгө арналган логиканын бөлүгү.

**мамлекет** (түрк. *devlet, ülke*, ор. *государство*, анг. *state, country*) – белгилүү аймактагы коомдун турмушун уюштуруу менен алек болгон саясий институттардын түзүмү.

**Манас** (түрк. *Manas*, ор. *Манас*, анг. *Manas*) – кыргыз жоокердик эпосу. Кыргыздардын пайда болушу жөнүндө жана алардын Алтайдан Тян-Шанга көчүүсү, баатыр Манас жана анын чоролорунун жоокерчиликтери, көз карансыздыкка болгон согуштары, тынчтык орнотуу үчүн улуу аракеттери жөнүндөгү улуу эпикалык мурас. Эпосто кыргыз элинин салттуу философиялык ой-түшүнүктөрү, көз караштары туюнтулган.

**манихейчилик** (түрк. *maniheizm*, ор. *манихейство*, анг. *manicheism*) – III к. жакынкы Чыгышта пайда болуп, III-XI-к. Түндүк Африкадан Кытайга чейин тараган диний философиялык окуу. Мани аттуу легендардуу перстин диний окуусу. Бул окуу зороастризм, христианчылык жана гностицизмдин синтези болуп саналат.

**мантра** (түрк. *mantra*, ор. *мантра*, анг. *mantra*) – санскрит тилинде ыр, келме маанисинде. Байыркы Индия диний салтында кудайлар менен болгон сүйлөшүүлөрдүн магиялык вербалдык формуласы. Мантра жекеме-жеке устаттан шакиртке өткөзүү жолу менен өкүм сүрөт.

**маңыз жана кубулуш** (түрк. *öz ve fenomen*, ор. *сущность и явление*, анг. *essence and phenomenon*) – заттуу дүйнөнүн жалпыланган формаларын жана аларды адам тарабынан таанып-билүүсүн чагылдырган философиялык категориялар. Маңыз заттын болумунун ар кандай түрлүү жана карама-каршылыктуу формаларынын биримдигин билдирген ички түзүлүшү. Кубулуш болсо ошол ички маңыздын тышкы формадагы көрүнүшү. Бирок кубулуш эч качан бүт маңызды чагылдырбайт. Маңызды изилдеп, чагылдыруу – илимдин максаты.

**Марбург мектеби** (түрк. *Marburg okulu*, ор. *Марбургская школа*, анг. *Marburg school*) – Г. Коген жана П. Наторп тарабынан негизделген жана Э. Кассирер тарабынан колдоо тапкан неокантианчылыктагы багыт. Марбург мектеби билимдин таза логикалык, психологиялык эмес, эмпири-

калык эмес, априордуу жагын баса белгилеген. Психологизмге терс караган.

**маргиналдуулук** (түрк. *marjinallik*, ор. *маргинальность*, анг. *marginality*) – адамдын кайсы бир коомдук топтордун ортосунда тургандыгын, алардын чек аралында өкүм сүргөндүгүн билдирген түшүнүк.

**марксизм** (түрк. *marksizm*, ор. *марксизм*, анг. *marxism*) – К. Маркс жана Ф. Энгельс түзгөн философиялык, экономикалык жана саясий окуу. Немец классикалык философиянын (Г.В.Ф. Гегель, Л.А. Фейербах ж.б.), Англиядагы саясий-экономикалык окуунун (А. Смит, Д. Рикардо ж.б.) жана Франциядагы утопиялык социализм окууларынын (А. Сен-Симон, Ж.Б.Ж. Фурье ж.б.) негизинде К. Маркс жана Ф. Энгельс диалектикалык материализм, кошумча нарк теориясы жана илимий коммунизмди түзгөн марксизм теориясын иштеп чыгышкан.

**марксизм-ленинизм** (түрк. *Marksizm-Leninizm*, ор. *марксизм-ленинизм*, анг. *Marxism-Leninism*) – К. Маркс жана Ф. Энгельс тарабынан түзүлүп, В.И. Ленин тарабынан тереңделип иликтелген коомдук өнүгүүнүн эң жалпы мыйзамдары, социалисттик революциянын тарыхий ишке ашырылып, кайтпастыгы, пролетариаттын эл аралык тап күрөшүнүн стратегиясы жана тактикасы жөнүндө окуу.

**массалык аң-сезим** (түрк. *kitlesel bilinç*, ор. *массовое сознание*, анг. *mass consciousness*) – жалпыга маалымдоо каражаттарынын жана стереотиптеринин таасиринде калыптанып жаткан өнүккөн индустриалдуу коомдун карапайым жарандарынын жекелештирилбеген, шаблондуу аң-сезимин көргөзүү үчүн коомдук философияда колдонулган термин.

**массалык коом** (түрк. *kitle toplumu*, ор. *массовое общество*, анг. *mass society*) – массалык коом концепциясына жараша, азыркы учурдагы коомго төмөндөгүлөр таандык: 1. Көпчүлүк индивиддердин окшоштугу, индифференттүүлүгү, индивидуалдуулуктун жоктугу. 2. Эмгектин күн

сайын окшош болуп кайталанышы жана адамдан оолактанышы. 3. Диндин өз таасирлүүлүгүн жоготуусу, маанилүү ыйман баалуулуктарынын жоголуусу, ошону менен бирге массалардын (көпчүлүктүн) идеологиялык фанатизмге тартылышы. 4. Индивиддердин арасындагы байланыштардын күчүнөн тайышы жана тууганчылыктын таасиринин азайышы. 5. Массалардын саясий апатиясы жана алардын диктатура жана бюрократиялардын жагынан манипуляцияланышы. 6. Мданияттын – көркөм өнөр, адабият, философия жана илим – массалык, башкача айтканда, төмөн сапаттагы маданиятка айланышы.

**массалык маданият** (түрк. *popüler kültür*, ор. *массовая культура*, анг. *popular culture*) – XX к. маданияттын көрүнүшү. Айылдык коомдун кыйрашы, калктын массалык түрдө шаарга агып келиши, илимий-техникалык төңкөрүш менен калыптанган көрүнүш. Маданий көрүнүштөрдүн массалык түрдө жайылышы, маданий өндүрүмдөрдү пайдалануучу массалык аудиторияны пайда кылган маалымат, коммуникация, радио, телевидение ж.б. өнүгүшү.

**математикалык логика** (түрк. *matematiksel mantık*, ор. *математическая логика*, анг. *mathematical logic*) – XIX к. аягында XX к. башында салттуу логиканын ордуна келген заманбап логиканын аталышы. Логика илиминин азыркы учурдагы өнүгүшүндөгү этабында символикалык логика деген да термин колдонулууда.

**материалдуу** (түрк. *maddi*, ор. *материальный*, анг. *material*) – имматериалдуу нерсеге карама-каршы турган зат түрүндөгү нерсе. Формалдуууга карама-каршы турган мазмундун басым коюлган учуру.

**материалдык аныктоо** (түрк. *maddi açıklama*, ор. *материальное определение*, анг. *material definition*) – бул өзүнүн логикалык маанисиндеги аныктама эмес, аныктамада белгиленген чыныгы мазмунга тиешеси бар заттын аныктоосу.

**материализм** (түрк. *materyalizm*, ор. *материализм*, анг. *materialism*) – дүйнө материалдуу, объективдүү түрдө,

аң-сезимден тышкары жана андан көз карандысыз өкүм сүрөт, материя биринчи турат, аны эч ким жараткан жок жана ал түбөлүктүү, ал эми аң-сезим айтылуу материянын чагылышы, ал экинчи турат, материя менен калыптанат деген философиялык багыт.

**материя** (түрк. *madde*, ор. *материя*, анг. *matter*) – В.И. Ленин аныктагандай, «...адамга анын сезүүлөрүнө берилген, биздин сезүүлөрүбүз аркылуу көчүрүлгөн, фотографияланган, чагылдырылган, бирок ошол сезүүлөрдөн көз карандысыз өкүм сүргөн объективдүү реалдуулукту белгилөө үчүн колдонулган философиялык категория».

**материянын кыймылынын формалары** (түрк. *maddenin hareket bisimleri*, ор. *формы движения материи*, анг. *forms of matter movement*) – материянын (заттын) жөнөкөйдөн (механикалык, химиялык, биологиялык ж.б.) татаалдаштырылган (микромолекулярдуу ж.б.), табигый жана коомдук илимдердин ачылыштарына жараша өзгөчөлөнгөн материя кыймылынын бири-бири менен байланышта жана таасир этүүдө турган формалары.

**махаяна** (түрк. *mahayana*, ор. *махаяна*, анг *mahayana*) – (санскр. сөзмө сөз чоң колесница (чоң дөңгөлөктүү араба), түндүк буддачылык аттуу хинаяна менен бирге буддачылыктын эки негизги багыттарынын бири болгон багыт.

**махизм** (түрк. *Rus Machizm*, ор. *махизм*, анг. *Russian Machism*) – 1. Тар мааниде австриялык физик жана философ Махтын философиялык ойлорунун жыйындысы. 2. Кең мааниде XX к. башында Э. Мах, Р. Авенариус жана алардын шакирттери тарабынан түзүлгөн философия жана методологиядагы субъективдик-идеалисттик багыт.

**Мегар мектеби** (түрк. *Megara okulu*, ор. М*егарская школа*, анг. *Megarian school*) – байыркы грек философиясындагы сократчы мектептердин бири. Мегаралык Евклид тарабынан негизделген. Сократтын эң жакын шакирттеринен болгон. Мегар мектебине Евбулид, Стилпон жана Диодор Крон кирген.

**медитация** (түрк. *meditasyon*, ор. *медитация*, анг. *meditation*) – ар кандай элементтердин ортосунда пайда болуучу байланышты түзгөн кыймыл-аракет же шарт. Белгилүү бир убакытка кайсы бир тартипте ойго чөмүлүү.

**мезгил, убакыт** (түрк. *zaman*, ор. *время*, анг *time*) – дүйнөдө бир гана заттар (объекттер, предметтер) эмес, окуялар да бар экендигин, анын өкүм сүрүүсүнүн мүнөзүн, өзгөрмөлүгүн чагылдырган адам ойломунун фундаменталдуу түшүнүгү.

**мезгилдик логика** (түрк. *zamansal mantık*, ор. темпоральная/временная логика, анг. *temporal logic*) – заманбап логиканын бир бөлүгү. Убакыт жана убактылуу маалымат жөнүндө ой жүгүртүүнүн бардык ыкмаларын, ошондой эле алардын логикалык түзүмдүн алкагында формалдуу чагылдырылышын жана тар мааниде модалдык-логикалык типти белгилөө үчүн кеңири колдонулган. Убакыт факторун эсепке алуу дедуктивдүү ой жүгүртүү теориясын түзүүдө эң маанилүү методологиялык принципти, чындыктын конкреттүүлүк принцибин ишке ашырууга мүмкүндүк берет. Убактылык логика 1960-ж. тегерегинде А. Прайор тарабынан *Tense Logic* деген ат менен киргизилген, кийинчерээк көптөгөн логика жана компьютер илимпоздору тарабынан өнүктүрүлгөн.

**мейкиндик** (түрк. *uzay*, ор. *пространство*, анг. *space*) – заттардын биринин жанында бири жайгашкандыгын чагылдырган категория.

**мелиоризм** (түрк. *iyimserlik*, ор. *мелиоризм*, анг. *meliorism*) – латын тилинде жакшыраак маанисинде. Дүйнө таптакыр жаман да, жакшы да эмес, жакшылык менен жамандыктын мамилелери өзгөрүп турушу мүмкүн жана жакшылыктын салыштырмалуу түрдөгү эрки дүйнөнү жакшыраак кылышы мүмкүн деген ой.

**менталдуулук** (түрк. *zihniyet tarzı/düşünce tarzı*, ор. *ментальность*, анг. *mentality/the way of mentality*) – кайсы бир топтун, адамдын жалпы рухий багыттулугу, туруму, ойломунун образы.

**менталисзм** (түрк. *zihniyetçilik*, ор. *ментализм*, анг. *mentalism*) – индивидуалдуу акылдардын жана алардын субъективдик турумунун эксклюзивдик реалдуулугу боюнча метафизикалык теория.

**менталитет** (түрк. *zihniyet*, ор. *менталитет*, анг. *mentality*) – менталдуулук, жалгыз адамга же коомдук топко таандык болгон рухий турумдуулугунун жана акыл көнүмүштөрүнүн, ойлом образдарынын жыйындысы.

**менчик** (түрк. *sahiplik*, ор. *собственность*, анг. *property*) – бир нерсеге, буюмга же өндүрүш каражаттарына карата болгон ээлик формасы.

**меритократия** (түрк. *meritokrasi*, ор. *меритократия*, анг. *meritocracy*) – интеллектуалдык, ыйман ж.б. жактан кадыр-баркка жеткен эмгектин негизиндеги бийлик.

**металогика** (түрк. *meta-mantık*, ор. *металогика*, анг. *metalogic*) – илимий изилдөөлөрдүн касиеттерин, алардын курал жана усулдарын изилдеген логиканын бөлүгү. Илим логикасынын бөлүгү.

**метаморфоза** (түрк. *metamorfoz*, ор. *метаморфоза*, анг. *metamorphosis*) – грек тилинде башка образды алуу же башка формага өтүү деген мааниге ээ. Метампсихоза, жандардын бир жерден башка жерге көчүүсү, өлүмдөн кийин жандын башка жакка өтүүсү.

**метанаррация** (түрк. *üst anlatım*, ор. *метанаррация*, анг. *metanarration*) – же «метаайтуу», «метааңгеме», «чоң тарых». Ой жүгүртүүнүн белгилүү бир жолу, ар кандай коомдук институттарды, билимди «мыйзамдаштырган» жана маданияттагы үстөмдүккө, универсалдуулукка ээ болууга умтулган концепциялардын өкүм сүргөн феноменин өзүнүн мазмунунда бекиткен постмодернизм философиясынын түшүнүгү.

**метасындоо** (түрк. *meta/üst eleştiri*, ор. *метакритика*, анг. *metacriticism*) – сынды сындоо, сындын үстүнөн болгон сын.

**метатеория** (түрк. *metateori*, ор. *метатеория*, анг. *metatheory*) – кайсы бир башка теориянын тилин, түзүлүшүн жана сапаттарын изилдеген теория.

**метатил** (түрк. *üst dil*, ор. *метаязык*, анг. *metalanguage*) – объекттүү же заттуу деп аталуучу тилдин касиеттерин сүрөттөгөн жана изилдеген тил.

**метафизика** (түрк. *metafizik*, ор. *метафизика*, анг. *metaphysics*) – болумдун тажрыйбага таандык эмес, сезүүдөн өйдө болгон принциптери жөнүндө философиялык окуу; дүйнөнүн эң түпкү табияты, маңызы жөнүндөгү окуу. Кайсы бир мааниде «философиянын» түгөйү.

**метафизикалык этика** (түрк. *metafizik etik*, ор. *метафизическая этика*, анг. *metaphysical ethics*) – этикага метафизиканын бөлүгү катары кароо жана ошондуктан этикалык принциптер метафизикалык түшүнүктөрдөн келип чыгат жана этикалык түшүнүктөр метафизикалык түшүнүктөр менен аныкталат деген көз караш.

**метафора** (түрк. *metafor*, *mecaz*, ор. *метафора*, анг. *metaphor*) – жөнөкөй айтымды же түшүнүктү көркөм элес менен алмаштыруу (мис., чөлдүн кемеси); метафорикалык түрдө алмаштыруу маанисинде, көркөмдөп айтуу.

**методологизм жана антиметодологизм** (түрк. *yöntembilimi ve anti-yöntembilimi*, ор. *методологизм и антиметодологизм*, анг. *methodologism and anti-methodologism*) – илимий теориялардын өнүгүүсүндө методологиянын таасирин, маанисин түшүндүрүүдө карама-каршы көз караштар.

**методология** (түрк. *metodoloji*, ор. *методология*, анг. *methodology*) – теориялык жана практикалык иш-аракеттеринин түзүлүшүнүн жана уюштуруусунун жолдору жана принциптери жөнүндөгү окуу.

**методологиялык жүйөлөштүрүү** (түрк. *metodolojik tartışma*, ор. *методологическая аргументация*, анг. *methodological argumentation*) – далилденип жаткан концепцияга же негиз салынып жаткан айтымга жеткен ишенимдүү усулга пайдубалданган бүтүндөй концепцияны же жеке айтымды негиздөө.

**метриопатия** (түрк. *metriopathos*, ор. *метриопатия*, анг. *metriopathos*) – апатияга карама-каршы турган кыялдануудагы ченемдүүлүктү түшүндүргөн байыркы грек этикасынын түшүнүгү.

**механизм** (түрк. *mekanizma*, ор. *механизм*, анг. *mechanism*) – жаратылыштын мыйзамдары менен шартталган кыймылдардын ишке ашуусунун жолдору же куралдары жана да кыймылдардын же окуялардын системасы.

**механицизм** (түрк. *mekaniksilik*, ор. *механицизм*, анг. *mechanism*) – бүт кубулуштар механикалык принциптердин негизинде түшүндүрүлөт деген теория.

**Милет мектеби** (түрк. *Milet okulu*, ор. *Милетская школа*, анг. *Miletus school*) – Байыркы Грециядагы жана европалык философиялык салттагы биринчи философиялык мектеп.

**Миманса-сутра** (түрк. *Mimamsa Sutra*, ор. *Миманса-сутра*, анг. *Mimamsa Sutra*) – миманса-ведантанын жалпы салтынын мугалимдеринин бири деп эсептелген Джаймнинин миманса-сутранын жыйындысы. Индия философиясынын ортодоксалдуу философиясынын бири.

**Миманса-сутра-бхашья** (түрк. *Mimamsa Sutra - Bhashya*, ор. *Миманса-сутра-бхашья*, анг. *Mimansa Sutra-Bhashya*) – салттык полиформизмдин тарыхый кыймылындагы Индия маданиятынын текстеринин материалдарынын негизинде реконструкцияланууучу, философиянын табигый белгилеринин контекстиндеги жергиликтүү мүнөздөмөлөрүнүн көп түрлүүлүгү.

**мимесис** (түрк. *mimesis/taklit*, ор. *мимесис*, анг. *mimesis*) – грек тилинен которгондо тууроо, кайра түзүү, жаратуу дегенди түшүндүрөт. Сүрөтчүнүн көркөм чыгармачылыгынын негизин билдирген принцип.

**минцзя** (түрк. *mintzia*, ор. *минцзя*, анг. *mintzya*) – ат (аталыш) менен заттын (реалдуулуктун) дал келишин жана айырмасын логикалуу түрдө иштеп чыгуу менен алек бол-

гон б.з.ч. V-II к. пайда болгон Байыркы Кытай философиясындагы багыт.

**мистерия** (түрк. *gizemler, sırlar*, ор. *мистерии*, анг. *mysteries*) – чындап берилгендер гана катышкан байыркы диний ырым-жырымдар.

**мистика** (түрк. *mistik*, ор. *мистика*, анг. *mystic*) – сыйкырдуу күчтөргө ишенгендик, турмуштагы магиянын ар кандай формаларын, тажрыйбаларын түшүндүргөн жана жактаган доктриналар.

**мистицизм** (түрк. *mistisizm*, ор. *мистицизм*, анг. *mysticism*) – чыныгы реалдуулукту акыл менен аңдаганга мүмкүн эмес жана мистикада берилгендей, ал интуитивдүү жана экстатикалык жол менен гана аңдалат деген түшүнүктөр жана окуулар. Философиялык доктрина катары – интуитивизм жана иррационализмдин түрү деп айтылат.

**миф** (түрк. *efsane*, ор. *миф*, анг. *myth*) – жаратылыш кубулуштары, дүйнөнүн пайда болушу, легендардуу каармандар жана кудайлар жөнүндөгү байыркы элдик жомоктор, уламыштар, айтымдар; өткөн маанисинде: чындыкка келишпеген аңгеме; ойлонуп чыгарылган нерсе.

**мифология** (түрк. *mitoloji*, ор. *мифология*, анг. *mythology*) – адам тарыхынын алгачкы этаптарындагы дүйнөнү түшүнүү жолу. Каармандар жана кудайлардын иштери же дүйнөнүн жаралуусу жөнүндөгү окуу.

**мифологиялык мектеп** (түрк. *mitolojik okul*, ор. *мифологическая школа*, анг. *mythological school*) – романтизм доорундагы XIX к. фольклористика жана адабият таанууда пайда болгон илимий багыт. Анын философиялык пайдубалы катары бир тууган Шлегелдер жана романтик Ф.В.Й. Шеллингдин эстетикасы саналат.

**мнема** (түрк. *mnema*, ор. *мнема*, анг. *mneme*) – грек тилинде эстутум маанисинде. Р. Земон тарабынан киргизген термин. Э. Геринг эстутумду психикалык гана эмес, жалпы органикалык жөндөм деп санаган.

**модалдуулук** (түрк. *modalite*, ор. *модальность*, анг. *modality*) – латын тилинде ченем, жол дегенди билдирет. Тигил же бул көз караштан айтылган сөздөгү аныкталган байланышка баа берүү. Чындыгын, мүмкүндүгүн же зарылдыгын аныктоо.

**модалдык категориялар** (түрк. *modal kategori*, ор. *модальные категории*, анг. *modal categories*) – объекттердин мамилелеринин жана байланыштарынын мүнөзүн тигил же бул көз караш жагынан конкреттештирүүгө жардам берген түшүнүктөр.

**модалдык логика** (түрк. *modal mantık*, ор. *модальная логика*, анг. *modal logic*) – модалдык айтымдардын логикалык байланыштарын же модалдуулуктарды камтыган айтымдарды изилдеген логиканын бөлүгү.

**моделдештирүү** (түрк. *modelleme*, ор. *моделирование*, анг. *modeling*) – моделдерин изилдөө жана куруу жолу менен кайсы бир кубулуштарды, процесстерди жана объекттер системасын изилдөө.

**модель** (түрк. *model*, ор. *модель*, анг. *model*) – логика жана илим методологиясындагы концепциялык-теориялык түзүлүшүнүн, адам маданиятынын чыгармасынынын, жаратылыш же коомдук реалдуулуктун белгилүү фрагментинин ж.б. көчүрмөсү, оригиналдын аналогу (схемасы, түзүмү, белги системасы).

**модернизация** (түрк. *modernleşme*, ор. *модернизация*, анг. *modernization*) – бир нерсени заманбап шарттарга жараша өзгөртүү, жакшыртуу.

**модернизм** (түрк. *modernizm*, ор. *модернизм*, анг. *modernism*) – дүйнөнү көп түрдүү моделдештирүү мүмкүнчүлүгүн баса белгилеген интеллектуалдык ойду алдыга чыгаргандыгы менен айырмаланган, онтологиялык көп түрдүүлүк идеясы менен классикалык ой жүгүртүүдөн радикалдуу түрдө алыс болгон философиялык ой жүгүртүүнүн классикалык эмес түрү.

**модификация** (түрк. *değişiklik*, ор. *модификация*, анг. *modification*) – жашоо-турмуш жолун жана мүнөзүн өзгөртүү; модификациялоо – белгилүү ченемге чейин жеткизүү, өзгөртүү, чектөө.

**модус** (түрк. *modus*, ор. *модус*, анг. *modus*) – 1. Түр, ченем, жол. 2. Заттын ага табигый жактан таандык болгон касиетинен, атрибутунан айырмаланып кээ бир гана анын абалына таандык болгон касиетти билдирген философиялык термин.

**моизм** (түрк. *moizm*, ор. *моизм*, анг. *moism*) – кыт. Мо цзя, сөзмө-сөз которгондо Монун мектеби (Ди), тыйындар) маанисине клет. Философ Мо Динин (б.з.ч. V-IV к. башы) философиялык мектеби, уюму жана анын улантуучулары.

**мокша** (түрк. *mokşa*, ор. *мокша*, анг. *moksha*) – Индуизм дининин жана Индия философиясынын негизги категориясы. Сансара деп аталган чексиз дене алмашуулар менен мүнөздөлгөн эмпирикалык турмуштун кырсыктарынан бошонгон акыбал, адамдын умтулууларынын бийик максаты.

**монада** (түрк. *monad*, ор. *монада*, анг. *monad*) – болумдун фундаменталдуу элементтерин белгилөө үчүн колдонулган классикалык жана классикалык философиядан мурунку түшүнүк. Г.В. Лейбниц окуусунун негизги түшүнүгү.

**монадология** (түрк. *monadoloji*, ор. *монадология*, анг. *monadism*) – философиялык системасынын негиздерин кеңири түшүндүргөн Г.В. Лейбництин окуусу.

**монизм** (түрк. *monizm*, ор. *монизм*, анг. *monism*) – дүйнөнүн кубулуштарынын көп түрлүүлүгүн бүт өкүм сүргөн нерселердин бирдик, жалгыз башатынын жарыгында кароо.

**монолог** (түрк. *monolog*, ор. *монолог*, анг. *monologue*) – диалог иретинде сүйлөшүүгө карама-каршы болгон жалгыз адамдын сөзүн, айтканын чагылдырган түшүнүк.

**монотеизм** (түрк. *tektanrıcılık*, ор. *монотеизм*, анг. *monotheism*) – жалгыз Кудай жөнүндөгү окуу, жалгыз, бир Кудайга ишенүү. Монотеисттик диндерге иудаизм, ислам жана христианчылык кирет.

**моралдык ченем (**түрк. *ahlaki norm*, ор. *моральная норма*, анг. *moral norm*) – ыйман милдеттеринин эң жөнөкөй формаларынын бири. Эки жактуу болуп, бир жагынан ыйман аң-сезиминин формасы катары, экинчи жагынан ыйман мамилелеринин элементи катары өкүм сүрөт.

**моралдык принцип** (түрк. *ahlaki ilke*, ор. *моральный принцип*, анг. *moral principle*) – ыйман эркин калыптоочу ар бир принцип, мис. сүйүнүү, рахаттануу (гедонизм), бактылуулук (эвдемонизм), пайда келтирүү (утилитаризм), табигый умтулууларга канаатануу (этикалык натурализм), мыктылык (эвфоризм) принциптери ж.б.

**мотив** (түрк. *dürtü,* ор. *мотив*, анг. *motive*) – кыймылдаткыч күч, себеп. Мотив кыймыл-аракетти калыптабайт, ал кыймыл-аракеттин «ичинде жана контурунда өзүн көргөзөт» (Сартр).

**мотивация** (түрк. *motivasyon*, ор. *мотивация*, анг. *motivation*) – жаныбар же адамдын кайсы бир максат көздөгөн кыймыл-аракетин багыттаган жана калыптаган ички факторлордун системасы.

**муктаждык** (түрк. *ihtiyaç*, ор. *нужда*, анг. *need*) – активдүүлүгүнүн ар кандай формасынын башаты катары болгон жана жашоо шарттарынын объективдүү мазмунунан көз карандыклыкты билдирген коомдук топтордун, коомдун, инсандын, организмдин ал-акыбалы.

**мутазилиттер** (түрк. *mütezile*, ор. *мутазилиты*, анг. *mutazelites*) – араб тилинде бөлүнүп чыккан деген мааниде. Араб халифатында VIII-IX к. пайда болгон Ислам теологиясынын рационалисттик багыты.

**муун** (түрк. *nesil*, ор. *поколение*, анг. *generation*) – коомдун тарыхындагы жана жаш-курагы боюнча бөлүнгөн түзүлүшүнүн ар кандай аспекттерин билдирген термин.

**мүмкүндүк** (түрк. *imkan*, ор. возможность, анг. *ability*) – ар бир турмуштук кубулуштарда орун алган өнүгүүнүн багыты. Бул тенденцияларды мүмкүндүк гана катары түшүндүрсө болот.

**мүмкүндүк жана чындык** (түрк. *imkan ve gerçeklik*, ор. возможность и действительность, анг. *possibility and reality*) – заттардын, кубулуштардын, жалпысынан, айлана-чөйрөнүн өзгөрүү жана өнүгүүсүндөгү эки негизги этапты мүнөздөгөн бири бирине салыштырылган философиялык категориялар.

**мүнөз** (түрк. *karakter/seciye*, ор. *характер*, анг. *character*) – белги, так, өзгөчөлүк деген маанини билдирет. Бир нерсени башка нерседен бөлүп көрсөтүп турат. Психологияда жеке адамдын жашоосунун рухий өзгөчөлүгү. Ал өзгөчөлүк адамдын психикалык жашоосундагы аракеттерден, абалынан жана ошондой эле өнөкөтүнүн мүнөзүнөн көрүнөт.

**мүнөздүүлүк** (түрк. *aidiyet*, ор. *свойственность*, анг. *peculiarity*) – бир нерсе же кубулуштун касиетин чагылдыруу.

**мыйзам** (түрк. *yasa*, ор. *закон*, анг. *law*) – заттардын, кубулуштардын ички, түпкү, кайталанма байланыштарын чагылдырган философиялык категория.

# Н

**нагыз** (түрк. *öz*, ор. *сущее*, анг. *essence*) – заттардын чыныгы ал-акыбалын чагылдырган түшүнүк.

**наитивизм** (түрк. *naitivizm*, ор. *наитивизм*, анг. *naitivism*) – аңдап-билүүнүн мистикалык жана диний мүнөзү жөнүндөгү окуу. Бул окууда чындык рационалдуу жана логикалуу түрдө ачылбайт. Ал адамга күтүүсүз, даярдыксыз, бир көз ирмемде боло турган эргүү же аян аркылуу берилет деген окуу.

**нарциссизм** (түрк. *narsizm*, ор. *нарциссизм*, анг. *narcissism*) – либидонун өзүнө, өзүнүн Мен дегенине тышкы объектке катары байлангандыгы, берилгендиги. Өз сулуулугуна машыркоо.

**настика** (түрк. *nastika*, ор. *настика*, анг. *nastika*) – санскр. тилинде атеист адам же кудайларга, идолдорго жалынбаган, ишенбеген жана аларды кабыл албаган адам.

**натурализм** (түрк. *naturalizm/doğalcılık*, ор. *натурализм*, анг. *naturalism*) – табигый, тубаса – XIX к. жарымынан кийин коомдун мыйзамдарын жаратылыштын мыйзамдары менен окшоштурган жана реалдуулукту түзмө түз, сыртынан окшош кылып чагылдырган адабиятта жана көркөм өнөрдө пайда болгон багыт.

**натуралисттик этика** (түрк. *naturalistik etik*, ор. *натуралистическая этика*, анг. *naturalistic ethics, ethical naturalism*) – этика – бул эмпирикалык илим (табигый, коомдук же гуманитардык), этикалык түшүнүктөр табигый илимдердин түшүнүктөрү менен чектелет жана этикалык маселелер ушул илимдердин негизинде чечилет деген этикалык теория.

**натурфилософия** (түрк. *doğa felsefesi*, ор. *натурфилософия*, анг. *natural philosophy*) – өзүнүн автохтондуулугунда түшүндүрүлүшү керек деген жаратылыш, табийгаттын философиялык концепциясы.

**негация** (түрк. *olumsuzluk*, ор. *негация*, анг. *negation*) материализмдеги антитезис, тезистин негациясы (тануусу); тануу ар бир затта, ар бир кыймылда өкүм сүрөт.

**негиз** (түрк. *temel*, ор. *основа*, анг. *foundation*) – кайсы бир нерсинин, кубулуштун таянычы, пайдубалы, себеби.

**немец идеализми** (түрк. *alman idealizmi*, ор. *немецкий идеализм*, анг. *german idealism*) – 1. И. Канттан Г.В.Ф. Гегелге чейин өкүм сүргөн немец философиясынын өнүгүү мезгили. 2. Негизги философиялык багыттардын бири.

**немец классикалык философиясы** (түрк. *alman klasik felsefesi*, ор. *немецкая классическая философия*, анг.

*german classic philosophy*) – немец философиялык ойлорунун XVIII кылымдан XIX к. ортосуна чейин өкүм сүргөн белгилүү мезгили. И. Кант, И. Г. Фихте, Ф.В.Й. Шеллинг жана Г.В.Ф. Гегель тарабынан иштелип чыккан окуулар менен мүнөздөлөт.

**немец классикалык эстетикасы** (түрк. *alman klasik estetiği*, ор. *немецкая классическая эстетика*, анг. *german classic aesthetics*) – XVIII к. аягынан XIX к. биринчи жарымына чейин өнүккөн ой-түшүнүк, көз караштардын тутуму. Бул мезгилде адамдын эстетикалык кыймыл-аракетинин жана көркөм өнөрүнүн табиятын аңдоого арналган И. Кант, И.К.Ф. Шиллер, Ф.В.Й. Шеллинг жана Г.В.Ф. Гегелдин бири бирин улантуучу концепциялары жаралган.

**немец теологиясы** (түрк. *alman teolojisi*, ор. *немецкая теология*, анг. *german theology*) – XIV к. Саксонияда пайда болгон жана М. Лютерге чоң таасирин тийгизген рухий мазмунга ээ болгон мистикалык чыгарма. М. Лютер аны «Немец теологиясы» деп 1518-ж. басып чыгарган.

**немец транцендենталдык-сын философиясы** (түрк. *alman transandantal eleştirel felsefesi*, ор. *немецкая трансцендентально-критическая философия*, анг. *german transcendental-critical philosophy*) – немец жана Батыш Европалык философиялык ойлордун ээлери И. Кант, И. Г. Фихте, Ф.В.Й. Шеллинг, Г.В.Ф. Гегель болгон XVIII к. жарымынан XIX к. биринчи жарымына чейин өкүм сүргөн этабы.

**немец философиясы** (түрк. *alman felsefesi*, ор. *немецкая философия*, анг. *german philosophy*) – жалпы Батыш Европалык аристотелдик-платондук-христиандык философиясынын бөлүгү.

**неовитализм** (түрк. *neovitalizm/yenivitalizm*, ор. *неовитализм*, анг. *neovitalism*) – витализмдин мурунку версияларынан айырмаланып, 1856-ж. Р. Вирхов тарабынан киргизилген термин.

**неодаосизм** (түрк. *neodaosizm/yenidaosizm*, ор. *неодаосизм*, анг. *neodaosism*) – III-IV к. пайда болгон даосизм философиясын кайра жанданткан Кытай философиясынын багыты.

**неодетерминизм** (түрк. *neodeterminizm/yenideterminizm*, ор. *неодетерминизм*, анг. *neodeterminism*) – детерминизм феноменин интерпретациялоонун жаңы версиясы.

**неокантчылык** (түрк. *neokantçılık/yenikantçılık*, ор. неокантианство, анг. *neo-Kantianism*) – XIX к. экинчи жарымы XX к. башында пайда болгон И. Канттын философиясын кайра жандантууга аракеттенген философиялык багыт. Жалпы принциптери: канттык дуализмди чечүү, аңдап-билүүнүн априордук (тажрыйбадан тышкары болгон) мүнөзүнө басым кылуу.

**неоклассицизм** (түрк. *neoklasizm*, ор. *неоклассицизм*, анг. *neoclassicism*) – XIX к. экинчи жарымында XX к. антикалык, Ренессанс жана классицизм өнөрүнүн классикалык салтына таянган көркөм багыттарынын жалпы аты.

**неоконфуцийчилик** (түрк. *neokonfüçyüsçülük/yenikonfüçyüzçülük*, ор. *неоконфуцианизм*, анг. *neokonfutsianism*) – классикалык конфуцийчиликтен кийин Сун династиясында (960-1279) пайда болуп, Мин династиясында (1368-1644) өнүккөн Кытай философиялык ой тарыхындагы философиялык багыт.

**неомарксизм** (түрк. *neomarksizm/yenimarksizm*, ор. *неомарксизм*, анг. *neomarxism*) – XX к. реалийлерине марксизмди адаптациялоо аракети менен мүнөздөлгөн бир жактуу эмес, карама-каршылыктуу философиялык жана социологиялык агым.

**неоплатонизм** (түрк. *yeniplatonculuk/neoplantonculuk*, ор. *неоплатонизм*, анг. *neoplatonism*) – байыркы платонизмдин өнүгүүсүндөгү акыркы этап.

**неопозитивизм** (түрк. *yenipozitivizm/neopozitivizm/mantıksal pozitivizm*, ор. *неопозитивизм*, анг. *neopositivism*) – же логикалуу позитивизм (логикалуу эмпиризм), математика-

лык логиканын техникалык аппаратын кенен колдонуусу менен позитивисттик философиянын негизги эрежелерин бириктирген XX к. философиянын негизги багыттарынын бири.

**неопрагматизм** (түрк. *neopragmatizm/yenipragmatizm*, ор. *неопрагматизм*, анг. *neopragmatism*) – Рортинин чыгармачылыгы менен байланыштырылган прагматизмдин ретроспективдүү философиялык чечмелөөнүн концепциялык түшүндүрүлүшү жөнүндөгү окуу.

**неорационализм**(түрк.*neorasyonalizm/yenirasyonalizm*, ор. *неорационализм*, анг. *neorationalism*) – «жаңы илимий акыл» же «жаңы илимий рухтун» баалуулуктарын иштеп чыгууга негизделген 1940-1970-ж. аралыгында калыптанган европалык, көбүнесе француз тилиндеги философиядагы багыт.

**неореализм** (түрк. *neorealizm/yenirealizm*, ор. *неореализм*, анг. *neorealism*) – философиялык изилдөөлөрдөгү жөнөкөйлөтүп тыянак чыгарууга каршы турган XX к. философиялык агым.

**неосхоластика** (түрк. *neoskolastisizm/yeniskolastisizm*, ор. *неосхоластика*, анг. *neoscholasticism*) – орто кылым схоластикасын реставрациялоого умтулган ар кандай диний (өзгөчө, католиктик, кээ бирде протесттанттык) философиялык агымдарды бириктирген түшүнүк.

**неотомизм** (түрк. *neotomizm/yenitomizm*, ор. *неотомизм*, анг. *neothomism*) – Лев XIII папанын энцикликасында 1879-ж. жалгыз анык философия деп жарыяланган Фома Аквинскийдин окуусуна негизделен католицизмдеги таасирдүү мектеп.

**неофрейдизм** (түрк. *neofreudçuluk/yenifreudçuluk*, ор. *неофрейдизм*, анг. *neofreudism*) – 1930-ж. аягында ортодоксалдуу фрейдизмден бөлүнүп чыккан жаңы агымдарды билдирген түшүнүк.

**неоэволюционизм** (түрк. *neoevrimcilik/yenievrimcilik*, ор. *неоэволюционизм*, анг. *neoevolutionism*) – XIX к. эво-

люционизм идеяларын модификациялаган заманбап социология, культурология жана коомдук антропологиядагы теориялар. Өкүлдөрү Л. Уайт, Г. Чайлд, Дж. Стьюард, М. Салинс, Э. Сервис ж.б.

**нерсе** (түрк. *eşya, nesne*, ор. *вещь*, анг. *thing, object*) – 1. Кайсы бир зат, кайсы бир предмет, кайсы бир кубулуш. 2. Белгилүү эмес болсо да, өзүнчө сөз болгон бир нерсе.

**нигилизм** (түрк. *nihilizm*, ор. *нигилизм*, анг. *nihilism*) – лат. эч нерсе маанисинде. Идеалдардын, моралдык эрежелердин, маданияттын, коомдук жашоо формаларынын жалпы кабыл алынуучу баалуулуктарын тануу.

**Никомах этикасы** (түрк. *Nikomachos'a Etik*, ор. *Никомахова этика*, анг. *Nicomachean Ethics*) – Аристотелдин «Евдемов этика» жана «Чоң этика» аталган этикалык чыгармалары менен чогуу болгон «Никомах этика» чыгармасы.

**нирвана** (түрк. *nirvana*, ор. *нирвана*, анг. *nirvana*) – (санскр. сөзмө сөз – өчүү) – буддизм, джайнизм диний философиясынын негизги түшүнүгү. Бул термин аркылуу рухтун эң бийик акыбалы, сансара чынжырынан бошонуусу билдирилет. Бул акыбалда адам бүт кыялдарынан, сезимдеринен, пенделик тартуулаларынан бошонот, кутқарылат.

**номадология** (түрк. *nomadology*, ор. *номадология*, анг. *nomadology*) – Ж. Делез жана Ф. Гваттари тарабынан 1970-жылдары сунуш кылынган дүйнөгө болгон жаңы көз караш.

**номинализм** (түрк. *nominalizm*, ор. *номинализм*, анг. *nominalism*) – универсалийлердин (жалпы түшүнүктөрдүн) онтологиялык маанисин танган, же алар реалдуулукта эмес, бир гана ой жүгүртүүдө өкүм сүрөт деген философиялык окуу.

**номонологиялык айтым** (түрк. *nomolojik önerme*, ор. номологическое высказывание, анг. *nomological proposition*) – жаратылыштын мыйзамын чагылдырган түшүнүк.

**номос** (түрк. *nomos*, ор. *номос*, анг. *nomos*) – укуктук ирееттүүлүк, мыйзам тарабынан талап кылынган ирет-түүлүк.

**номотетикалык илим** (түрк. *nomotetik*, ор. *номотетическая наука*, анг. *nomothetic*) – грек. мыйзамдарды чыгаруу, орнотуу маанисинде. Жалпы, универсалдуу илимий мыйзамдарды ачууну негизги максат катары койгон илим.

**номотетикалык усул** (түрк. *nomotetik yöntemi*, ор. *номотетический метод*, анг. *nomothetic method*) – И. Канттын окуусунда аңдап-билүүнүн мыйзам жана эрежелерин түзүүдө акылдын мыйзам чыгаруу кыймыл-аракетинин жолу.

**ноология** (түрк. *nooloji*, ор. *ноология*, анг. *noology*) – рухтун «өзүнүн болумунун ичиндеги» турмушуна, анын «өз алдынча өкүм сүргөн бөтөнчө» чөйрөсүнө мамилеси бар деген Р. Эйкендин усулу.

**ноосфера** (түрк. *noosfer*, ор. *ноосфера*, анг. *noosphere*) – өнүгүүнүн калыптандыруучу фактору катары келип чыккан адамдын акыл менен коштолгон кыймыл-аракети орун алган жаратылыш жана коом ортосундагы ич ара байланыш чөйрөсү.

**ноумен** (түрк. *numen*, ор. *ноумен*, анг. *noumenon*) – сезим менен кабыл алынган объект катары феноменден айырмаланып, интеллектуалдуу кароонун предмети, акыл менен аңдоочу маңызды билдирген идеалисттик философиянын түшүнүгү. Объективдүү идеализм окууларына мүнөздүү.

**ноэзис жана ноэма** (түрк. *noesis ve noam*, ор. *ноэзис и ноэма*, анг. *noesis and noam*) – грек. ой жүгүртүү, аңдап билүү, түшүнүү, ой. Аңдап-билүү теориясына таандык болгон Платон жана Аристотелдин философиясынын терминдери. Феноменологияда колдонулат.

**ноэтика** (түрк. *noetika*, ор. *ноэтика*, анг. *noetika*) – ой жүгүртүү жөнүндө окуу, аңдап-билүү жөнүндө теория.

**нөлдүк даража** (түрк. *sıfir derece*, ор. *нулевая степень*, анг. *zero degree*) – гиперинтерпретациянын (өтө чоюлтуп түшүндүрүүнүн) чектүүлүгүн (Эко), гиперреалдуулукту же симулякрды (Бодрийяр), мифологиялуулуктун калп референционалдуулугун (мамилелүүлүктү) (Р.Барт) билдирген постмодерн философиясынын түшүнүгү.

**нус** (түрк. *akıl*, ор. *нус*, анг. *nous*) – грек. акыл, ой, рух маанисинде. Дискурсивдик акылдуу билимден айырмаланган туюмдук билим принциби, космос жана адамдагы аң-сезим жана өзүн аңдоо сезиминин башаты, байыркы грек философиясынын термини.

**ньяя-бхашья** (түрк. *nyaya-bhaşya*, ор. *ньяя-бхашья*, анг. *nyaya-bhashya*) – IV-V к. түзүлгөн «Ньяя сутра» чыгармага болгон биринчи жана ченемдик түшүндүрмө.

**ньяя-сутра** (түрк. *nyaya sutra*, ор. *ньяя-сутра*, анг. *nyaya sutra*) – санскр. III–IV к. түзүлгөн ньяя философиялык системасынын негизги тексти. Бирок көпчүлүк сутралар кийин дагы кошулган.

# О

**обочолотуу** (түрк. *münferit*, ор. *обособление*, анг. *isolation*) – адамдын коомдук турмуштан четтөөсү, бардык коомдук суроо-маселелерге кайдыгер мамиле жасоо.

**объект** (түрк. *nesne, obje*, ор. *объект*, анг. *object*) – адамдын (субъекттин) аң-сезиминен тышкары жана ага көз карандысыз жашоочу көрүнүш, нерсе. Философияда объекттер таанып-билүү процессинде түшүнүлүп, колдонулат.

**объективдештирүү** (түрк. *nesneleştirme*, ор. *объективация*, анг. *objectivation*) – предметтештирүү, субъективдүү абал катарында пайда болгон сезимдин объекттин кабыл алышына которулгандыгын чагылдырган ой процесси.

**объективдүү** (түрк. *nesnel, objektif*, ор. *объективный*, анг. *objective*) – субъективдүү пикирден көз карандысыз жана реалдуу чындыкка таянган көз караште болуу; объ-

ективдүү болуу, демек бир нерсе же кубулушту кабыл алганда ар тараптуу ой пикирлерден жогору болуу.

***объективдүү рух*** (түрк. *nesnel tin*, ор. *объективный дух*, анг. *objective spirit*) – объективдүү идеалисттик философиядагы дүйнөнүн башаты катарында каралган феномен; аталган философияда объективдүү рух дүйнөнүн башатын түзөт.

**объективдүү чындык** (түрк. *nesnel gerçek*, ор. *объективная реальность*, анг. *objective reality*) – адамдын аң-сезимине көз карандысыз жашаган жаратылыш, материя; демек, өзүнө өзү жетиштүү реалдуулук.

**объективдүүлүк** (түрк. *nesnellık, objektiflik*, ор. *объективность*, анг. *objectivity*) – субъективдүү пикирден көз карандысыз жана реалдуу чындыкка таянган көз караш; нерсенин же кубулуш-процесстердин накта маани-маңызын билүү үчүн негиз.

**объективизм** (түрк. *objectivism*, ор. *объективизм*, анг. *objectivism*) – таанып-билүү процессинде реалдуу нерселерди, алардын касиеттерин жана мамилелерин түшүнүүгө мүмкүн деп эсептеген эпистемологиянын багыты.

**ой** (түрк. *idea/fikir* ор. *мысль*, анг. *idea*) – объективдүү кубулуштар же болбосо субъекттер тууралуу пикир; ой – бир гана адамдын аң-сезиминде жаралат жана түрдүү багыттагы пикирлердин негизин түзөт.

**ой корутунду** (түрк. *çıkarım*, ор. *умозаключение*, анг. *inference*) – ой жүгүртүү формаларынын бири, анын жардамы менен бир же бир нече өкүмдөн жаңы ой курулат.

**ойлом** (түрк. *fikir/görüş*, ор. *суждение*, анг. *opinion/judgement*) – пикир түзүү, ойлоонун таанып-билүүчүлүк формаларынын бири; ойлом – ой жүгүртүүнүн негизги элементи.

**ой жүгүртүү** (түрк. *düşünme*, ор. *мышление*, анг. *thinking*) – объективдүү реалдуулуктун көрүнүштөрү жана субъекттер жөнүндө ойлоо; ой жүгүртүү адамдын интеллектке ээ болгонунун белгиси.

**ойдогу элес** (*түрк. zihinsel imaj*, ор. *мысленный образ*, анг. *mental image*) – адамдын аң-сезиминде ойлоо аркылуу пайда болгон элес.

**окказионализм** (түрк. *okasyonalizm*, ор. *окказионализм*, анг. *occasionalism*) – XVIII к. дене менен жандын өз ара байланышын Кудай аркылуу түшүндүргөн жана картезианчылык дуализмин өнүктүргөн диний идеалисттик окуу.

**оккамизм** (түрк. *ockhamizm*, ор. *оккамизм, терминизм*, анг. *ockhamism*) – XIV к. У. Оккамдын философиясынын негизинде багыт алган философиялык агым; У. Оккам сыяктуу анын жолдоочулары Аристотелдин философиясын христиан теологиясы менен биригүүсү болушу мүмкүн эмес деп эсептешкен.

**оккультизм** (түрк. *doğaüstü güçlere inanma*, ор. *оккультизм*, анг. *occultism*) – жаратылышта жашырын, түшүнүксүз, сыйкыр күчтөрдүн бар экендигин жана алар менен тандалган адамдар катыша ала тургандыгын үгүттөөчү реакциячыл теория.

**окцидент** (түрк. *batı*, ор. *окцидент*, анг. *occident*) – асмандын күн батуучу жагы, жалпысынан батыш, христиан дүйнөсү.

**окшоштук** (түрк. özdeşlik, ор. *тождество*, анг. *identity*) – өзүндөйлүк, нерсе же кубулуштардын бири бирине кебетелештигин чагылдырган философиялык-логикалык түшүнүк.

**окшоштукту негиздөө** (түрк. *özdeşlik gerekçelendirmesi*, ор. *обоснование тождества*, анг. *justification of the identity*) – кебетелештик негиздөө – жалпы логикалык принциптердин бирөөсү; принципке карата ой жүгүртүү процессинде бир аныкталган формада чагылдырылган жана бир мааниге ээ болгон ойломдун алгачкы формасы сакталышы абзел, демек өзүнө өзү окшош болушу зарыл.

**окшоштуруу абстракциясы** (түрк. *özdeşlik soyutlaması*, ор. *абстракция тождества*, анг. *identity abstraction*) – кебете-

лештиктин негизинде калыптанган абстракция – абстракттуу түшүнүктөрдүн калыптанышын бириктирүү аркылуу жаратуу.

**олигархия** (түрк. *oligarşi*, ор. олигархия, анг. *oligarchy*) – бай коомдук катмар.

**онтогенез** (түрк. *doğuş*, ор. *онтогенез*, анг. *ontogenesis*) – жеке өсүмдүк же жаныбар организминин өсүп-өнүгүшү.

**онтология** (түрк. *varlık felsefesi*, ор. *онтология*, анг. *ontology*) – болум жөнүндөгү философиялык окуу.

**онтологиялык жүйө** (түрк. *ontolojik kanıt*, ор. *онтологический аргумент*, анг. *ontological argument*) – онтологиялык далилдөө дүйнөнү байкоо аркылуу эмес, себебин аныктоо аркылуу жүргүзүлөт.

**оң логика** (түрк. *pozitif mantık*, ор. *позитивная логика*, анг. *positive logic*) – туура логика, позитивдүү далилдөөлөрдү колдонгон логика.

**операционализм** (түрк. *işlemselcilik*, ор. *операционализм*, анг. *operationalism*) – прагматизм менен махизмден келип чыккан субъективдүү идеалисттик агым. Теориялык жана эмпириялык ойломдордун илимий критерийи катарында операциялык кайра түзүүнү кабыл алган XX к. илим философиясынын агымы.

**оппозиция** (түрк. *muhalefet*, ор. *оппозиция*, анг. *opposition*) – саясатта бийликте турган партияга же болбосо көпчүлүк колдогон пикирге каршы чыккан топ.

**оппортунизм** (түрк. *oportünizm*, ор. *оппортунизм*, анг. *opportunism*) – саясат менен экономикада жана саясат таануда колдонулган түшүнүк; пайда көрүүнүн негизинде келишимдин эрежелерин бузуу.

**оптимизм** (түрк. *iyimserlik*, ор. *оптимизм*, анг. *optimism*) – келечекке ишенүү, айлана- чөйрөнү шат, көңүлдүү кабылдоо.

**органикалык коом** (түрк. *organik toplum*, ор. *органическое общество*, анг. *organic society*) – коомдун органи-

калык теориясы, адамзат коомун биологиялык организмге окшоштуруп изилдеген теория.

**органикалык сезим** (түрк. *organik duygu*, ор. *органические ощущения*, анг. *organic sense*) – физиологиялык сезим, адамдын организминде физиологиясына жараша калыптанган сезим.

**органицизм** (түрк. *organizm*, ор. *органицизм*, анг. *organicism*) – табияттын кубулуштарынын аналогиясында социалдык феномендерди аныктаган методологиялык принцип.

**Органон** (түрк. *organon*, ор. *органон*, анг. *organon*) – византиялык окумуштуулар тарабынан аталган Аристотелдин логикалык чыгармасы.

**ортодоксалдуулук** (түрк. *ortodoksluk*, ор. *ортодоксальность*, анг. *orthodoxy*) – бек ишенимдүүлүк; кандайдыр бир окууну, багытты ыраатту жактоочулук.

**орфизм** (түрк. *yetimlik*, ор. *орфизм*, анг. *orphism*) – Орфей аттуу мистикалык акын жана ырчынын аты менен байланыштуу Байыркы Грециядагы мистикалык окуу. Орфейдин жолдоочулары орфиктер деп аталышат.

**охлократия** (түрк. *oklokrasi*, ор. *охлократия*, анг. *ochlocracy*) – плебстин үстөмдүгү. Аристотель охлократияны демократиянын бузулушу катарында түшүнгөн.

# Ө

**өбөлгө** (түрк. *özendirici*, ор. *стимул*, анг. *incentive*) – түрткү берүүчү, демилге туудуручу себеп.

**өз ара аракет** (түрк. *etkileşim*, ор. *взаимодействие*, анг. *interaction*) – нерселердин жана бөлүкчөлөрдүн кыймылдарынын абалын өзгөртүүгө алып келүүчү алардын бирибирине аракеттениши.

**өз ара байланыш** (түрк. *bağlantı*, ор. *взаимосвязь*, анг. *interrelation*) – нерселердин же кубулуштардын, субъекттердин бири-бири менен карым-катнаштары.

**өзгөчө** (түрк. *özel*, ор. *особенное*, анг. *special*) – жалпы жана жеке категорияларынын ортомчусу катарында колдонулган философиялык категория.

**өздүк (**түрк. *kendi*, ор.*собственный*, анг. *own*) – сен деген мааниде колдонулган жана өзүңдүкү дегенди билдирген түшүнүк.

**өздүк аң-сезим** (түрк. *öz-bilinç*, ор. *самосознание*, анг. *self-consciousness*) – адамдын өзүн өзү аңдай билиши (өзүнүн ордун, деңгээлин), өзүн баалоо.

**өздүк кыймыл** (түрк. *kendi kendine hareket*, ор. *самодвижение*, анг. *self-movement*) – табияттагы, коомдогу ички кыймылды чагылдырган философиялык категория.

**өзөк** (түрк. *çekirdek*, ор. *ядро*, анг. *core*) – бир нерсенин борбордук бөлүгү; таанып-билүү теориясында кубулуштун бардык белгилерин камтышы менен айырмаланган түшүнүктүн өзөгү жана бир катар белгилерди жокко чыгаруу принцибинде курулган периферия; бузулган система өзөктүн бир өзгөчөлүгүн камтыбай калышы мүмкүн, бирок дагы эле изилденүүчү мааниге кирет.

**өзүн-өзү байкоо** (түрк. *kendi kendini gözlemleme*, ор. *самонаблюдение*, анг. *introspection*) – психикалык ал-абал, адамдын өз башынан өткөргөн иш-аракетинин иликтениши.

**өзүн-өзү уюштуруу** (түрк. *kendi kendini düzenleme*, ор. *самоорганизация*, анг. *self-organization*) – синергетикага таандык түшүнүк. Табигый же коомдук өнүгүүдө өз алдынча уюшулган жана өркүндөтүлгөн кыймыл процесстери.

**өзүнөн-өзү пайда болушу** (түрк. *kendiliğinden oluşum*, ор. *спонтанность*, анг. *spontaneity*) – эч бир логикага таянбастан, себепсиз нерсе же кубулуштун жаралышы же калыптанышы.

**өзүнчө нерсе (**түрк. *kendinde şey*, ор. *вещь в себе*, анг. *thing in itself*) – таанылა жана билине элек нерсе. Сезип таанылган феномендерден айырмаланып, акыл аркылуу

түшүнүлгөн объекттерди белгилеген философиялык түшүнүк.

**өлүм** (түрк. *ölüm*, ор. *смерть*, анг. *death*) – организм жашоосунун токтолушу, өмүргө карама-каршы түшүнүк.

**өмүр** (түрк. *hayat, yaşam*, ор. жизнь, анг. *life*) – тирүү организмдин жашоосу, турмушу.

**өнүгүү** (түрк. *gelişme*, ор. *развитие*, анг. *development*) – нерсе же кубулуштун, субъекттин убакыттын негизинде өзгөрүлүшү, алдыга жылышы.

**өсүп-өнүгүү** (түрк. *ilerleme*, ор. *прогресс*, анг. *progress*) – прогресс, алдыга жылуу кыймылындагы төмөндөн бийиктикке карай өнүгүү багыты.

# П

**палингенез** (түрк. *yeniden kurma*, ор. *палингенез*, анг. *palingenesis*) – философиянын тарыхында кайра түзүлүү, кайра оңолуу, калыбына келүү.

**панвитализм** (түрк. *panvitalizm*, ор. *панвитализм*, анг. *panvitalism*) – табияттын бардык көрүнүштөрүн жандуу деп эсептеген окуу.

**панентеизм** (түрк. *panenteizm*, ор. *панентеизм*, анг. *panentheism*) – бардык нерсе Кудайдын кудуретинде гана жашайт деп караган диний-мистикалык окуу. Көрүнүктүү өкүлдөрү: Плотин, Краузе ж.б..

**панлогизм** (түрк. *panlojizm*, ор. *панлогизм*, анг. *panlogism*) – болум менен ойлоонун окшоштугун, бирдейлигин жарыялаган гегелдик идеалисттик теория.

**панпсихизм** (түрк. *panpsişizm*, ор. *панпсихизм*, анг. *panpsychism*) – жаратылыштын бардык көрүнүштөрүн жаны бар деп эсептеген идеалисттик көз караш.

**пантеизм** (түрк. *panteizm*, ор. *пантеизм*, анг. *pantheism*) – Кудайды жаратылыш менен окшоштурган, жаратылышты Кудайдын өзү деп караган окуу.

**парадигма** (түрк. *paradigma*, ор. *парадигма*, анг. *paradigma*) – ой жүгүртүү образы, ар бир доорго таандык ойлом маданияты.

**парадокс** (түрк. *paradoks*, ор. *парадокс*, анг. *paradox*) – жалпы пикирге кайчы келүүчү, акылга сыйбас жана таң калтырган пикир.

**паралипомена** (түрк. *paralipotena*, ор. *паралипомена*, анг. *paralipotena*) – четте калтырылган, кошумча; падышалык китептерине кошумча камтыган Эски келишимдин китептери.

**паралогизм** (түрк. *paralojizm*, ор. *паралогизм*, анг. *paralogism*) – билбей кетирилген логикалык ката.

**парафизика** (түрк. *parafizik*, ор. *парафизика*, анг. *paraphysics*) – жаратылышта жашыруун, түшүнүксүз, сыйкыр күчтөрдүн бар экендигин жана алар менен тандалган адамдар катыша ала тургандыгын үгүттөөчү теория, оккультизм.

**парерга** (түрк. *parerga*, ор. *парерга*, анг. *parerga*) – 1. Чакан көлөмдүү эмгек. 2. Шопенгауэрдин философиялык чыгармасынын аты.

**парсизм** (түрк. *parseeism*, ор. парсизм, анг. *parseeism*) – зороастра окуусу жана анын негизинде заманбап перстердин дуалисттик дини.

**партикулярдуу** (түрк. *bağımsız, özel*, ор. партикулярный, анг. *particularistic*) – чектелген мааниге ээ болгон жеке ойлом.

**партиципация** (түрк. *katılım*, ор. партиципация, анг. *participation*) – адамдардын катышуу, катнашы бар маданиятты чагылдырган термин; медия жана маданият изилдөө тармактарында колдонулат.

**парузия** (түрк. *parousia*, ор. *парузия*, анг. *parousia*) – Платондун философиясында нерселерде идеялардын бар болушу.

**пассивдүүлүк** (түрк. *pasiflik*, ор. *пассивный*, анг. *inactive*) – аракетсиздикте, кайдыгерликте чагылдырылган

инсандын терс моралдык сапаты жана жүрүм-турумдун стили.

**патология** (түрк. *patoloji*, ор. *патология*, анг. *pathology*) – философияда мыйзамдуу түзүлүштөн жана ченден четке чыккан абал.

**патристика** (түрк. *patristik*, ор. *патристика*, анг. *patrology*) – I-V к. калыптанган христиандык диний багыт.

**пафос** (түрк. *pathos, duygulandırma yeteneği*, ор. *пафос*, анг. *pathos*) – эмоционалдык бийиктикти туудурган сезимдердин чагылдыруусун берген стилди аныктоочу риторика категориясы.

**пелагианизм** (түрк. *pelagianizm*, ор. *пелагианизм*, анг. *pelagianism*) – V к. жашаган англиялык монах Пелагийдин окуусу, ага Августин каршы күрөшкөн.

**перверсия** (түрк. *cinsel sapkınlık*, ор. *перверсия*, анг. *perversion*) – инстинкттик жагдайда ченден чыгып кетүү.

**перипатетикалык мектеп** (түрк. *peripatetik okulu*, ор. *перипатетическая школа*, анг. *peripatetik school*) – Аристотель негиздеген философиялык мектеп. Басып жүрүп ойлору менен бөлүшүүгө, аңгемелешүүгө басым жасалган.

**перипатетиктер** (түрк. *peripatetikler*, ор. *перипатетики*, анг.*peripatetiks*) – Аристотель негиздеген мектептин өкүлдөрү.

**перифериялык** (түрк. *periferik, kenar*, ор. *периферический*, анг. *peripheric*) – четте калган бөлүк, борбордон алыс болуу.

**пермутация** (түрк. *permütasyon*, ор. *пермутация*, анг. *permutation*) – белгилүү сандагы элементтердин ырааттуулугунун өзгөрүшү, орун алмашышы.

**персеверация** (түрк. *bir düşünceye saplanıp kalma*, ор. *персеверация*, анг. *perseveration*) – көктүк, кайтпагандык; кандайдыр бир сүйлөмдү, ишмердүүлүктү, эмоцияларды, сезимдерди эрксиз кайталоо.

**персона** (түрк. *adam, şahsiyet*, ор. *персона*, анг. *person*) – адам, киши. Кыйыр маанide адамдын коомдук жүзү.

**персонализм** (түрк. *kişilik/personalizm,* ор. *персонализм*, анг. *personalism*) – Батыш философиясында кеңири таралган идеализмдин ашынган багыты. Инсанды алгачкы чыгармачыл реалдуулук жана жогорку рухий баалуулук, жалпы дүйнөнү болсо жогорку инсан, Кудайдын чыгармачыл активдүүлүгүнүн натыйжасы катары кабыл алган экзистенциалык-теисттик багыт.

**персондоштуруу** (түрк. *kişileştirme*, ор. *персонификация*, анг. *personification*) – реалдуу жана ойлонуп табылган дүйнөнүн нерсе жана кубулуштарына адамдын психикасынын касиеттерин таңуулоо жана жандандыруу.

**перспективизм** (түрк. *perspektivizm*, ор. *перспективизм*, анг. *perspectivism*) – реалдуулукту аны изилдеген жеке адамдын сапатынан көз каранды болгон философиялык окуу. Бул терминди биринчи жолу Г.В. Лейбниц колдонгон.

**перфекционизм** (түрк. *mükemmeliyetçilik*, ор. *перфекционизм*, анг. *perfectionism*) – идеалга жетүү мүмкүн жана жетишүү керек деп ишенүү. Эмгектин жеткилең эмес натыйжасы болууга укугу жок экенин кабыл алган түшүнүк.

**перцептивдүү туруктуулук** (түрк. *algısal değişmezlik*, ор. перцептивная константность, анг. *perceptual constancy*) – жаныбарларга жана адамга таандык объекттерди формасы, көлөмү, өңү жана мейкиндикте ээлеген орду боюнча туруктуу катарында көрүү багыты.

**перцепция** (түрк. *algı,* ор. *перцепция*, анг. *perception*) – адамдын аң-сезимине сезүү органдары аркылуу түздүн-түз берилген кабыл алуу.

**пессимизм** (түрк. *karamsarlık*, ор. *пессимизм*, анг. *pessimism*) – турмушка ындыны өчкөн мамиледе болуу, дүйнөдө терс башталмалар, кара санатайлыктар басымдуу деген түшүнүктөр.

**пиетет** (түрк. *dindarlık*, ор. *пиетет*, анг. *piety*) – 1. Диний мааниде такыба адам, диний ишенимге берилген адам.

2. Жөнөкөй мааниде ата-энени, укум-тукумду кадырлап мамиле жасоо.

**пиетизм** (түрк. *pietizm*, ор. *пиетизм*, анг. *pietism*) – жандуу баарлашууга, диний тажрыйбага, инсандык ыйык жакшылыкка өзгөчө маани берүү менен негизделген лютеранчылыктын ичиндеги кыймыл.

**пикирдин көп түрдүүлүгү** (түрк. *çoğulculuk*, ор. *плюрализм*, анг. *pluralism*) – плюрализм, бир нече же көп негиздерди тааныган көз караш. Анын негизинде болумдун көп башаттары менен байланыштары жатат деп эсептейт.

**пикир жана билим** (түрк. *görüş ve bilim*, ор. *мнение и знание*, анг. *opinion and knowledge*) – Байыркы грек философиясында аныкталган таанып-билүүнүн өнүгүү жолдору. Өзгөчө Элей мектебинде жана Платондо каралган; докса жана эпистеме.

**пифагореизм** (түрк. *pisagorculuk*, ор. *пифагореизм*, анг. *pythagoreanism*) – Байыркы грек философу Пифагордун окуусун белгилеп аныктаган жана жактаган багыт. Үч доорду камтыйт: алгачкы пифагореизм, ортоңку жана соңку, же болбосо неопифагореизм.

**Платон академиясы** (түрк. *Platon/Eflatun Akademisi*, ор. *Платоновская академия*, анг. *Plato's Academy*) – Байыркы грек философу Платон негиздеген философиялык мектеп.

**платондук сүйүү** (түрк. *platonik aşk*, ор. *платоническая любовь*, анг. *platonic love*) – рухий түрдө бериле турган, таза кызыгууга негизделген жана эч кандай физикалык жакындыкты ойлобогон бийик мамилелер.

**платонизм** (түрк. *platonculuk*, ор. *платонизм*, анг. *platonism*) – идеялардын абсолюттук реалдуулугун жана жан түбөлүктүүлүгүн кабыл алган Платондун жана анын жолдоочуларынын философиялык окуусу.

**пневма** (түрк. *pneuma*, ор. *пневма*, анг. *pneuma*) – байыркы грек философиянын түшүнүгү – ааламдык дем алуу, өмүрдүн күчү, рух.

**позитивдүүлүк** (түрк. *olumluluk*, ор. *позитивность*, анг. *positive*) – окуялардын, инсандардын жана адамдын жакшы жактарына көңүл буруп, оң жактарын белгилеген кабылдоо ыкмасы.

**позитивизм** (түрк. *pozitivizm*, ор. *позитивизм*, анг. *positivism*) – Батыш философиясында кеңири таралган философиялык агым. Чыныгы билимдин жалгыз булагы катарында эмпирикалык изилдөөлөрдү кабыл алган философиялык окуу жана илим методологиясынын багыты.

**позиция** (түрк. *durum, pozisyon*, ор. *позиция*, анг. *position*) – көз караш, бир маселеде карманган жол, ык.

**полис** (түрк. *polis*, ор. *полис*, анг. *policy*) – Байыркы Греция жана Байыркы Римге таандык коом түзүлүшүнүн өзгөчө формасы. Өзүн саясий түзүлүш катарында аныктаган шаардык жарандык коом.

**политеизм** (түрк. *çoktanrıcılık*, ор. *политеизм*, анг. *politheism*) – алгачкы уруучулук коомдун ыдыроо мезгилинде пайда болгон көп Кудайга сыйынуучулук.

**полицентризм** (түрк. *çokmerkezcilik*, ор. *полицентризм*, анг. *policentrism*) – жер шарынын бир нече аймактарында азыркы адамдын жана анын расаларынын байыркы адамдардын ар кандай формаларынан келип чыгышынын теориясы.

**постиндустриалдык коом** (түрк. *postendüstriyel toplum*, ор. постиндустриальное общество, анг. postindustrial society) – өндүрүш жана айыл чарбаларга караганда сервис бөлүгү алдыңкы роль ойногон коом.

**постклассикалык философия** (түрк. *klasik sonrası/ postklasik felsefe*, ор. *постклассическая философия*, анг. *postclassical philosophy*) – XIX к. аягы XX к. башындагы философиялык окуулар. Классикалык философиянын борбордук жоболору кайра каралып, философиялаштыруунун жаңы түрүнүн негизги принциптери түптөлгөн. Постклассикалык философия классикалыктан, модернден постмодернге өтүүчү этап болуп саналат.

**постметафизикалык ойлом** (түрк. *postmetafizik düşünce*, ор. *постметафизическое мышление*, анг. *postmetaphysical thought*) – постмодернизм философиясынын түшүнүгү. Философиялык мейкиндикте азыркы дүйнөнүн бирдиктүү жана системалуу концепциялык моделинин түзүлүшү мүмкүн эмес деп санаган ой жүгүртүү парадигмасы.

**постмодернизм** (түрк. *postmodernizm*, ор. *постмодернизм*, анг. *postmodernism*) – XX к. экинчи жарымындагы дүйнөлүк коомдук турмуш жана маданияттагы окшош кубулуштарды белгилеген түшүнүк.

**постпозитивизм** (түрк. *postpozitivizm*, ор. *постпозитивизм*, анг. *postpositivism*) – позитивизм жана неопозитивизмдин уландысы катарында каралган философиялык багыт. Эпистемологиялык окууларга сын пикир аркылуу кароо жана объективдүү билимди тажрыйбанын негизинде көрүү.

**постструктурализм** (түрк. *postyapısalcılık*, ор. *постструктурализм*, анг. *poststructuralism*) – 1970-1980-жылдарда тараган философиялык багыт, маданий талдоонун усулу. Өкүлдөрү: Э. Морен, Ж. Бодрийяр, Ж. Делез, Ф. Гваттари, Ж. Деррида ж.б.

**постулат** (түрк. *postulat*, ор. *постулат*, анг. *postulate*) – далилдөө үчүн колдонулуучу пикир, ой-пикирдин негизи.

**постфрейдизм** (түрк. *postfreudizm*, ор. *постфрейдизм*, анг. *postfreudism*) – постмодернизмдин теориялык булагы катарында кабыл алынган классикалык эмес эстетиканын белгилүү багыты. Өкүлдөрү: К. Юнг, А. Адлер ж.б.

**потенция** (түрк. *olanak/güç*, ор. *потенция*, анг. *potency*) – Аристотелдин философиясындагы түшүнүк – мүмкүнчүлүк маанисинде колдонулат жана акт (чындык, реалдуулук) менен бирге каралат.

**потенциалдуулук** (түрк. *potansiyalite/olanaklılık*, ор. *потенциальность*, анг. *potentiality*) – мүмкүндүк маанисин-

де; схоластикада материяга таандык бир нерсеге айлануу жөндөмү.

**поэтикалык ой-жүгүртүү** (түрк. *şiirsel düşünce*, ор. *поэтическое мышление*, анг. *poetical thinking*) – поэзия каражаттарына таянган, элес, метафоралуулуктун негизинде калыптанган ой жүгүртүүнүн категориясы.

**православие** (түрк. *ortodoksluk*, ор. *православие*, анг. *ortodoxy*) – байыркы заманда Рим империясынын чыгышында калыптанган христиан дининин багыты.

**прагматизм** (түрк. *pragmatizm, yararcılık*, ор. *прагматизм*, анг. *pragmatism*) – XIX к. аягында пайда болуп, көбүнчө АКШда таралган философиялык багыт: практиканы акыйкаттын белгиси жана мааниси катарында эсептейт.

**прагматикалык** (түрк. *pragmatik*, ор. *прагматический*, анг. *pragmatic*) – практикага таянган жана пайда көргүсү келген жорук-жосун.

**пракрити же прадхана** (түрк. *prakriti veya pradhan*, ор. *пракрити или прадхана*, анг. *prakriti or pradhan*) – (санскрит) – ааламдын алгачкы материалдык себебин аныктаган индуизм философиялык системасынын фундаменталдуу түшүнүгү.

**праксеология** (түрк. *praxeology*, ор. *праксеология*, анг. *praxeology*) – ишмердүүлүктүн натыйжалуу уюшулушунун теориясы (Л. Бурдье). Иш-аракет теориясы.

**практика** (түрк. *uygulama*, ор. *практика*, анг. *practice*) – максаттуу ишмердүүлүк; коомдук керектөөнү канаттандыруу үчүн адамдын максаттуу багытталган таанып-билүүчүлүк, материалдык иш-аракеттери.

**предикат** (түрк. *yьklem*, ор. *предикат*, анг. *predicate*) – ой-пикирде субъектке тиешелүү белги, касиетти билдирүүчү логикалык түшүнүк.

**предикаттын квантификациясы** (түрк. *yüklem miktarı*, ор. *квантификация предиката*, анг. *predicate quantification*) – салттуу (аристотелдик) классикалык логикада «баары»

жана «айрымдары» деген сөздөрдүн жардамы аркасында ойломдун предикатынын көлөмүн тактаган операция.

**презумпция** (түрк. *varsayım*, ор. *презумпция*, анг. *presumtion*) – тескериси же жалган экени далилденге чейин чындык болуп эсептелген болжолдоо.

**прескрипция** (түрк. *preskriptsiyon, zaman aşımı*, ор. *прескрипция*, анг. *prescription*) – боло турган жана чындыкка ээ болбогон кыймыл-аракеттер тууралуу пикир.

**преформизм** (түрк. *preformizm*, ор. *преформизм*, анг. *preformation*) – организмдердин тиричилик процессинде болуучу өнүгүүнү, өзгөрүүнү жокко чыгаруучу метафизикалык теория.

**привация** (түрк. *eksiklik, kabul etmeme*, ор. *привация*, анг. *privation*) – четке кагуу, мында сүйлөмдүн жокко чыгаруучу предикаты предметтин мазмунуна жана маңызына тиешелүү нерсеге ээ экендигин четке кагат.

**примат** (түрк. *öncelik*, ор. *примат*, анг. *primacy*) – негизгилик, биринчи маанилүүлүк, сүт эмүүчүлөрдүн жогорку отряды.

**принцип** (түрк. *prensip*, ор. *принцип*, анг. *princip*) – башат, теориялык философияда белгилүү жана ой менен чындыкта бириктирген фактылардын чагылдыруусу; эң жалпы жана негизги фундаменталдык теориялардын жоболору.

**пробабилизм** (түрк. *probabilizm, olasıcılık*, ор. *пробабилизм*, анг. *probabilism*) – билимге шек келтирип, акыйкатты табууга болбойт деп эсептеген диний-философиялык окуу.

**провиденциализм** (түрк. *kayracılık, providansiyalizm*, ор. *провиденциализм*, анг. *providentialism*) – тарыхый-философиялык усул, тарыхый окуяларды аларда түздөн-түз көрүнгөн Провиденциянын көз карашынан кароо, эң жогорку Провиденция, адамды куткаруу үчүн алдын ала айтылган Кудайдын планын ишке ашыруу деген көз караш.

**программаланган коом** (түрк. *programlanmış toplum*, ор. *программированное общество*, анг. *programmed society*) – батыш өлкөлөрүндө тараган постиндустриалдык коом теориясынын бир формасы.

**пролегомендер** (түрк. *prolegotena*, ор. *пролегомены*, анг. *prolegomenon*) – алдын ала айтылган сын пикирлер, алдын ала жасалган билдирүүлөр.

**пролетарлар** (түрк. *proleterler*, ор. *пролетарии*, анг. *workers*) – капиталисттик коомдогу жумушчу катмардын эң алдыңкы күчү.

**пропаганда** (түрк. *propaganda*, ор. *пропаганда*, анг. *propaganda*) – коомдук пикирди калыптандыруу үчүн фактыларды, көз караштарды таратуу (алардын ичинде жалган маалыматтар да болушу мүмкүн).

**пропедевтика** (түрк. *propaedeutics*, ор. *пропедевтика*, анг. *propaedeutics*) – илимге киришүү, алдын ала киришүү курсун билдирген дидактикалык термин.

**пропозиция** (түрк. *önerme*, ор. *пропозиция*, анг. *proposition*) – ырастоочу сүйлөмдүн мааниси.

**просиллогизм** (түрк. *prosillogizm*, ор. *просиллогизм*, анг. *prosillogism*) – алдын ала ой корутундулоо, алдын ала ой жорутуу.

**протекция** (түрк. *himaye*, ор. *протекция*, анг. *patronage*) – бирөөнүн иштерин жылдырыш үчүн башка бир адамдын басымдуу колдоосу.

**протестанттык этика** (түрк. *protestan ahlakı*, ор. *протестантская этика*, анг. *the protestant ethics*) – мыкты иштөөнүн зарылдыгын жана моралдык пайдалуулугун аныктап далилдеген диний окуу.

**протестантизм** (түрк. *protestanlık*, ор. *протестантизм*, анг. *protestantism*) – үчөөнүн бири, православие жана католицизм менен бирге, көз карандысыз чиркөөлөрдүн, чиркөө союздарынын жана конфессиялардын жыйындысы болгон христиан дининин негизги багыттары. Протестантизмдин келип чыгышы Европадагы XVI к. католиктерге

каршы кеңири кыймыл болгон Реформация менен байланышкан.

**прототип** (түрк. *prototip*, ор. *прототип*, анг. *prototype*) – бир эле объекттин көп окшош формаларын камтыган абстракттуу образ; түшүнүктүн эң таанымал касиеттерин камтыган мисал.

**псевдомнезия** (түрк. *hafiza bozukluğu*, ор. *псевдомнезия*, анг. *pseudonnesia*) – жалган элестөөлөр аркылуу чагылдырылган эстин ар түрдүү жоголушу.

**психоталдоо** (түрк. *psikanaliz*, ор. *психоанализ*, анг. *psychoanalysis*) – XIX к. аягында XX к. башында австриялык невролог З. Фрейд тарабынан иштелип чыккан психологиялык теория; аталган теориянын негизинде иштелип чыккан жана психикалык ооруларды дарылаган усул .

**психоаналитикалык герменевтика** (түрк. *psikanalitik hermönetik*, ор. *психоаналитическая герменевтика*, анг. *psychoanalytic hermeneutics*) – З. Фрейддин идеяларынын жаңы интерпретациялары менен текстти түшүнүүгө жана түшүндүрүүгө максатталган философиялык герменевтиканын бирдиктүү системасын чагылдырган жана психоаналитикалык мазмундагы заманбап философиянын багыты.

**психовитализм** (түрк. *psikovitalizm*, ор. *психовитализм*, анг. *psychovitalism*) – организмдердин максаттуу жүрүм-турумун түшүндүрүүгө аракеттенген теологиялык принцип; теологиялык окуунун бир түрү.

**психологизм** (түрк. *ruhbilimcilik*, ор. *психологизм*, анг. *psychologism*) – психологияны философиянын негизи катарында эсептеген окуу.

**психофизикалык параллелизм** (түрк. *psikofiziksel paralellik*, ор. *психофизический параллелизм*, анг. *psychophysical parallelism*) – ой жүгүртүүдө жана болумда жүрүп өткөн жана бири бирине материалдык мазмун менен убакыттан төп келген, бирок эч кандай катнаштарда турбаган процесстерди аныктаган ой жүгүртүү жана болум, психикалык жана физикалык катнаштар тууралуу теория.

**пурань** (түрк. *puranen*, ор. *пурань*, анг. *puranen*) – байыркы индия адабиятынын философиялык диний элестери.

**Пуруша** (түрк. *Purusha*, ор. *Пуруша*, анг. *Purusha*) – индуисттик мифологияда денесинен ааламды түзгөн жандык.

# Р

**радикализм** (түрк. *radikalizm*, ор. *радикализм*, анг. *radicalism*) – 1. Чечкиндүү аракетке шыктуулук. 2. Майда буржуазиянын кызыкчылыгын көздөгөн саясий агым.

**раса** (түрк. *ırk*, ор. *раса*, анг. *race*) – өзүнө, кебетесине, чачынын, көзүнүн түсүнө ж.б. биологиялык белгилерине карата адамдардын шарттуу түргө бөлүнгөн түркүмү.

**расалык-антропологиялык мектеп** (түрк. *ırksal-antropolojik okul*, ор. *расово-антропологическая школа*, анг. *racial-anthropological shool*) – XIX к. экинчи жарымында XX к. башында өнүккөн социология менен антропологиянын мектеби (А. Гобино).

**расизм** (түрк. *ırkçılık*, ор. *расизм*, анг. *racism*) – расалардын физикалык жана акыл жагынан табигый тең эместигин далилдөөгө аракеттенген илимге каршы реакциячыл теория.

**рационализм** (түрк. *akılcılık/rasyonalizm*, ор. *рационализм*, анг. *rationalism*) – эмпиризмге каршы чыгып, акыл-эсти гана чыныгы билимдин бирден-бир булагы деп эсептеген философиялык агым.

**рационалдуу** (түрк. *rasyonel*, ор. *рациональный*, анг. *rational*) – акылга, логикага негизделген. Акыл-эске таянган иш-аракет, мүнөз.

**рационалдуулук** (түрк. *rasyonalite*, ор. *рациональность*, анг. *rationality*) – акылга сыярдык, максаттуулук, негиздүүлүк. Акыл таразасына салып чечим кабыл алуу.

**реакция** (түрк. *reaksiyon, tepki*, ор. *реакция*, анг. *reaction*) – организмдин тышкы дүүлүктүрүүгө жооп бериши. Социалдык аймакта терс иш-аракет.

**реализм** (түрк. *gerçekçilik/realizm*, ор. *реализм*, анг. *realism*) – көрүнгөн дүйнөнүн нерселери, касиеттери адамзаттын кабыл алуусунан жана таанып-билүүсүнөн көз каранды эмес жашоодо деп эсептеген философиялык окуу.

**реалист** (түрк. *realist*, ор. *реалист*, анг. *realist*) – дүйнөнү болгонун болгондой кабыл алган адам.

**реалдуу негиз** (түрк. *gerçek temel*, ор. *реальная основа*, анг. *the real basis*) – таанып- билүүчү негизге каршы нерсенин реалдуу, болгон болумунун негизи.

**реалдуулук** (түрк. *realite,* ор. *реальность*, анг. *reality*) – объективдүү айлана-чөйрөнү, дүйнөнү чагылдырган философиялык категория.

**реалдуу** (түрк. *real*, ор. *реальный*, анг. *real*) – анык болгон, ойлонуп жасалган же көзгө көрүнбөсө да, акыл-ой тааныган жагдай.

**реалдуу абстракция** (түрк. *real soyutlama*, ор. *реальная абстракция*, анг. *real abstraction*) – адамдын тиричилигинен келип чыккан белгилүү түрдөгү тажрыйбаны жалпылаштырган схеманын натыйжасы.

**ревизионизм** (түрк. *revizyonizm, gözden geçirme*, ор. *ревизионизм*, анг. *revisionism*) – калыптанган жана туруктуу теориянын кайрадан каралып чыгышынын зарылдыгын аныктаган идеялык багыттар.

**регресс** (түрк. *gerileme*, ор. *регресс*, анг. *regression*) – артка карай өнүгүү, артка кетүү. Прогресстин каршысы.

**редукционизм** (түрк. *indirgemecilik*, ор. *редукционизм*, анг *.reductionism*) – жөнөкөй кубулуштарга таандык мыйзамдар аркылуу татаал кубулуштарды түшүндүрүү мүмкүнчүлүгүн белгилеген методологиялык принцип.

**резигнация** (түрк. *boyun eğme*, ор. *резигнация*, анг. *resignation*) – боло турган нерсеге баш ийиүү, тагдырга баш ийүү.

**реидеологизация** (түрк. *yeniden ideolojileştirme*, ор. *реидеологизация*, анг. *reideologization*) – идеологияны кайра жаратуу же жандыруу процесси.

**реизм** (түрк. *reizm*, ор. *реизм*, анг. *reism*) – нерселер гана реалдуу жашоого ээ деп эсептеген философиялык окуу.

**реинкарнация** (түрк. *reenkarnasyon*, ор. *реинкарнация*, анг. *reincarnation*) – диний жана байыркы философиялык окууда жандын кайра жаралышы, түзүлүшү.

**релятивизм** (түрк. *görecelik/görecelilik/rölativizm*, ор. *релятивизм*, анг. *relativism*) – объективдүү дүйнөнү таанып-билүү мүмкүндүгүн танып, бардык билимдерди салыштырмалуу деп эсептеген окуу.

**релятивдүү** (түрк. *göreceli/rölatif*, ор. *релятивный*, анг. *relative*) – салыштырмалуу. Таанып-билүү предметин башка предметтер, себептер менен шартталгандыгын ырастоо.

**реляционализм** (түрк. *ilişkicilik*, ор. *реляционализм*, анг. *relationalism*) – буюмдардын, түшүнүктөрдүн катнаштарын гана таанып-билүүгө болот деп эсептеген философиялык окуу.

**репродукциялоо** (түрк. *üreme*, ор. *репродукция*, анг. *reproduction*) – эстөө, өткөндү аң-сезимде кайра калыбына келтирүү.

**рессентимент** (түрк. *hınç*, ор. *рессентимент*, анг. *ressentiment*) – субъект өзүнүн өксүктүгүнүн, кемчилигинин себеби катарында эсептеген нерсени жек көрүүсү.

**рестрикция** (түрк. *kısıtlama*, ор. *рестрикция*, анг. *restriction*) – түшүнүктүн көлөмүн чакан кылуу, тарытуу.

**рефлексия** (түрк. *yansıma*, ор. *рефлексия*, анг. *reflexion*) – ой жүгүртүү, өз башынын өткөргөндү талкуулоого шыктуулук.

**рефлексология** (түрк. *refleksoloji*, ор. *рефлексология*, анг. *reflexology*) – тышкы чөйрөнүн адам менен жаныбарлардын нерв системасына таасиринен улам калыптанган

рефлекстердин биримдиги катарында психикалык ишмердүүлүктү караган психологиядагы табигый-илимий багыт.

**реформа** (түрк. *reform*, ор. *реформа*, анг. *reform*) – жашоонун кайсы бир тармагында фундаменталдуу негиздерге шек келтирбеген өзгөрүү, жаңылоо, өзгөртүү киргизүү.

**реформация** (түрк. *reformasyon*, ор. *реформация*, анг. *reformation*) – XVI к. Батыш Европадагы римдик-католиктик чиркөөгө каршы багытталган диний кыймыл.

**рецептивдүүлүк** (түрк. *alıcının gücü*, ор. *рецептивность*, анг. *receptivity*) – нерсени, кубулушту кабыл алуунун абалы.

**Ригведа** (түрк. *Rigveda*, ор. *Ригведа*, анг. *Rigveda*) – байыркы индиялык диний-мифологиялык чыгарма.

**ригоризм** (түрк. *aşırı sertlik*, ор. *ригоризм*, анг. *rigorism*) – кандайдыр бир моралдык принципке же эрежеге бек берилип иш жүргүзүү.

**ризома** (түрк. *rizom*, ор. *ризома*, анг. *rhizome*) – номадикалык жашоонун негизи жана формасы катарында колдонулган постструктурализм менен постмодернизмдин маанилүү түшүнүгү. бул түшүнүктү Ж. Делез жана Ф. Гваттари киргизишкен.

**ритм** (түрк. *ritim*, ор. *ритм*, анг. *rhythm*) – үн же кыймыл ыргагы, бийиктигине көз жүгүртпөгөн добуштардын созулганынын уланышы.

**риторика** (түрк. *belâgat, retorik*, ор. *риторика*, анг. *rhetoric*) – чечендикти, сүйлөө искусствону, көркөм сүйлөөнүн түзүлүшүнүн эрежелерин, сүйлөө искусствосун изилдеген филологиялык окуу.

**романтизм** (түрк. *romantizm*, ор. *романтизм*, анг. *romanticism*) – агартууга жана илимий-техникалык прогресске реакция катарында калыптанган XVIII-XIX к. европалык маданияттын кубулушу.

**романтика** (түрк. *romantik*, ор. *романтика*, анг. *romance*) – чындыкты идеализациялаган кыялдануу сезими, шарт-жагдайды куунак кабыл алуу.

**рух** (түрк. *ruh*, ор. *дух*, анг. *soul*) – материалдык эмес башатты аныктаган философиялык түшүнүк.

**рухий боштук** (түрк. *manevi boşluk*, ор. *духовная пустота*, анг. *spiritual emptiness*) – адам дүйнөсүндө жана коомдук абалдагы рухий жакырлык, баалуулуктардан кур жалак калуу.

**рухий өндүрүш** (түрк. *manevi üretim*, ор. *духовное производство*, анг. *spiritiual production*) – идеяларды, баалуулуктарды, принциптерди жаратуу боюнча жамааттык ишмердүүлүк. Бул түшүнүк марксизм окуусунда терең түрдө каралат.

**рухийлик** (түрк. *içten*, ор. *духовный*, анг. *soulful*) – 1. Материалдуу эместик, денесиз ички кубулуш; 2. Илхамдуулук, чыгармачылык шыкка бөлөнгөндүк; 3. Адамдын рухий жөндөмдүүлүгүнүн гармониялуу өнүгүш процесси.

# С

**сабырдуулук** (түрк. *hata payı*, ор. *толерантность*, анг. *tolerance*) – башка көз караштарга, жүрүм-турумдарга, ой жүгүртүү, образга, көнүмүш адаттарга сабырдуулук мамиле жасандык, кең пейилдик, толеранттуулук.

**сакралдаштыруу** (түрк. *kutsallaştırma*, ор. *сакрализация*, анг. *sacralization*) – адамдарды, нерсе, кубулуштарды касиеттүү, ыйык мазмунга ээ кылуу (диний жактан), саясий жана коомдук институттарды, социалдык, илимий ой-пикирлерди, маданият жана искусствону, турмуштук мамилелерди диний таасирлерге баш ийдирүү.

**салт** (түрк. *gelenek*, ор. *традиция*, анг. *tradition*) – кылымдар бою муундан муунга өтүп жашап келген улуттук маданий баалуулуктар жана каада-салт. Каада-салтка таандык болгон ынандырарлык же авторитет катары кабыл алынган ишенимдин салттуу жыйындысы же келип чыгышы белгисиз болгон жүрүм-турум ыкмалары.

**салттуу логика** (түрк. *geleneksel mantık*, ор. *традиционная логика*, анг. *traditional logic*) – б.з.ч. IV к. башталган жана XIX к. соңунда аякталган формалдуу логиканын өнүгүүсүндөгү биринчи этап. Математикалык, символикалык логиканын калыптанган учуру.

**салттуулук** (түрк. *gelenekçilik*, ор. *традиционализм*, анг. *traditionalism*) – акылдан бийик адаттарда чагылдырылган практикалык акылмандыкты бийик койгон көз караш же философиялык багыт; илимде, искусстводо, үрп-адатта салттуулуктун ролун апыртып көрсөтүүчү агым.

**салттык коом** (түрк. *geleneksel toplum*, ор. *традиционное общество*, анг. *traditional society*) – салт менен башкарылган коом. Андагы коомдук түзүлүш катаал таптык социалдык иерархия, туруктуу социалдык жамааттардын болушу, коомдун жашоосун салттарга жана үрп-адаттарга негизделген жөнгө салуунун өзгөчө жолу менен мүнөздөлөт.

**салыштыруу** (түрк. *karşılaştırma*, ор. *сравнение*, анг. *comparison*) – философияда объекттердин окшоштугу жана айырмасы тууралуу ой-пикирлердин негизиндеги таанып-билүү каражаты.

**самадхи** (түрк. *samadhi*, ор. *самадхи*, анг. *samadhi*) – өзүнүн жекелиги жөнүндөгү идеянын жоголушун жана кабыл алуучу менен кабыл алгандын биримдигин чагылдырган индуисттик медитациядагы абал.

**сан** (түрк. *sayı*, ор. *количество*, анг. *number*) – объекттин чоңдук, көлөм, ирет, касиеттеринин өнүгүү деңгээли ж.б. сырткы аныктыгын чагылдырган философиялык категория.

**сан жана сапат** (түрк. *nicelik ve nitelik,* ор. *количество и качество*, анг. *quantity and quality*) – нерселердин жана процесстердин маанилүү жактарын чагылдырып көрсөтүүчү философиялык түшүнүктөр.

**сангвиникалык** (түрк. *iyimser*, ор. *сангвинический*, анг. *sanguine*) – сангвиник (адамдын темпераменттеринин түрү

катарында) таандык, жеңилдик, динамикалуулук, эмоциялардын бат өзгөрүшү менен аныкталат.

**санкхья** (түрк. *sankhya*, ор. *сакхья*, анг. *samkhya*) – Капила негиздеген индиялык дуализм философиясы. Башаттары – пракрити жана пуруша.

**санкхья-карика** (түрк. *sankhya-karika*, ор. *санкхья-карика*, анг. *sankhya-karika*) – санкхья индуисттик философиялык мектептин алгачкы, санскритте жазылган чыгармасы.

**санкция** (түрк. *yaptırım*, ор. *санкция*, анг. *sanction*) – укуктук ченемдердин элементи катарында укуктук ченемди бузган адамга карата колдонулган негативдүү иш-чаралар.

**сансара** (түрк. *samsara*, ор. *сансара*, анг. *samsara*) – санскрит тилинде адамдын же анын жанынын бир нерсе аркылуу өтүүсү, кайра төрөлүүсү, үзгүлтүксүз кайра жаралуусу.

**сапат** (түрк. *kalite*, ор. *качество*, анг. *quality*) – объектти объект кылган жана анын ички маңызын чагылдырган философиялык түшүнүк.

**сарвастивада** (түрк. *sarvastivada*, ор. *сарвастивада*, анг. *sarvastivada*) – хинаянага таандык буддизмдин философиялык мектеби (Вайбхашика).

**сарказм** (түрк. *alay*, ор. *сарказм*, анг. *sarcasm*) – сатирикалык ыкма, көрсөтүлгөндүн терс касиеттерин, ички маанисин шылдыңдоо.

**саутрантика** (түрк. *sautrantika*, ор. *саунтрантика*, анг. *sautrantika*) - хинаянага таандык буддизмдин философиялык мектеби: вайбхашиканын схоластикалык чындыгына сын көз караш менен мамиле кылат.

**саясат философиясы** (түрк. *siyaset felsefesi*, ор. *философия политики*, анг. political philosophy) – саясатка байланыштуу идеяларды, баалуулуктарды, саясий реалдуулуктун маңызын жана талдоонун интеллектуалдык негиздерин изилдеген философиянын жана саясат таануунун тармагы.

**саясий адам (**түрк. *siyasal insan*, ор. *политический человек*, анг. *political human***)** – саясий антропологиянын адамзат болумунун маселелеринин чече алган жана саясат менен байланыштуу, аң-сезим менен жүрүм-турумдун доминантасын белгилеген түшүнүк.

**саясий субъект (**түрк. *siyasal varlık*, ор. *политический субъект*, анг. *political entity***)** – саясий процесстин катышуучусу: индивид, социалдык топ, социалдык катмарлар, коомчулуктар, мекемелер.

**саясий эркиндиктер (**түрк. *siyasi özgürlük*, ор. *политические свободы*, анг. *political freedom***)** – коомдук эркиндиктердин түрү, өзүнүн кызыкчылыктары жана максаттарынын негизинде инсан жана коомдун иш жүргүзүүсүнүн мүмкүнчүлүгү жана жөндөмдүүлүгү.

**себеп жана натыйжа (**түрк. *neden ve sonuç*, ор. *причина и следствие*, анг. *cause and effect***)** – бир көрүнүш өзүнүн иш-аракети менен экинчи көрүнүштү жараткан учурда ортосундагы түпкү байланышты көрсөтүүчү философиялык категориялар.

**сезгичтик (**түрк. *duyarlılık*, ор. *чуствительность*, анг. *sensitivity***)** – сенсибелдүүлүк – дененин бөлөк заттарга (аллергендерге) өтө сезгичтиги.

**сездирүү (**түрк. *hissettirmek*, ор. *дать почувствовать*, анг. *to feel***)** – сенсибелдүү – физикада белгилүү бир нур аркылуу оптикалык спектрдеги жыштыкты нурлантканда, кино, фототасмалардын, фотографиялык пластинкалардын сезгичтигинин жогорулашы.

**сезим (**түрк. *his*, ор. *чувство*, анг. *feeling***)** – реалдуу же абстракттуу объекттерге болгон субъективдүү сын мамилени чагылдырган адамдын эмоционалдык процесси.

**сезимдик дүйнө (**түрк. *duyular dünyası*, ор. *чувственный мир*, анг. *world of the senses***)** – сезимдер аркылуу байытылган аң-сезимдин мазмундуу бирдиктүүлүгү.

**сезимдик кабыл алуу (**түрк. *duyusal algı*, ор. *чувственное восприятие*, анг. *sensory perception***)** – сезимдер аркылуу тышкы дүйнөнү кабыл алуу, сезип кайгыруу.

**сезимталдык** (түрк. *duyarlılık*, ор. *чувствительность*, анг. *sensitivity*) – предмет тарабынан чакырылган сезим жана көңүлдү билдирүүнү, жеткизүүнү түшүндүргөн искусствонун психологиясынын жана эстетиканын түшүнүгү.

**сезүү** (түрк. *duygu, his*, ор. *ощущение*, анг. *feeling*) – сезүү органдарга таасир эткенде тышкы чөйрөнүн ар түрдүү касиеттерин жана абалдарын психикалык чагылдыруусун негиздеген психикалык процесс.

**секирик** (түрк. *atlama*, ор. *прыжок*, анг. *jump*) – майда сандык же жаңы сапаттык абалга өтүү; коомдук өнүгүүдө секирик революция аркылуу чагылдырылат.

**сектантство** (түрк. *tarikatçılık*, ор. *сектантство*, анг. *sectarianism*) – үстөмдүк кыла турган динден бөлүнүп, өз алдынча кеткен диний окуулардын жана уюмдардын жалпы наамы.

**секулярдаштыруу** (түрк. *sekülerleşme*, ор. *секуляризировать*, анг. *secularization*) – тарых илиминде чиркөөдөн бир нерсени алып салуу, рухий билим жана светтик, жарандык билимдерди берүү; социологияда адамдардын аң-сезиминде жана коомдун турмушунда диндин ролун төмөндөтүү процесси; биринчи кезекте диний салт менен башкарылган коомдон рационалдуу (диний эмес) ченемдерге негизделген коомдук түзүлүштүн светтик моделине өтүү.

**семиозис** (түрк. *semiyoz*, ор. *семиозис*, анг *semiosis*) – белгинин интерпретациясын чагылдырган же маани жаралган процессин белгилеген семиотиканын түшүнүгү.

**Сен-Виктор мектеби** (түрк. *Aziz Victor okulu*, ор. *Сен-Викторская школа*, анг. *school of St. Victor*) – Сен-Виктор католик монастырындагы августиндик канончулардын диний окууларынын мектеби.

**сенсация** (түрк. *sansasyon*, ор. *сенсация*, анг *sensation*) – элдин угушунда чоң орун алган, уу-дуу жараткан, бүйүр кызыткан, жөнөкөй эмес, кызык окуя.

**сенситивдүү** (түрк. *duyarlı*, ор. *сенситивный*, анг. the *sensitive*) – психологиялык, психиатриялык жактан өтө сезгич, психикалык жактан оңой, алсыз.

**сенсориум** (түрк. *duyusal*, ор. *сенсориум*, анг. *sensorium*) – сезүүнүн жалпы органы, сезүү жөндөмдүүлүгү.

**сенсуализм** (түрк. *duyumculuk*, ор. *сенсуализм*, анг. *sensationalism*) – сезим, туюмдуу дүйнө таанымдын негизги булагы деп эсептеген философиялык багыт.

**сигнативдүү** (түрк. *belgileme, işaretleme*, ор. *сигнативный*, анг. *signify*) – белгилердин жардамы менен туюнтулган, көрсөтүүчү, белгилөөчү. Г.В. Лейбниц боюнча, белгилер менен белгиленүүчү объектилер менен эмес, ошондой эле белгилер менен иш алып баруучу ой жүгүртүү, сигналдык ой жүгүртүү деп аталат.

**силлогизм** (түрк. *tasım, kıyas*, ор. *силлогизм*, анг. *syllogism*) – философиянын жана логиканын башкы фигурасы. Маалым тыянактардан жаңы тыянак чыгаруу жолу. Кээ бир түшүнүктөрдү, пикирлерди, тыянактарды түзүү үчүн аны логикада колдонуу адатка айланган.

**силлогистика** (түрк. *tasımsal*, ор. *силлогистика*, анг. *syllogistic*) – субъектилик-предикативдик түзүлүштүн айтымына таянган дедуктивдик тыянак чыгаруунун теориясы: S - бул P.

**симбиоз** (түрк. *sembiyoz*, ор. *симбиоз*, анг. *symbiosis*) – ар кандай биологиялык түрлөргө таандык тирүү организмдердин жакын жамааты. Мындай жамаат эки түрдүн ортосундагы мамиленин мүнөзүнө жана бул карым-катнаштын пайдалуу же зыяндуу болушуна жараша ар кандай формада болушу мүмкүн.

**символ** (түрк. *sembol*, ор. *символ*, анг. *symbol*) – абстракттык түшүнүктү, ой-пикирди конкреттүү предмет, образ аркылуу туюнтууну билдирүүчү термин.

**символизм** (түрк *sembolizm*, ор. *символизм*, анг. *symbolism*) – Францияда 1970-80-жылдарда пайда болгон жана эң бийик өнүгүүсү XIX-XX к. чегине келген (Фран-

цияда, Бельгияда жана Россияда тараган) искусстводогу ири багыттардын бири.

**символикалык интеракционизм** (түрк. *sembolik etkileşim*, ор. *символический интеракционизм*, анг. *symbolic interactionism*) – көңүлдүн борборун социалдык карым-катнаштардын символикалык мүнөзүн талдоого топтогон азыркы социологиядагы жана социалдык психологиядагы теориялык-методологиялык багыт.

**символикалык логика** (түрк. *sembolik mantık*, ор. *символическая логика*, анг. *symbolic logic*) – математикалык логика, теоретикалык логика. Символикалык тилдин негизинде логикалык санап чыгаруу аркылуу логикалык жыйынтыктарды изилдей турган логиканын бөлүгү.

**символикалык формалардын философиясы** (түрк. *sembolik bisimlerin felsefesi*, ор. *философия символических форм*, анг. *the philosophy of symbolic forms*) – 1920-ж. чыккан неокантчылык философиянын Марбург мектебинин өкүлү Э. Кассирер жазган чыгарма. И. Канттын философиясынын негизинде табият менен рухтун карама-каршылыгы изилденет.

**симметрия** (түрк. *simertri*, ор. *симметрия*, анг. *simmertria*) – борбордун же ортоңку чийиндин эки жагына жайгашкан бөлүктөрдүн өлчөмүнүн бири-бирине дал келиши, бирдейлиги.

**симпатия** (түрк. *sempati*, ор. *симпатия*, анг. *sympathy*) – адамга болгон туруктуу эмоционалдык жакындыкты чагылдырган түшүнүк.

**симплификация** (түрк. *sadeleştirme*, ор. *симплификация*, анг. *simplification*) – чечүүчү, эң маанилүү нюанстарды (атайылап) четке кагып, айрым конкреттүү проблемаларды «псевдосуроолор» деп жарыялоо менен түзүлгөн маселени түзүүдөгү жол берилгис жөнөкөйлөтүү.

**симулякр** (түрк. *simülakr*, ор. *симулякр*, анг. *simulacra*) – иш жүзүндө түп нускага ээ болбогон көчүрмө.

**симуляция** (түрк. *simülasyon*, ор. *симуляция*, анг. *simulation*) – оорубаган адамдын ооруну же анын кээ бир симптомдорун жалган түрдө алдоо үчүн көрсөтүүсү.

**сингуляризм** (түрк. *tekilcilik*, ор. *сингуляризм*, анг. *singuliarizm*) – монизм маанисинде – дүйнөнүн негизин бир гана башаттан алып чыгаруучу философиялык багыт, эки түрү бар – материалисттик жана спиритуалисттик.

**синдикализм** (түрк. *sendikalizm*, ор. *синдикализм*, анг. *syndicalism*) – XIX к. аягында анархисттик элементтердин таасиринен улам пайда болгон жана пролетариаттын саясий партиясынын жана капитализм менен саясий күрөштүн зарылчылыгын танган жумушчулар кыймылындагы майда буржуазиялык оппортунисттик кыймыл; экономикалык гана күрөштүн усулдарын кабыл алат.

**синергия** (түрк. *sinerji*, ор. *синергия*, анг. *synergy*) – эки же андан көп факторлордун өз ара байланыштарынын биргелешкен эффекти.

**синкретизм** (түрк. *senkretizm*, ор. *синкретизм*, анг. *syncretism*) – бири-бири менен сыйышпай турган, карама-каршы көз караштын айкалышкандыгы; философияда эклектизмдин бир түрү.

**синопсис** (түрк. *özet*, ор. *синопсис*, анг. *synopsis*) – кыскача баяндама. Философиядагы, илимий коммуникациядагы бир жанр.

**синтез** (түрк. *sentez*, ор. *синтез*, анг. *synthesis*) – предметти бир бүтүн жана бирдик түрүндө алып, анын бардык бөлүктөрүнүн өз ара байланышын изилдөө усул у.

**синтетикалык ойлоо, пикир** (түрк. *sentetik yargı*, ор. *синтетическое суждение*, анг. *synthetic judgment*) – объект жөнүндөгү маалыматты кеңейткен жана жаңы маалыматты кошкон ойлом.

**синтоизм** (түрк. *sintoizm*, ор. *синтоизм*, анг. *shintoism*) – байыркы жапондордун анимисттик ишенимдерине негизделген Япониянын салттуу политеисттик дини.

**синхрония жана диахрония** (түрк. *senkron ve art zamanlı*, ор. *синхрония и диахрония*, анг. *synchronic and diachronic*) – тарыхый лингвистиканын карама-каршы аспекттери. синхрония – тилдин учурдагы (же мурда белгиленген) абалынын сүрөттөлүшү; диахрония – анын тарыхынын сүрөттөлүшү, синхрондук абалдардын өзгөрүшү.

**системалык мамиле** (түрк. *taksonomik*, ор. *систематическое отношение*, анг. *taxonomically*) – ырааттуу байланыш мамилеси, изилденүүчү нерсени (объект) белгилүү бир ыраатта (системада) караган атайын илимий таанып-билүүнүн жана социалдык турмуштун методологиялык багыты.

**скандха** (түрк. *skandha*, ор. *скандха*, анг. *skandha*) – Индия философиясындагы түшүнүк, буддачылык менен катар белгилүү болгон, бир принциби боюнча дхармдардын биригүүсүн билдирет.

**скепсис** (түрк. *kuşkuculuk*, ор. *скепсис*, анг. *scepsis*) – бардык нерсеге шектенүү, ишенбөөчүлүк менен кароо, күмөн саноо.

**скептицизм** (түрк. *kuşkuculuk*, ор. *скептицизм*, анг. *skepticism*) – объективдүү акыйкатты туура таанып-билүү мүмкүндүгүн жокко чыгарган философиялык агым.

**скотизм** (түрк. *scotizm*, ор. *скотизм*, анг. *scotism*) – XVII к. жашаган шотландиялык теолог-схоласт Д. Скоттун философиясы.

**славянчылык** (түрк. *slavofilizm*, ор. *славянофильство*, анг. *slavophilism*) – XIX к. 30-60-жылдарындагы орус коомундагы диний-философиялык агым.

**Сократ мектептери** (түрк. *Sokrates okulları*, ор. *Сократические школы*, анг. *Socratic schools*) – б.з.ч. IV к. Сократтын окуучуларынын демилгеси менен калыптанган философиялык мектептер: киниктер мектеби, кирен мектеби, мегар мектеби жана элидо-эретрий мектеби.

**Сократтык усул** (түрк. *Sokratik yöntem*, ор. *Сократический метод*, анг. *Socratic* method) – диалогдун негизинде

жаралган философиялык ой жүгүртүүнүн оригиналдуу усул у.

**солипсизм** (түрк. *tekbencilik*, ор. *солипсизм*, анг. *solipsism*) – адамдын өзүн жана анын аң-сезимин гана реалдуу жашайт деп, тышкы дүйнөнүн объективдүү түрдө бар экендигин танган субъективдүү идеалисттик багыт.

**софизм** (түрк. *sofizm*, ор. *софизм*, анг. *sophism*) – тышкы көрүнүшү боюнча туурадай көрүнүп, иш жүзүндө жалган болгон ой корутунду.

**софиология** (түрк. *sofizmcilik*, ор. *софиология*, анг. *sophiology*) – өзүнө «позитивдүү жалпы бүтүндүк» философиялык теорияны, мистикалык «эркин теургия» аркылуу искусствонун түшүнүлүшүн жана Софияны космостук чыгармачыл принцип катарында аныктаган мистикалык окууну камтыган синкреттик философиялык-диний окуу (В. Соловьев, М. Булгаков).

**софистика** (түрк. *safsata*, ор. *софистика*, анг. *sophistry*) – талаш-тартышта туура эмес далилдерди, б.а. софизмдерди колдонуу.

**софистикация** (түрк. *sofistikasyon*, ор. *софистикация*, анг. *sophistication*) – эмпирикалык ойломдорду камтыбаган таза аң-сезимдин жыйынтыктары.

**софисттер** (түрк. *sofistler*, ор. *софисты*, анг. *sophists*) – б.з.ч. V к. грек философторунун тобу. Өкүлдөрү: Протагор, Горгий ж.б.

**софия** (түрк. *sophia*, ор. *софия*, анг. *sofia*) – акылмандуулуктун өзгөчө элесин берген антикалык, орто кылым философияларындагы, иудаизмдеги, христианчылыктагы түшүнүк.

**социабилдүүлүк** (түрк. *sosyallik*, ор. *социабильность*, анг. *sociability*) – башка адамдар менен байланыштарды куруу жөндөмдүүлүгү.

**социал-демократия** (түрк. *sosyal demokrasi*, ор. *социал-демократия*, анг. *social democracy*) – социализмдин чегиндеги пайда болгон социал-экономикалык саясат жана

идеялык-саясий агым, кийин социалдык акыйкатты түзүш үчүн капитализмди жакшыртуу жолуна өткөн.

**социалдык адилеттүүлүк** (түрк. *sosyal adalet*, ор. *социальная справедливость*, анг. *social justice*) – адамзаттын коомдук идеалдарынын бири, тарыхтын өнүгүшү менен ички мазмуну өзгөрүлүп турат.

**социалдык аралык** (түрк. *sosyal mesafe*, ор. *социальная дистанция*, анг. *social distance*) – коомдук мейкиндикте социалдык топтордун жана индивиддердин абалын (карым-катнаштарын, жакындашуу жана алыстоо абалдарын) чагылдырган түшүнүк.

**социалдык аракет** (түрк. *toplumsal eylem*, ор. *социальное действие*, анг. *social action*) – коомдук же жамааттык кызыкчылыктардын жана талаптардын ишке ашырылышына багытталган бир же бир нече социалдык топтордун массалык кыймыл-аракеттери.

**социалдык атом** (түрк. *sosyal atom*, ор. *социальный атом*, анг. *social atom*) – Моренонун социометриясында социалдык ааламдын жана мамилелердин түзүлүшүнүн эң майда жана бөлүнбөгөн элемент. Адам менен айлана чөйрөдөгү адамдардын ортосундагы мамилелерден турат.

**социалдык жалпылык** (түрк. *sosyal topluluk*, ор. *социальная общность*, анг. *social community*) – туруктуу байланыштардын ыкмасы аркылуу берилген жана социалдык иш-аракеттин жалпы субъекти болуп эсептелген адамдардын реалдуу биригүүсү.

**социалдык иерархия** (түрк. *sosyal hiyerarşi*, ор. *социальная иерархия*, анг. *social hierarchy*) – бийлик, маяна, престиж ж.б. мамилелердин иерархикалык түзүмү, социалдык абалдын теңсиздигин чагылдырат.

**социалдык институт** (түрк. *toplumsal kurum*, ор. *социальный институт*, анг. *social institution*) – коомдук турмуштун маанилүү чөйрөлөрүндөгү адамдардын ишмердигин көзөмөлдөгөн жана жөнгө салган коомдун эрежелеринин жана талаптарынын жыйындысы.

**социалдык ирет** (түрк. *toplumsal dьzen*, ор. *социальный порядок*, анг. *social order*) – бир жагынан коомдук мамилелерде форманын пайда болушун, экинчи жагынан коомдук системалар менен элементтер убакыт менен мейкиндикте байланышын түшүндүргөн философиялык-социологиялык түшүнүк.

**социалдык катастрофа** (түрк. *sosyal felaket*, ор. *социальная катастрофа*, анг. *social disaster*) – тышкы шарттардын жай өзгөрүштөрүнө коомдук системанын кескин түрдө пайда болгон жоопторунун негизинде пайда болгон коомдун секирик түрдөгү өзгөрүлүштөрү, терс мааниде колдонулат.

**социалдык контроль** (түрк. *sosyal kontrol*, ор. *социальный контроль*, анг. *social control*) – коомдук ирettүүлүктү кармап турган механизм. Ишмердүүлүктүн жетилген натыйжаларын талдоонун негизинде ишке ашат.

**социалдык өз ара аракет** (түрк. *sosyal etkileşim*, ор. *социальное взаимодействие*, анг. *social interaction*) – циклдык түрдө бири бирин негиздеген коомдук кыймыл-аракеттердин системасы. Бир субъекттин кыймыл-аракети башка субъекттердин кыймыл-аракеттеринин себеби жана натыйжасы болот.

**социалдык реализм** (түрк. *sosyal gerçekçilik*, ор. *социальный реализм*, анг. *social realism*) – коомдун жана анын тарыхый өнүгүүсүн объективдүү реалдуулук катарында аныктаган социалдык-тарыхый таанып-билүүнүн жобосу.

**социалдык роль** (түрк. *toplumsal rol*, ор. *социальная роль*, анг. *social role*) – жүрүм-турумунун ар түрдүү моделдеринин системасын чагылдырган коомдук позициянын динамикалык мүнөздөмөсү

**социалдык сапаттар** (түрк. *toplumsal nitelikler*, ор. *социальные качества*, анг. *social qualities*) – адамдык тажрыйбанын, адамдардын биргелешкен же жеке ишмердигинин жыйындысы, алардын ар кандай комбинациялары, композициялары, синтездери.

**социалдык система** (түрк. *toplumsal sistem*, ор. *социальная система*, анг. *social system*) – өзүнүн табияты боюнча социалдык өзгөчөлүктөргө ээ, өз ара түрдүү байланыш жана карым-катнаштар аркылуу бириккен, айрым адамдарды жана социалдык топторду өз ичине камтыган татаал түзүлүштөгү, иреттүү биримдик.

**социалдык статистика** (түрк. *sosyal istatistik*, ор. *социальная статистика*, анг. *social statistics*) – массалык социалдык кубулуштар жана процесстердин сандык-сапаттык мүнөздөмөлөрүн изилдеген статистиканын бөлүгү.

**социалдык статус** (түрк. *sosyal durum*, ор. *социальный статус*, анг. *social status*) – коомдо же коомдун өз алынча өнүккөн социалдык подсистемада социалдык индивиддин же социалдык топтун ээлеген орду, абалы.

**социалдык стереотип** (түрк. *sosyal klişe, sterotip*, ор. *социальный стереотип*, анг. *social stereotype*) – социалдык объект жөнүндө элестетүү же болбосо схемалыштырылган стандарттуу образ.

**социалдык стратификация** (түрк. *toplumsal tabakalaşma*, ор. *социальная стратификация*, анг. *social stratification*) – коомдун түзүлүшү боюнча социологиялык окуу (страта – социалдык катмар); коомдук катмарлануунун, коомдогу позициянын, коомдун социалдык түзүлүшүнүн, түшүнүгүнүн белгилеринин жана критерийлеринин системасын белгилөөчү түшүнүк.

**социалдык тенденция** (түрк. *sosyal eğilimler*, ор. *социальная тенденция*, анг. *social trends*) – өз ара байланышта турган коомдук кубулуштар топторунун туруктуу өнүгүү чийини.

**социалдык теңчилик** (түрк. *sosyal eşitlik*, ор. *социальное равенство*, анг. *social equality*) – коомдун бардык мүчөлөрү кайсы бир тармакта бирдей статуска ээ болушу менен белгиленген коомдук түзүлүш.

**социалдык теория** (түрк. *sosyal teori*, ор. *социальная теория*, анг. *social theory*) – коомдун бүтүндүгүн же болбо-

со коомдук кубулуштардын өз ара байланышта турган чоң бөлүгүнүн түшүндүрүлүшүн жана түшүнүгүн берген илимий теория.

**социалдык топ** (түрк. *sosyal grup*, ор. *социальная группа*, анг. *social group*) – ишмердиктин жана байланыш системасынын негизинде түзүлгөн жана бирдиктүү маанилүү касиеттерге ээ болгон адамдардын бирикмелери (байланыштары формалдуу жана формалдуу эмес коомдук институттар аркылуу калыбына келтирилет).

**социалдык уюм** (түрк. *sosyal organizasyon*, ор. *социальная организация*, анг. *social organization*) – коомдо негизделген социалдык эрежелер тартиби жана коомду бир калыпта кармап турганга багытталган коомдук ишмердик.

**социалдык ыңгайлашуу** (түрк. *sosyal uyum*, ор. *социальная адаптация*, анг. *social adaptation*) – индивиддин жаңы социалдык коомдун шарттарына көнүгүү процесси.

**социалдык эволюция** (түрк. *sosyal evrim*, ор. *социальная эволюция*, анг. *social evolution*) – мурунку коомдук формадан айырмаланган коомдук форма, коомдук кубулуштун өзгөрүп-өнүгүшү.

**социалдык этика** (түрк. *sosyal etik*, ор. *социальная этика*, анг. *social ethics*) – коомдук турмуштун этикасы; коомдогу адамдын жашоосу менен негизделген мамилелер жана моралдык эрежелер жөнүндөгү окуу.

**социализм** (түрк. *sosyalizm*, ор. *социализм*, анг. *socialism*) – максаты жана идеалы катарында коомдук адилеттүүлүк, эркиндик жана теңдик принциптерин ишке ашырылышын көздөгөн окуулардын аныктамасы. Коммунизмдин алгачкы тепкичи.

**социалистик реализм** (түрк. *sosyalist gerzeksilik*, ор. *социалистический реализм*, анг. *socialist* realism) – Советтер Союзунун искусствосунда колдонулган көркөм чыгармачылыктын көз караш усул у, социализмди куруу максаттарына жооп бериши зарыл болгон жана чыгармачылыкка мамлекет саясаты аркылуу киргизилген.

**социография** (түрк. *sosyografi*, ор. *социография*, анг. *sociography*) – мейкиндик жана убакыттын чегинде аныкталган адамдардын топтук жашоосунун формаларынын графика аркылуу сүрөттөлүшү.

**социологизм** (түрк. *sosyologizm*, ор. *социологизм*, анг. *sociologism*) – бардык коомдук кубулуштун түшүндүрүлүшү социология илиминин чегинде болорун аныктаган концепция.

**социология** (түрк. *sosyoloji*, ор. *социология*, анг. *sociology*) – коом, аны түзгөн системалар, өнүгүү мыйзамдары, коомдук институттар, мамилелер жана коомчулуктар жөнүндөгү илим.

**социоматрица** (түрк. *sosyomatriks*, ор. *социоматрица*, анг. *sociomatrix*) – адамдар ортосундагы өз ара байланыштарынын илимий натыйжалары математикалык формада белгиленген коомдук изилдөө таблицасы.

**социометрия** (түрк. *sosyometri*, ор. *социометрия*, анг. *sociometry*) – инсан аралык мамилелерди эсептөө теориясы. Я. Морено тарабынан түзүлгөн.

**спекулятивдик философия** (түрк. *spekülatif felsefe*, ор. *спекулятивная философия*, анг. *speculative philosophy*) – дүйнөнү априордук жалпы принциптердин, бир беткей ой жүргүзүүнүн негизинде гана карап, тажрыйбаны жокко чыгарган идеалисттик философия.

**спекуляция** (түрк. *spekülasyon*, ор. *спекуляция*, анг. *speculation*) – философияда бул абстракттуу ой жүгүртүү, тажрыйбага кайрылбастан алынган теориялык билимдин бир түрү, спекулятивдүү ойлом.

**спинозизм** (түрк *spinozizm*, ор. *спинозизм*, анг. *spinozism*) – голландиялык философ-материалист Б. Спинозанын окуусунун өнүктүрүлүшү.

**спиритизм** (түрк. *tinselcilik*, ор. *спиритизм*, анг. *spiritism*) – өлгөндөрдүн «наркы дүйнөдөгү» жанына мистикалык түрдө ишенүү.

**спиритуалдуулук** (түрк. *tinsellik*, ор. *спиритуальность*, анг. *spirituality*) – рухий, материалдуулуктун карама-каршысы.

**спиритуализм** (түрк. *spiritüalizm, tinselcilik*, ор. *спиритуализм*, анг. *spiritualism*) – жаратылышка рухтун үстөмдүк кылышы жөнүндөгү идеалисттик окуу.

**статус** (түрк. *durum*, ор. *статус*, анг. *status*) - социалдык түзүмдө топ же индивиддин коомдук салыштырмалуу абалы.

**стационардык** (түрк. *sabit*, ор. *стационарный*, анг. *stationary*) – бир калыптагы, туруктуу; өзгөрүлбөгөн, туруктуу, кыймылсыз (илимий); стационардык абал.

**стиль** (түрк. *stil*, ор. *стиль*, анг. *style*) – жүрүм-турумдун, баарлашуунун, ой жүгүртүү образынын өзгөчөлүктөрүн мүнөздөгөн жашоо жана ишмердиктин формасы.

**стихия** (түрк. *öge, unsur*, ор. *стихия*, анг. *element*) – 1. Антикалык философияда жаратылыштын элементи. 2. Токтолбой турган, адаттан тыш табигый кубулуш.

**стихиялуу материализм** (түрк. *ögesel materyalizm*, ор. *стихийный материализм*, анг. *spontaneous materialism*) – материяны элементтер түрүндөгү дароо көрүнүштөрү менен идентификациялаган материализмдин бир түрү. Мындай элемент катары от, суу, аба же жер каралышы мүмкүн.

**стоицизм** (түрк. *stoacılık*, ор. *стоицизм*, анг. *stoicism*) – алгачкы эллинизмдин мезгилинде пайда болгон жана антикалык дүйнөнүн соңуна чейин сакталган философиялык мектеп. б.з.ч. 300-ж. Байыркы Грецияда Китондук Зенон тарабынан негизделген. Стоиктер жашоонун эң жакшы жолун табуу үчүн эки нерсени – дүйнөнүн табиятын (жана андагы сенин ордуңду) жана адамдын ой жүгүртүү табиятын түшүнүү керек деп эсептешкен.

**сторге** (түрк. *sevgi*, ор. *сторге*, анг. *love*) – сүйүү деп которулган байыркы грек төрт сөзүнүн бири. Башкалары – эрос, филия, агапе.

**страта** (түрк. *tabaka*, ор. *страта*, анг. *stratum*) – социалдык бөлүнүүнүн батыш социологиясындагы түшүнүгү.

**структурализм** (түрк. *yapısalcılık*, ор. *структурализм*, анг. *structuralism*) – заманбап философиялык ойдун багыты жана интеллектуалдык кыймылы; структураларды изилдөөгө, коом менен маданиятты талдоо үчүн лингвистикалык моделдерди колдонууга, объективизм жана холизм принциптерине негизделген XX к. коомдук илимдериндеги дисциплиналар аралык багыт.

**сублимация** (түрк. *yüceltme, süblimasyon*, ор. *сублимация*, анг. *sublimation*) – коргонуу механизминин жетилген түрү, мында коомдук кабыл алынгыс импульстар же идеализациялар коомдук алгылыктуу иш-аракеттерге же жүрүм-турумга айланып, балким, баштапкы импульстун узак мөөнөттүү өзгөрүшүнө алып келет.

**субмаданият** (түрк. *alt kültür*, ор. *субкультура*, анг. *subculture*) – социологиялык, антропологиялык жана культурологиялык түшүнүк: жалпы көпчүлүктөн жүрүм-туруму менен айырмаланган коомдук маданияттын бөлүгү.

**субординация** (түрк. *itaat, bağlılık*, ор. *субординация*, анг. *subordination*) – бир түшүнүктүн башка бир кеңири түшүнүккө баш ийиши же болбосо индивиддин баш ийген жана башкарган мамилелер системасындагы абалы.

**субрепция** (түрк. *yanıltıcı ifade*, ор. *субрепция*, анг. *subreption*) – кандайдыр бир жобону туура эмес жол менен далилдөө.

**субсистенция** (түрк. *canlılık*, ор. *субсистенция*, анг. *subsistence*) – бул терминди орто кылым философиясында Боэций жана Гилберт Порретандык «зат» термини менен бирге колдонгон.

**субстанция** (түрк. *töz, cevher*, ор. *субстанция*, анг. *substance*) – бардык заттардын, көрүнүштөрдүн түпкү негизи, мазмуну; классикалык рационалдуулуктун философиялык категориясы, объективдүү чындыкты, анын көрү-

нүшүнүн жана өзүн-өзү өнүктүрүүнүн бардык формаларынын ички биримдиги аспектисинде белгилөө.

**субституция** (түрк. *yerine koyma*, ор. *субституция*, анг. *substitution*) – кандайдыр бир түшүнүктү ага тең башка түшүнүк менен алмаштыруу.

**субстрат** (түрк. *töz*, ор. *субстрат*, анг. *substratum*) – нерсенин ар түрдүү касиеттеринин материалдык негизи; ар түрдүү нерселердин биримдүүлүгүнүн материалдык негизи.

**субсумция** (түрк. *özet*, ор. *субсумция*, анг. *subsummation*) – баш ийүү. Тактап айтканда, логикада – белгилүү бир түшүнүктүн жалпы түшүнүккө баш ийиши; эски логика.

**субъект** (түрк. *subje, özne*, ор. *субъект*, анг. *subject*) – билген жана аракет кылган адам, билимдин объектиси катары тышкы дүйнөгө каршы турган жандык.

**субъективдүү** (түрк. *öznel, sübjektif*, ор. *субъективный*, анг. *subjective*) – субъекттин ойлорун, сезимдерин, сезип кайгыруусун чагылдырган түшүнүк.

**субъективдүү идеализм** (түрк. *sübjektif idealizm*, ор. *субъективный идеализм*, анг. *subjective idealism*) – дүйнөнүн негизинде субъекттин аң-сезими, туюму жатат деп эсептеген идеализмдин багыты. Өкүлдөрү: Дж. Беркли, Д. Юм ж.б.

**субъективдүү рух** (түрк. *öznel tin*, ор. *субъективный дух*, анг. *subjective spirit*) – Г.В.Ф. Гегелдин философиясында өзү менен өзү байланышта болгон (туюмда, сезимде, ойлоодо, жеке адамдын эркинде) рух.

**субъективдүү фактор** (түрк. *sübjektif faktör*, ор. *субъективный фактор*, анг. *the subjective factor*) – субъекттин ишмердиги – ар түрдүү деңгээлдерди, формаларды камтыган жана өзгөрүүгө, өнүгүүгө же коомдук шарттардын сакталышына багытталган массалардын, катмарлардын, партиялардын, инсандардын ишмердиги.

**субъективдүүлүк** (түрк. *öznellik*, ор. *субъективность*, анг. *subjectivity*) – адамдын курчап турган дүйнө, анын көз

караштары, сезимдери, ишенимдери жана каалоолору жөнүндөгү идеяларын ойлоочу субъект катары билдирүү.

**субъективизм** (түрк. *öznelcilik*, ор. *субъективизм*, анг. *subjectivism*) – дүйнөгө көз карашынын позициясы, объективдүү чындыкка жакындоодон четтөө, жаратылыш менен коомдун объективдүү мыйзамын тануу.

**субъекттин өлүмү** (түрк. *öznenin ölümü*, ор. *смерть субъекта*, анг. *death of the subject*) – заманбап философиялык ой жүгүртүүдө орун алган субъект-объект оппозициянын аныктамасынын жоголушунун амбиваленттүү багытындагы эки чектин бирөөсүн түшүндүрүш үчүн постмодернисттик метафоралык түшүнүк.

**суггестия** (түрк. *etkilenmek*, ор. *суггестия*, анг. *impression*) – психикалык жактан таасирленүү, ой жүгүртүү процессинин башка тараптын таасиринин астында өзгөрүшү.

**сулуулук** (түрк. *güzellik*, ор. *красота*, анг. *beauty*) – эстетикалык категория (тышкы көрүнүш же ички рухий сулуулук).

**суммисттер** (түрк. *summa üzerine çalışanlar*, ор. *суммисты*, анг. *sumists*) – орто кылымда теологиялык ой-пикирлер көп айтылган жыйнактарды кыскача баяндоочулар (мис.Фома Аквинский).

**супернатурализм** (түрк. *doğaüstücülük*, ор. *супернатурализм*, анг. *supernaturalism*) – жаратылыштан тышкары өз алдынча жашаган чындык бар деп эсептеген окуу.

**суппозиция** (түрк. *varsayım*, ор. *суппозиция*, анг. *supposition*) – Орто кылымдык логиканын концепциясы, биринчи жолу И. Д. Скот тарабынан каралып, ал тарабынан өзгөрүлмө терминди ар түрдүү бир тектүү объекттерден алынган белгилүү бир туруктуу термин менен алмаштыруу мүмкүнчүлүгү же мүмкүн эместиги катары түшүнүлгөн.

**сутра** (түрк. *sutra*, ор. *сутра*, анг. *sutra*) – байыркы индиялык философиялык, диндик, илимий жана юридикалык трактаттар.

**суфизм** (түрк. *tasavvuf*, ор. *суфизм*, анг. *sufism*) – Исламдагы аскеттик-мистикалык агым, өзүнө окууларды да, рухий амалдарды да камтыган, адамдын рухий жамандыктары менен күрөшүүгө жана инсандын рухий тарбиясына багытталган. Мусулман аскетизми жана классикалык Ислам философиясынын негизги багыттарынын бири.

**сүйлөө** (түрк. *konuşmak*, ор. *говорить*, анг. *speak*) – учурдагы формалдуу логикада сөз формасында иштин тигил же бул жагдайына карата, убакыт, кызыкчылык, элестетүү, максат, аффект, курчаган чөйрө, жыныс, жаш курак шартына ылайык айтылган сөз же сүйлөм.

**сүйүү** (түрк. *aşk/sevgi*, ор. *любовь*, анг. *love*) – сезимдин жана эрктин башка инсанга жактырып багытталышы; сүйүктүү предметке «өзүн берүү» жана ошол эле учурда аны «өзүнүкү» кылуу, эмоциялык чекте аны менен «биригип кетүү» муктаждыгы менен коштолуучу адамзаттык жалпылык же идея.

**сүрүп чыгаруу** (түрк. *dışlamak*, ор. *вытеснение*, анг. *crowding out*) – психоанализдин негизги түшүнүктөрүнүн бири; «мен» үчүн ылайыксыз импульстарды жана каалоо сезимдерин эс-акыл чөйрөсүнөн эс-акылдын тышкаркы аймакка активдүү унутуудан турган психиканын коргондуу механизми.

**сфералардын гармониясы** (түрк. *kürelerin uyumu*, ор. *гармония сфер*, анг. *harmony of the spheres*) – сфералардын музыкасы, планеталардын музыкалык тыбышы жөнүндө антикалык окуу (космостун музыкалык-математикалык түзүлүшү).

**схоластика** (түрк. *skolastik felsefe*, ор. *схоластика*, анг. *scholasticism*) – 1. Орто кылымдардагы диний идеалисттик философиянын жалпы аты. 2. Турмуштан жана практикадан таптакыр ажыраган жана курулай баш айланткан окуу.

**схолии** (түрк. *şerh*, ор. *схолии*, анг. *scholium*) – философияда түшүндүрүүлөр, түшүнүк берилген эскермелер.

**сциентизм** (түрк. *bilimcilik*, ор. *сциентизм*, анг. *scientism*) – коомдун маданият системасында жана идеялык турмушунда илимдин ролун абсолютташтыруу концепциясы.

**сы шу** (түрк. *sy shu*, ор. *сы шу*, анг. *sy shu*) – Кытайдагы каноникалык тексттердин биримдиги, Чжу Си аркылуу XII к. конфуцийчиликке киришүү катарында аныкталган (өзүнө «Да сюэ», «Чжун юн», «Лунь юй» менен «Мэнцзыны» камтыйт).

**сын жана өзүн өзү сындоо** (түрк. *eleştiri ve öz eleştiri*, ор. *критика и самокритика*, анг. *criticism and self-criticism*) – коом карама-каршылыктарын ачуунун жана жоюунун ыкмасы. Инсандын өнүгүшүнүн маанилүү шарты.

**сын реализми** (түрк. *eleştirel gerçekçilik*, ор. *критический реализм*, анг. *critical realism*) – XIX к. аягында XX к. башында немец, англис жана америкалык философиянын идеалисттик тармагы. И. Канттын «сын философиясынан» келип чыккан азыркы илим философиясынын багыты. Сын реализминин алгачкы принциптери Германияда XIX к. аягында XX к. башында түзүлгөн.

**сырткы жана ички** (түрк. *dış ve iç*, ор. *внешнее и внутреннее,* анг. *external and internal*) – нерселер менен кубулуштардын өз ара, жалпы байланыш формаларынын бир тарабын билдирген философиялык түшүнүктөр. Сырткы – бир предметтин аны курчап турган башка предметтер менен өз ара байланышы. Ички – нерсенин бир бүтүндүк катары өз элементтери менен болгон байланышы.

# Т

**таасир этүү** (түрк. *etkilemek*, ор. *влияние*, анг. *influence*) – адамдардын өз ара аракетинин натыйжасында, инсандын жүрүм-турумун, максаты менен ниетин, көз карашы менен мамилесин ж.б. өзгөртүү процесси жана анын жыйынтыгы.

**табигый чечим** (түрк. *doğal çözüm*, ор. *природное решение*, анг. *natural solution*) – феноменологиянын түшүнүгү катары катардагы адамдардын нукура турмушунда болчу дүйнөгө «табигый» мамилени туюндурат.

**табият** (түрк. *doğa*, ор. *природа*, анг. *nature*) – 1. Кең маанисинде бүткүл дүйнөнү, андагы формалардын көп түрдүүлүгүн чагылдырган философиялык түшүнүк. Материя, универсум менен бир катарда пайдаланылат. 2. Табият таануу илимдеринин объектиси. 3. Тар мааниде – тирүү организмдердин жана адам коомунун жашоосу үчүн зарыл болуп эсептелген табигый шарттардын жыйындысы, биосфера.

**табу** (түрк. *tabu*, ор. *табу*, анг. *taboo*) – байыркы элдерде кандайдыр бир ишмердүүлүккө, сөзгө же буюмга тыюу салуу; ушундай тыюу салынган иш, жүрүм-турум же нерсе.

**тагдыр** (түрк. *kader*, ор. *судьба*, анг. *fate*) – мифологияда жана иррационалисттик философиялык системада адамдын кылган иши жана окуясы, акылга сыйбаган жана акыл жеткис жөнөкөйлүк аң-сезимден алдын ала аныкталгандыгы. Адамдын башына түшкөн иш, жагдай, турмуш.

**талант** (түрк. *yetenek*, ор. *талант*, анг. *talent*) – тажрыйба менен ачылган тубаса өзгөчө, уникалдуу жөндөм, шык.

**талаш-тартыш** (түрк. *anlaşmazlık*, ор. *спор*, анг. *dispute*) – пикирлердин кагылышуусу: талкууланган маселелерди өзүнүн түшүнүгүнө жараша далилдөө менен бирге башка тараптын далилдөөсүн жокко чыгарган аракеттерди жасоо.

**талион** (түрк. *kısas*, ор. *талион*, анг. *talion*) – жазалоонун чеги келтирилген зыянга карата аныкталган жазалоонун берилишинин принциби.

**талмуд** (түрк. *talmud*, ор. *талмуд*, анг. *talmud*) – иудаизмдин укуктук жана диний-этикалык эрежелеринин көп томдуу жыйнагы.

**танатология** (түрк. *tanatoloji*, ор. *танатология*, анг. *thanatology*) – өлүмдүн талдоосуна арналган орус философиясынын агымы.

**тандоонун аксиомасы** (түрк. *sezim aksiyomu*, ор. *аксиома выбора*, анг. *axiom of choice*) – көптүктөр теориясынын аксиомасы төмөнкүчө түзүлөт. Эгер тандоонун көптүгүнүн элементтери болуп кесилишпеген бош эмес көптүгү эсептелсе, анда С жана Т көптүгүнүн ар биринен жок дегенде бир элементтен турган бир көптүк бар болот. Эгер кесилишпеген көптүгүнүн бирикмеси берилсе, ар бир чогулган көптүктөн бирден элементти тандап алып Z көптүгүн түзсө болот.

**тантризм** (түрк. *tantrizm*, ор. *тантризм*, анг. *tantrism*) – I к. брахманизмде жана буддизмде пайда болгон диний ырым-жырымдар жөнүндөгү жашыруун окуу.

**тануунун тануу мыйзамы** (түрк. *olumsuzlamanın olumsuzlaması yasası*, ор. *закон отрицания отрицания*, анг. *law of negation of negation*) – диалектиканын үч мыйзамынын бири. Улантуучулуктун, өнүгүүнүн спиралдуу формасын, жаңы менен эскинин байланышын, бийик тепкичтеги эски тепкичтин кээ бир касиеттеринин сакталышын чагылдырганы менен өнүгүүнүн прогрессивдүү мүнөзүн далилдейт.

**тап** (түрк. *sınıf*, ор. *класс*, анг. *class*) – жалпы кызыкчылыктар жана баалуулуктар таандык болгон адамдардын туруктуу тобу. Тап жана таптык күрөш концепциялары Европада XIX к. таралат (А. Сен-Симон, О. Тьерри, Ф. Гизо ж.б.). К. Маркс жана Ф. Энгельс таптардын өкүм сүргөнүн өндүрүш өнүгүшүнүн белгилүү тарыхый фазалары менен байланыштырган, тап күрөштү тарыхтын кыймылдаткыч күчү катары карашкан.

**тартип** (түрк. *emir*, ор. *порядок*, анг. *order*) – коомдук турмуштун ирети, адамдардын коомдогу калыптанган укуктук жана моралдык эрежелерине же кайсы бир уюм-

дун талаптарына жооп берүүчү жүрүм-турумунун белгилүү бир ырааттуулугу.

**тарых философиясы** (түрк. *tarih felsefesi*, ор. *философия истории*, анг. *philosophy of history*) – коомдук тарыхтын маңызы жана максаты, ошондой эле анын кыймылдаткыч күчтөрү менен байланышкан маселелерди изилдейт.

**тарыхты материалисттик түшүнүү** (түрк. *materyalist tarih anlayışı*, ор. *материалистическое понимание истории*, анг. *materialistic understanding of history*) – марксисттик-лениндик философиянын курамдык бөлүгү. Материянын биринчилиги жана аң-сезимдин экинчилиги жөнүндөгү марксисттик философиянын негизги гносеологиялык принциби коомдук болумду биринчи жана коомдук аң-сезимди экинчи деп таануу катары тарыхты материалисттик түрдө конкреттештирет.

**тарыхтын маңызы** (түрк. *tarihin anlamı*, ор. *смысл истории*, анг. *meaning of history*) – адамзаттын алдында турган жана аны эволюциянын негизинде ишке ашырыла турган максатты мүнөздөгөн тарых философиясынын ири түшүнүгү.

**тарыхый доор** (түрк. *tarihi dцnem*, ор. *историческая эпоха*, анг. *historical era*) – бул тарыхтын объективдүү белгилердин негизинде айырмаланып турган узакка созулган жана сапаттык жактан өзгөчөлүү көрүнгөн мезгили.

**тарыхый жана логикалык** (түрк. *tarihi ve mantıklı*, ор. *историческое и логическое*, анг. *historical and logical*) – бир жактан, логикалык таанып-билүүнүн жүрүшү менен, экинчи жактан, жалпы алганда коомдун тарыхый өнүгүшүнүн, айрым алганда таанып-билүүнүн тарыхый өнүгүшүнүн өз ара катышын билдирүүчү философиялык түшүнүктөр.

**тарыхый материализм** (түрк. *tarihsel materyalizm*, ор. *исторический материализм*, анг. *historical materialism*) – адамзат коомунун өнүгүшүнүн эң эле жалпы мыйзамдары жөнүндөгү марксисттик-лениндик окуу.

**тарыхый мектеп** (түрк. *tarihi okul*, ор. *историческая школа*, анг. *historical school*) – XIX к. ортосунда Германияда пайда болгон саясий экономиялык багыт.

**тарыхый процесстеги кокустук** (түрк. *tarihsel süreçte bir kaza*, ор. *случайность в историческом процессе*, анг. *accident in historical process*) – окуялардын ортосунда түз, туруктуу, бир бирине көз каранды болгон байланыштардын жоктугу менен белгиленген реалдуу чындыктын байланыштарын аныктаган философиялык түшүнүк.

**тарыхый субъект** (түрк. *tarihsel özne*, ор. *исторический субъект*, анг. *historical subject*) – тарыхый эволюциянын багытын жана аны аныктаган энергияны камтыган ишмердиктин жамааттык коомчулугун белгилеген түшүнүк.

**тарыхый финализм** (түрк. *tarihsel sonuç*, ор. *исторический финализм*, анг. *historical finalism*) – тарыхый процессти баштапкы мезгилден баштап соңку учуруна чейин созулган кыймыл катарында чагылдырган тарыхый сезим, сезгичтик. Тарыхтын соңу адамдын максатынын чечилишин жана тарыхтын маңызынын ишке ашырылышын белгилейт.

**тезис** (түрк. *tez*, ор. *тезис*, анг. *thesis*) – 1. Логикада сөздүн же ой-пикирдин түпкү негизи. 2. Илимий эмгектин, макаланын, чыгарманын кыскартылган түпкү мазмуну. 3. Г.В.Ф. Гегелдин философиясында триаданын биринчи баскычы.

**теизм** (түрк. *teizm*, ор. *теизм*, анг. *theism*) – дүйнөнү Кудай жаратат жана аны Кудай башкарат деп эсептөөчү диний мистикалык көз караш.

**тейлоризм** (түрк. *taylorculuk*, ор. *тейлоризм*, анг. *taylorism*) – америкалык инженер Ф.У.Тейлордун ысмынан аталган. XIX-XX к. АКШда пайда болгон эмгекти уюштуруу жана өндүрүштү башкаруу системасы.

**тек** (түрк. *genesis*, ор. *генезис*, анг. *genesis*) – алгач бул термин байыркы грек мифологиясында колдонулган. Андан ары философияда Фалес, Гераклит, И. Кант, Г.В.Ф.

Гегель ж.б. тарабынан жана табигый илимдерде колдонула баштаган. Тек – эскинин чегинде жаңынын өбөлгөлөрүнүн келип чыгышы жана анын негизинде жаңы предметтин же кубулуштун калыптанышы.

**текстик талдоо** (түрк. *metin analizi*, ор. *текстовой анализ,* анг. *text analysis*) – текстти нон-финалдык маани жаратуу процесси катарында көрсөткөн постмодернисттик текстологиянын методологиялык стратегияларынын бирөөсү. Тексттин маани-мазмунун талдоо.

**телекинез** (түрк. *telekinezi*, ор. *телекинез*, анг. *telekinesis*) – парапсихологияда адамдын жөндөмдүүлүгүн ойдун физикалык объекттерге болгон таасири аркылуу белгилеген түшүнүк.

**телеология** (түрк. *teleoloji*, ор. *телеология*, анг. *teleology*) – энтелехиядан же акылдуу чыгармачыл эрктен келип чыккан болумдун максаттуулугу жөнүндө онтологиялык окуу.

**телепатия** (түрк. *telepati*, ор. *телепатия*, анг. *telepathy*) – белгилүү коммуникацияларды пайдаланбаган жана туруктуу эксперименттик далилдөөлөргө ээ болбогон мээнин ойлорду, образдарды, сезимдерди жана түшүнүксүз абалды башка бир мээге же организмге аралык аркылуу берүү же кабыл алуу гипотетикалык жөндөмдүүлүгү.

**тематикалык талдоо** (түрк. *tematik analiz*, ор. *тематический анализ*, анг. *thematic analysis*) – илимпоздордун илимий ишмердүүлүгүнүн негизинде жаткан ой жүгүртүүнүн терең, туруктуу түзүлүшүн көңүлгө алган илим тарыхын изилдөө ыкмасы.

**темперамент** (түрк. *mizaç*, ор. *темперамент*, анг. *temperament*) – тышкы дүйнөнүн тийгизген таасирине жооп берүүдөгү кишинин сезиминин активдүүлүгү.

**тенденция** (түрк. *akım*, ор. *тенденция*, анг. *trend*) – кандайдыр бир көрүнүштүн өнүгүү багыты; бир нерсеге карай болгон умтулуш, бет алыш.

**теңдешсиз адам** (түрк. *aşkın insan*, ор. *сверхчеловек*, анг. *superman*) – Европадагы салттуу идеалисттик түшүнүк. Рухий жана дене кубаты жагынан кишинин табигый мүмкүнчүлүгүнөн ашып түшкөн, адаттан тышкары өзгөчө сапатка ээ адам.

**теңдик** (түрк. *eşitlik*, ор. *равенство*, анг. *equality*) – адамдардын коомдогу бирдей абалын туюндурган түшүнүк.

**теогония** (түрк. *teogoni*, ор. *теогония*, анг. *theogony*) – кудайлардын пайда болушу жөнүндөгү миф.

**теодицея** (түрк. *teodise*, ор. *теодицея*, анг. *theodicy*) – Кудайды актоочу диний философиялык окуу.

**теократия** (түрк. *teokrasi*, ор. *теократия*, анг. *theocracy*) – чиркөөлүк бийлик менен катар саясий бийлик да дин кызматкерлерине таандык болгон башкаруунун формасы.

**теологиянын башталышы** (түрк. *ilahiyatın başlangıcı*, ор. *начала теологии*, анг. *beginnings of theology*) – «Теологиянын негиздери» теориялык философия боюнча Проклдун V к. чыгармасы. Неопозитивизмдин негизги түшүнүктөрүнүн жана усулдарынын өзүнчө жыйындысы сыяктанган жападан жалгыз эмгек.

**теорема** (түрк. *teorem*, ор. *теорема*, анг. *theorem*) – чындыгы далилдөөгө муктаж болгон жана далил менен белгиленген математикалык сунуш, билдирүү.

**теориялык жана эмпириялык** (түрк. *teorik ve ampirik*, ор. *теоретическое и эмпирическое*, анг. *theoretical and empirical*) – илимий таанып-билүү ишмердүүлүгүнүн эки багытын түзгөн илимий билимдин эки түрү. Теориялык-рационалдык таанып- билүүгө таянат.

**теориялык ой-жүгүртүү** (түрк. *teorik düşünme*, ор. *теоретическое мышление*, анг. *theoretical thinking*) – практикалык кыймыл-аракеттерге түздөн түз алып келбеген ой жүгүртүү, теориялык дүйнө реалдуу дүйнөдөн идеалдык мүнөзү менен айырмаланат.

**теория** (түрк. *teori*, ор. *теория*, анг. *theory*) – тажрыйбаны, коомдук практиканы жалпылоо, билимдин бул же

тигил тармагындагы жетекчи идеялардын системасы, жаратылыштын жана коомдун өнүгүшүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүн илимий түшүндүрүү.

**теософия** (түрк. *teozofi*, ор. *теософия*, анг. *theosophy*) – «тиги дүйнө» менен байланышуу аркылуу «кудуретти» таанып билүүгө болот деген диний-мистикалык окуу.

**термин** (түрк. *terim*, ор. *термин*, анг. *term*) – илим, искусство, техника же өндүрүшкө тиешелүү атайын бир түшүнүктү так атоо үчүн алынып, көбүнчө бир мааниде колдонулуучу сөз же сөз тизмеги.

**терминология** (түрк. *terminoloji*, ор. *терминология*, анг. *terminology*) – билимдин бир тармагында колдонулган терминдердин биримдиги. Терминдер тууралуу илим.

**теургия** (түрк. *terapi*, ор. *теургия*, анг. *theurgy*) – эзотерикалык христианчылыктын багыты, Кудай менен биригүү максатында сыйынуу аркылуу Кудайды сүйүү мистикалык абалына келүү; Кудай менен бирге адамдын иш-аракети, Кудай-адамзаттык чыгармачылык.

**техника философиясы** (түрк. *teknoloji felsefesi*, ор. *философия техники*, анг. *philosophy of technology*) – технологиянын табиятын түшүнүүгө жана анын коомго, маданиятка жана адамга тийгизген таасирин баалоого багытталган философиялык изилдөөлөр чөйрөсү.

**технократия** (түрк. *teknokrasi*, ор. *технократия*, анг. *technocracy*) – XX к. башында пайда болгон буржуазиялык-социологиялык агым.

**технологиялык детерминизм** (түрк. *teknolojik determinizm*, ор. *технологический детерминизм*, анг. *technological determinism*) – коомдук өнүгүүнү техниканын прогрессине такаган философиялык жана социологиялык изилдөөлөрдөгү теориялык-методологиялык багыт.

**технофобия** (түрк. *teknofobi*, ор. *технофобия*, анг. *technophobia*) – алдыңкы технологияларга жана татаал электрондук нерселерге болгон коркунуч же жек көрүү.

**тибеттик «өлгөндөр китеби»** (түрк. *tibet «ölüler kitabı»*, ор. *тибетская «книга мертвых»*, анг. *tibetan «book of the dead»*) – «Бардо Тхедол», адамдын аң-сезими физикалык өлүмдөн баштап башка формада пайда болушуна чейин өтө турган абал-тепкичтердин тибет буддизми салттуулугуна карата сүрөттөлүшү.

**тил искусствосу (**түрк. *sanatın dili*, ор. *язык искусства*, анг. *the language of art***)** – искусствонун ар бир түрүндө көркөм образдын курулушунун атайын чагылдырган тарыхый түрдө калыптанган каражаттардын биримдиги.

**тил оюндары (**түрк. *dil oyunları*, ор. *языковые игры*, анг. *language games***)** – тилди конвенционалдык эрежелердин системасы катарында чагылдырган термин. Витгенштейн сунуштаган.

**тил философиясы (**түрк. *dil felsefesi*, ор. *философия языка*, анг. *philosophy of language***)** – таанып-билүүдө, аң-сезимдин түзүлүшүндө жана билимде тил менен сүйлөөнүн негиздерин ачыкка чыгарган философиянын изилдөө тармагы.

**тил функциялары же тилди колдонуу (**түрк. *dilin işlevleri veya dilin kullanımı*, ор. *функции языка, или употребление языка*, анг. *the functions of language, or the use of language***)** – 1. Коммуникативдик – баарлашуу касиети. 2. Когнитивдик – мазмундуу алып баруу касиети. 3. Аккумулятивдик – билимди сактоо жана өткөрүү функциясы.

**тилектештик (**түрк. *dayanışma*, ор. *солидарность*, анг. *solidarity***)** – бирөөнүн иш-аракети жана пикирине болгон кызыгуу; кызыкчылыктардын биримдиги.

**тип (**түрк. *tip*, ор. *тип*, анг. *type***)** – изилденип жаткан реалдуулуктун типологиялык жактан тандалган бирөөсүн чагылдырган термин.

**типологизация (**түрк. *tipoloji*, ор. *типологизация*, анг. *typology***)** – изилденип жаткан объекттердин биримдигин ар түрдүү, өздөрүнүн касиеттерине ээ болгон топторго идеал-

дык модель аркылуу бөлүү багытындагы илимий таанып-билүүнүн усулу.

**типология** (түрк. *tipoloji*, ор. *типология*, анг. *typology*) – 1. Нерселерди кубулуштардын жалпылаган моделдин же типтин жардамы менен топторго бөлүүгө негизделген илимий таанымдын ыгы. 2. Типтүү конструкцияларды иштеп чыгуу же стандартташтыруунун усулдарынын бири.

**типтүү** (түрк. *tipik*, ор. *типическое, типичное*, анг. *typical*) – алгачкы образга умтулган нерсе же кыймылдардын түрү.

**тихизм** (түрк. *tychism*, ор. *тихизм*, анг. *tychism*) – ааламды кокустуктук бийлейт деп эсептеген окуу.

**токтотуу** (түрк. *frenleme*, ор. торможение, анг. *braking*) – өнүгүүнүн басаңдап калышы, нерсе же процесстин кыймылынын басаңдашы.

**толстойчулук** (түрк. *Tolstoy okulu*, ор. *толстовство*, анг. *school of Tolstoy*) – XIX к. аягында XX к. башында Россияда негизделген диний-этикалык мүнөздөгү коомдук агым. Лев Толстойдун окуусу.

**толуктоо** (түрк. *fazlalık*, ор. *дополнение*, анг. *additionality*) – заманбап илимдин методологиялык жана эвристикалык принциби, ал белгилүү бир мүнөздөгү объекттерди сүрөттөө үчүн колдонулат, түшүнүктөрдүн бири-бирин жокко чыгарган класстарын (кошумча) киргизет, алардын ар бири өзгөчө шарттарда колдонулуучу жана алардын жыйындысы бул объекттердин бүтүндүгүн кайра чыгарууга мүмкүндүк берет.

**томизм** (түрк. *thomizm*, ор. *томизм*, анг. *thomism*) – орто кылымдарда жашаган теолог Фома Аквинскийдин жана анын жолун жолдоочулардын философиялык окуусу.

**топика** (түрк. *başlık*, ор. *топика*, анг. *topic*) – Аристотелдин логикага арналган Органон аттуу чыгармасынын бир бөлүгү. Топикада далилдөөнүн ыкмаларына жана анын негизделишине көңүл бурулат.

**тоталдуулук** (түрк. *bütünlük*, ор. *тотальность*, анг. *totality*) – жалпылык, бардыгын ичине алуучулук, бирдиктүүлүк.

**тоталитаризм** (түрк. *totalitarizm*, ор. *тоталитаризм*, анг. *totalitarianism*) – 1. Авторитардык мамлекеттин бир түрү. 2. Саясий ой-пикирдин этатизм менен авторитаризмди актаган багыты.

**тотем** (түрк. *totem*, ор. *тотем*, анг. *totem*) – алгачкы коомдогу адамдар кулдук уруп сыйынышкан айбан, өсүмдүк же нерсе.

**тотемизм** (түрк. *totemizm*, ор. *тотемизм*, анг. *totemism*) – тотем ишенимине негизделген байыркы диндердин бири.

**төңкөрүш** (түрк. *devrim*, ор. *революция*, анг. *revolution*) – адамзаттык ишмердүүлүктүн кайсы бир тармагындагы терең, басымдуу, чукул өзгөрүү, революция.

**трагедиялык** (түрк. *trajik*, ор. *трагический*, фатально печальный, анг. *tragic*) – өлүм же чоң баалулуктарды жоготуу жөнүндө сөз козгогон жана кайгыруу сезимдерди туудурган окуя, кубулуш же тагдыр.

**традуционизм** (түрк. *gelenekçilik*, ор. *традуционизм*, анг. *traditionalism*) – креационизм жана Платон менен Оригендин жашоонун алдындагы теориясы менен бирге жандын пайда болушу жөнүндөгү теологиялык окуу.

**транзитивдик** (түрк. *geçişli*, ор. *транзитивный*, анг. *transitive*) – өткөөл, түз кошумчага ээ болгон.

**транс** (түрк. *trans*, ор. *транс*, анг. *trance*) – маалыматты иштеп чыгууда аң-сезимдик катышуунун чеги өзгөргөн психиканын функционалдык абалы, адамдын жашоосундагы аң-сезимдик менен андалбагандыктын биргелешүүсү, аң-сезимдин өзгөргөн абалдары.

**трансинтеллигибелдик** (түрк. *anlaşılmaz*, ор. *трансинтеллигибельный*, анг. *transintelligible*) – адамдын акыл-эсинин чегинен тышкары, ага түшүнүксүз нерсе (Н. Гартман киргизген).

**транссубъективдик** (түрк. *özne ötesi*, ор. *транссубъективный*, анг. *transsubjective*) – гипноздо колдонулган убакыттын субъективдик өзгөрүүсү – басаңдашы.

**трансцедентaлдык эркиндик** (түрк. *aşkın özgürlük*, ор. *трансцендентальная свобода*, анг. *transcendental freedom*) – рационалдык деңгээлде өздөрүн өздөрү негиздегендиги, автономиялык принципте жашагандыгы.

**трансцендентaлдык феноменология** (түрк. *transandantal/aşkın fenomenoloji*, ор. *тарнсцендентальная феноменология*, анг. *transcendental phenomenology*) – өзүнүн максатын таанып-билип жаткан аң-сезимдин априордук тажрыйбага келүүсүндө көргөн XX к. философиянын багыты (аң-сезимди табигый эрежелерден бошотуу).

**трансцендентaлдык философия** (түрк. *transandantal/aşkın felsefe*, ор. *трансцендентальная философия*, анг. *transcendental philosophy*) – борборунда трансценденталдык (тажрыйбадан көз каранды эмес) жана трансценденттик (билимден тышкары) түшүнүктөрдү караган, таанып-билүүнүн шарттарын жана чектерин белгилеген, билимдин объективдүүлүк жана интерсубъективдүүлүк маанисин чагылдырган философиялык багыт; И. Канттын философиясы.

**трансцендентaлдык эстетика** (түрк. *transandantal estetik/aşkın estetik*, ор. *трансцендентальная эстетика*, анг. *transcendental aesthetics*) – мүмкүн боло турган тажрыйбанын алгачкы кадамдарын негиздеген мейкиндик менен убакытты көз алдында элестетүү формалары катарында караган окуу; И. Канттын философиясынын биринчи бөлүгү; сезимдик кабыл алуу жөнүндөгү окуу.

**трансцендентaлизм** (түрк. *transandantalizm/aşkıncılık*, ор. *трансцендентализм*, анг. *transcendentalism*) – АКШда XIX к. Бостондук радикалдык интеллигенциянын өкүлдөрү (трансценденталдык клуб) аркылуу негизделген философиялык-адабий агым.

**трансценденция** (түрк. *aşkın*, ор. *трансценденция*, анг. *transcendence*) – таанып-билүүгө принциптүү түрдө мүмкүн болбогондукту же тажрыйбага таянбагандыкты мүнөздөгөн философиялык түшүнүк.

**трансценденталдык** (түрк. *transandantal/aşkınsal*, ор. *трансцендентальный*, анг. *transcendental*) – чектин ар түрдү тараптарында жайгашкан мазмундун бөлүктөрүнүн байланыштыруусу И. Канттын идеалисттик философиясында кубулуштарды тажрыйбадан көз карандысыз, априордук таануу.

**трансценденттик жана трансценденталдык** (түрк. *aşkın ve aşkın*, ор. *трансцендентное и трансцендентальное*, анг. *transcendental and transcendental*) – Кудай болумун адамдын жөндөмдүүлүктөрү аркылуу билгенге мүмкүн эмес деп эсептеген теизм окуусунун схоластикалык мүнөздөгү философиялык түшүнүктөрү; кийин И. Канттын философиясында кеңири колдонулган.

**триада** (түрк. *üçlü, ор. триада*, анг. *triad*) – болуунун жана ой жүгүртүүнүн кыймылынын үч ритмин билдирген философиялык термин. Термин гректин «триас» сөзүнөн – үчилтиктен келип чыккан.

**тримурти** (түрк. *trimurti*, ор. *тримурти*, анг. *trimurti*) – брахмандардын I к. чыккан окуусу. Ал окууга ылайык Кудай брахма (жараткыч) катарында, Вишна (сактоочу) катарында, Шива (бузуп жоючу) катарында көрүнөт.

**тринитаризм** (түрк. *üçlü birlik*, ор. *тринитаризм*, анг. *trinitarianism*) – Кудайдын үчилтиги тууралуу христиан окуусун чагылдырган теологиялык түшүнүк.

**трипитака** (түрк. *tripitaka*, ор. *трипитака*, анг. *tripitaka*) – Будда Шакьямунинин өлүмүнөн кийин Биринчи Буддалык соборунда негизделген буддачылыктын ыйык китептеринин жыйнагы.

**трихотомия** (түрк. *trikotomi*, ор. *трихотомия*, анг. *trichotomy*) – үч негизги бөлүккө бөлүнүү; Г.В.Ф. Гегелдин философиясы трихотомиялык мүнөздө; адамды үч бө-

лүктөн турган жандык (рухтан, жандан, денеден турган) концептуалдык көз карашты чагылдырган теологиялык термин.

**тубаса идеялар** (түрк. *doğuştan gelen fikirler*, ор. *врожденные идеи*, анг. *innate ideas*) – сезим дүйнөсүнө эч катышы жок, адамдын акыл-эсине башынан, төрөлгөнгө чейин эле тиешелүү, тажрыйбадан көз каранды эмес түшүнүктөр, билүүлөр, элестер.

**туура сегиз жол** (түрк. *doğru sekiz katlı yol*, ор. *правильный восьмеричный путь*, анг. *correct eightfold path*) – буддизмде азап чегүүдөн куткаруучу жашоонун «ортоңку жолу».

**туруктуу** (түрк. *sabit*, ор. *константа*, анг. *constant*) – ар бир эсепте же өзгөрүүдөгү туруктуулук.

**туюм** (түрк. *sezgi*, ор. *интуиция*, анг. *intuition*) – акыйкатка түздөн-түз жетүү жөндөмдүүлүгү. Акыйкатты түздөн-түз көрүү, ага далилдөө аркылуу негизделбестен жетүү жөндөмдүүлүгү.

**түбөлүк чындык** (түрк. *sonsuz gerçek*, ор. *вечная истина*, анг. *eternal truth*) – адатта догматикалык, метафизикалык окуулар менен диний китептерде, чындык дайыма түбөлүктүү, б.а. бардык мезгилде жана шарттарда өзгөрбөстөн калуусу керек дегенди билдирген жана кабыл алынган түшүнүк.

**түбөлүктүүлүк** (түрк. *sonsuzluk*, ор. *вечность*, анг. *eternity*) – дүйнөнүн материалдык бирдиктүүлүгү, материянын жана анын атрибуттарынын кимдир бирөө тарабынан жаратылбаганы жана жок болуп кете албаганы менен шартталган, материалдык дүйнөнүн жашоо мөөнөтүнүн чексиздиги, учу-кыйыры жоктугу.

**түзүлүш** (түрк. *yapı*, ор. *структура*, анг. *structure*) – системалардын уюштурулушунун ички формасы жана стуктурасы.

**түр жана түркүм** (түрк. *tür ve cins*, ор. *вид и род*, анг. *kind and genus*) – катмарлардын мамилесин чагылдырган-

га негизделген логикалык түшүнүктөр; бирөө экинчисин өзүнө камтыса түркүм болот, камтылганы болсо түр болот.

**түш көрүү** (түрк. *rüya*, ор. *сновидение*, анг. *dream*) – көзгө элестөөлөр жана баштан өткөргөн субъективдүү көрүнүштөр менен коштолуучу уйку учурундагы дайыма боло бере турган кадыресе психикалык процесс

**түшүндүрмө** (түрк. *tercüme*, ор. *толкование*, анг. *interpretation*) – нерсени, кубулушту же окуяны түшүнүү максатында мазмунун субъективдүү түрдө иштеп чыгуу.

**тынчтык** (түрк. *barış*, ор. *мир*, анг. *peace*) – адамдардын, социалдык топтордун же мамлекеттердин ортосундагы мамилелердин абалы, анда куралдуу күчтөрдү жана зомбулукту колдонуу менен жаңжалдар болбойт.

**тынчтыкта жанаша жашоо** (түрк. *barış içinde bir arada yaşama*, ор. *мирное сосуществовани*е, анг. *peaceful coexistence*) – коомдук түзүлүш түрүнө карабастан мамлекеттердин ортосундагы мамилелердин тиби, ал төмөнкүлөрдү: талаш маселерди согушсуз чечүүнүн каражаты катары күч колдонуудан же күч менен коркутуудан баш тартууну; бири-биринин ички иштерине кийлигишпөө жана мыйзамдуу таламдарын эсепке алуу; элдердин өз тагдырларын өз алдынча чечүүлөрүнө укук берүү; мамлекеттердин эрктүүлүгүн, аймактык бүтүндүгүн жана алардын чек араларынын бузулгустугун урматтоо; толук тең укуктуулугун жана өз ара пайданын негизинде кызматташуу; жалпы таанылган принциптердин жана эл аралык укуктук ченемдерден, түзүлгөн эл аралык келишимдерден келип чыгуучу милдеттенмелерди ак ниеттүүлүк менен аткарууну ичине камтыйт.

**Тюбинген мектеби** (түрк. *Tübingen okulu*, ор. *Тюбингенская школа*, анг. *Tubingen school*) – немецтик, протестанттык теологиянын багыты. Тюбинген университетинде өнүккөн.

# У

**У-вэй** (түрк. *Wu wei*, ор. *У-вей*, анг. *Wu wei*) – кытай тилинен которгондо кыймылсыз, аракетсиз, пассив деген маанини билдирет. Дао философиясында «Да-де-цзин»дин негизги түшүнүктөрүнөн бири болуп саналат. Кытай философиясында, айрыкча б.з.ч. IV-III к. алгачкы даосизм философторунун арасында ааламдын табигый агымына туура келбеген эч кандай иш-аракеттерди жасабоо, табигыйлуулукту кабыл алуу, табият менен гармонияда болуу маанисинде каралган.

**убакыт** (түрк. *zaman*, ор. *время*, анг. *time*) – философиялык категория. Болумдун өтмүшү, учуру, келечеги менен тыгыз байланышта жана окуянын өлчөмүн, узактыгын чагылдырып турат. Нерселердин жана кубулуштардын болумун жана жашоо узактыгын чагылдырат. Өзгөрүү жана процесс бар жерде убакыт да бар. Убакыт кайталанбайт: бардык процесстер, жаратылыштын кубулуштары бир абалда бир жолу гана болот. Философтор салттуу түрдө убакыт реалдуулуктун көз карандысыз өзгөчөлүгүбү же жөн эле биздин тажрыйбабыздын аспектисиби; убакыттын башталышы бар деп ойлоонун мааниси барбы; эмне үчүн убакыт бир багыттуу, ал эми өтмүш жана келечек асимметриялуу; убакыт тынымсыз агып жатабы же дискреттик моменттерден/көз ирмемдерден турабы; убактылуу ырааттуулук мамилелеринен бөлөк абсолюттук убакыт барбы; убакытта саякаттоого болобу сыяктуу суроолорго басым жасашат.

**убакыт жебеси** (түрк. *zaman yayı*, ор. *осевое время*, анг. *arrow of time*) – убакыттын бир тараптуу же жалпы өзгөрүү багытын же асиметриясын белгилеген түшүнүк. Бул түшүнүк 1927-ж. британиялык астрофизик А.С. Эддингтон тарабынан киргизилген. Бул багыт, Эддингтондун айтымында, атомдордун, молекулалардын жана денелердин түзүлүшүн изилдөө аркылуу жана дүйнөнүн төрт өлчөмдүү релятивисттик картасын тартуу аркылуу аныкталы-

шы мүмкүн. Убакыттын космологиялык жебеси ааламдын кеңейүү багытын көрсөтүп турат. Бул термодинамикалык жебе менен байланыштуу болушу мүмкүн, же болбосо, бул ааламдын эволюциясындагы биздин ордубуздун артефакты болушу мүмкүн. Бул убакыт жебеси убакыттын башка жебелери менен байланыштуу болсо, анда аныктама боюнча келечек ааламдын чоңойгон багыты болуп саналат, аалам кичирейгендин ордуна кеңейет.

**уйку, түш** (түрк. *rüya*, ор. *сон*, анг *dream*) – физиологиялык жана психологиялык жашоонун өзгөрүүсү менен мүнөздөлөт. Элестөөлөр жана баштан өткөргөн субъективдүү көрүнүштөр менен коштолуучу дайыма боло бере турган кадыресе психикалык процесс. Психиканы жана организмди турукташтыруу түш көрүүнүн негизги кызматы болуп саналат. Уйку түшүнүгү тааным теориясы, онтология, этика, аң-сезим философиясы сыяктуу философиянын тармактарында жана когнитивдик илимдерде ар кайсы аспекттен талкууга алынып келет.

**укук** (түрк. *hukuk*, ор. *право*, анг. *law*) – гуманитардык илимдерде көп аспекттен каралуучу түшүнүктөрдүн бири болуп эсептелет. Укукту эркиндиктин ченеми катары аныктоо мүмкүн. Укук жөнүндөгү ойлорду калыптандыруучу көптөгөн багыттар бар; табигый укук теориясы, психологиялык теория, материалисттик теория, ченемдик багыт ж.б. Укук – мамлекет тарабынан орнотулган адамдардын жүрүм-турум эрежелеринин системасы. Укуктун болушу жана өнүгүшү үчүн негизги принциптери жана идеялары болот. Адилеттүүлүк, тең укуктуулук, гумандуулук, демократия сыяктуу жалпы принциптер бар.

**укук философиясы** (түрк. *hukuk felsefesi*, ор. *философия права*, анг. *philosophy of law*) – укуктун маңызын, тегин, өтүмдүүлүгүн, принциптерин, жоопкерчиликтерин, башка илимдер менен болгон байланышын философиялык жол менен аныктайт. Өзгөчө рухий кубулуш жана коомдук мамилелердин өзгөчө формасы катары укуктун онтология-

лык, гносеологиялык жана аксиологиялык маселелерин изилдөөчү илимий дисциплина болуп саналат. Термин катары XVIII к. пайда болгонуна карабастан, б.з.ч. V-IV к. байыркы грек философтору укук, мыйзам, адилеттүүлүк, тууралык, мамлекет жөнүндө философиялык көз караштарды жана идеяларды айтышкан.

**улутчулдук** (түрк. *milliyetçilik*, ор. *национализм*, анг. *nationalism*) – тил, тарых жана маданияттын бирдиктүүлүгүнө таянган улуттун же мамлекеттин негизги баалуулугу катары кабыл алган түшүнүк. Улутчулдук – бул бир доктрина. Улуттук иденттүүлүк саясий таанууга ээ болушу, улуттардын укуктарынын болушу жана улуттун мүчөлөрү ошол укуктарды коргоо үчүн биригип турушу керек. Жарандык, диний ишеним, тил, кээ бир аныктоочу тарыхый тажрыйбалар улуттук өзгөчөлүктү калыптандырууда негизги ролду ойнойт.

**универсалдуу** (түрк. *evrensel*, ор. *универсальный*, анг *universal*) – жалпы, дүйнөлүк маанини билдирет жана бүтүндөй дүйнө, аалам менен байланышкан термин болуп эсептелет. Ар кандай таанып-билүүнүн универсалдык принциби тажрыйбадан жана конкреттүү учурлардан индуктивдүү түрдө чыгарылган жөнөкөй жалпы принциптен айырмаланат. Мисалы, И. Канттын пикири боюнча, адеп-ахлактык милдет бардык шарттарда бардык адамдарга тиешелүү универсалдуу принцип болуп саналат. Ал эми коомдук өкүм – бул жалпы принцип. Ал таза аң-сезимге негизделбестен, кеңири таралган социалдык факт катары гана айтылат. И. Кант көбүнчө акыл-эстин формаларынын же категорияларынын универсалдуулугун, тажрыйбадан чыгарылган мыйзамдардын жалпылыгына карама-каршы коёт. Универсалдуу түшүнүк акылдан, ал эми жалпы идея тажрыйбадан алынат.

**универсалдуу мораль** (түрк. *evrensel ahlak*, ор. *универсальный мораль*, анг *universal moral*) – универсалдуулуктун концепциясы кээ бир философтор тарабынан калыстыктын

жана адилеттүүлүктүн адеп-ахлактык принциптери үчүн рационалдуу негиз болуп саналат деп эсептелген. Эгерде мен башкаларга карата кандайдыр бир жол менен иш-аракет кылышым керек деп ойлосом, анда «керек» универсалдуулугу башкалардын да мага карата ушундай иш-аракет кылышы керек экенин кабыл алышымды талап кылат. Бул мени башкалардын кызыкчылыктарын менин жеке кызыкчылыктарымды эске ала турган чечимдерди гана кабыл алууга милдеттендирет деп айтылат.

**Упанишаддар** (түрк. *Upanişadlar*, ор. *Упанишады*, анг. *Upanishads*) – байыркы Индияда санскрит адабиятындагы кара сөз жана ыр түрүндөгү диний-философиялык трактаттар. Бул трактаттар Ведалардын бир бөлүгү болуп эсептелет. Упанишаддар болжол менен б.з.ч. VIII-VI к. таандык. Упанишад сөзү санскрит тилинен которгондо устаттын жанында отуруу, үйрөнүү деген маанини билдирет. Упанищаддардын борборунда адамдын өзүн жана курчап турган дүйнөнү таанып-билүүсү, диний-философиялык маселелер орун алган. Онтологиялык, метафизикалык, этикалык ж.б. темалар камтылган. Негизги окуусу - Брахман (Ааламдын абсолюттук жана объективдүү башталышы) менен Атмандын (субъект, индивид) биримдиги жөнүндө. Абстракттуу идеялар мисалдардын жана аллегориянын жардамы менен түшүндүрүлөт, дүйнөнүн биримдиги жөнүндөгү философиялык концепция болуп саналат. Абсолюттук чындык – бул таза болум жана таза бакыт. Ал эч кандай формага ээ эмес жана сөз менен түшүндүрүү мүмкүн эмес.

**усул** (түрк. *yöntem*, ор. *метод*, анг. *method*) – аңдап-билүүнүн жана практикалык кыймыл-аракеттин операцияларынын жана жолдорунун жыйындысы. Аңдап-билүүдө жана тажрыйбада белгилүү натыйжаларга жетүү жолу.

**утилитаризм** (түрк. *utilitarianizm, faydacılık*, ор. *утилитаризм*, анг. *utilitarianism*) – этикалык теория, пайда жашоонун принциби катары кабыл алынуусу. Этикада пайданын принцип жана пайдалуу нерсенин жакшы ка-

тары кабыл алынышы. Утилитаризм XVII к. аяктарында Англияда пайда болуп, И. Бентам, Дж. С. Милль жана Г. Сиджвиктин көз караштарынын негизинде калыптанган. Алардын этикалык жана саясий окууларында утилитаризм «мүмкүн болушунча көптөгөн адамдын же коомдун бактылуулугу» катары каралат. Азыркы күндөгү утилитаризмди утилитардык ойдун айрым формалдуу жана талаштуу аспектилерине көңүл буруу, утилитаризмдин өзүндөгү маанилүү ар түрдүүлүктөрдү жана пикир келишпестиктерди көрсөтүү, өзүнчө элементтерге бөлүп көрсөтүү аркылуу түшүнүү мүмкүн.

**утопия** (түрк. *ütopya*, ор. *утопия*, анг. *utopia*) – рационалдуу жана моралдык принциптерге, адамдын табиятына, тарыхына же ойлоп табылган технологиялык мүмкүнчүлүктөргө негизделген альтернативалуу социалдык абалдарды долбоорлоочу сынчыл жана чыгармачыл ой жүгүртүү. Утопия – реалдуу дүйнөдө болбогон фантастикалык үлгүдөгү мамлекеттин чагылдырылып берүүсү катары да каралат. Платондун «Мамлекет» аттуу эмгегинде сүрөттөлгөн мамлекет буга мисал боло алат. Утопия сөзү Т. Мурдун белгилүү саясий-философиялык «Утопия» аттуу эмгегинен кийин философияда термин катары колдонула баштаган. Кийинчерээк бул багытта көптөгөн эмгектер жарыяланган.

**утопиялык социализм** (түрк. *ütopik sosyalizm*, ор. *утопический социализм*, анг. *utopian socialism*) – мүлктүн жалпылыгына, чогуу эмгектенүүгө жана адилеттүү бөлүштүрүүгө негизделген идеалдуу коом жөнүндөгү окуу. Утопиялык социализм түшүнүгү Т. Мурдун «Утопия» деп аталган эмгегинен келип чыккан. Утопиялык социализмдин өкүлдөрү: Т. Мюнцер, Т. Кампанелла, Ж. Мельс, Морелли, Г. Бабёф, А. Сен-Симон ж.б. Утопиялык социализмдин негизги идеясы – байлык, мүлктү бөлүштүрүүдөгү адилеттүүлүк.

**уят** (түрк. *utanç*, ор. *стыд*, анг. *shame*) – адам адеп-ахлак жактан өзүн-өзү көзөмөлдөөчү этикалык категория. Моралдын талаптарына карама-каршы келген же адамдын

беделин кемсинткен иш жасаган кишиде пайда болчу сезим. Адамдын тынчы кетип, жүрүм-турумун күнөөлөп өзүнө канааттанбай, жасаган ишине өкүнгөндө уялуу абалы жаралат. Уят сезимин пайда кылуучу аракет коомдук-тарыхый мүнөзгө ээ жана моралдык эрежелердин өнүгүшүнөн көз каранды. Ошондой эле башкалардын, өзгөчө жакын кишилеринин чеки жүрүм-турумун, жасаган ишин көргөндө да уялуу пайда болуп, бет кызарат, башкаларды тик карай албайт. Уялуу сезими адам башынан кечирген жарамсыз кылыктарын эстегенде да пайда болот.

# Ү

**үй-бүлө** (түрк. *aile*, ор. *семья*, анг. *family*) – адамдардын никеге, бир туугандыкка, алардын өз ара моралдык жоопкерчиликтерине, үй тиричилигинин жалпылыгына негизделип бирге жашашкан коомдун тобу. Үй-бүлөнүн турмушу материалдык (биологиялык, чарбалык) жана рухий (адеп-ахлактык, укуктук, психологиялык, этикалык) көрүнүштөр менен мүнөздөлөт.

**үнөм** (түрк. *tasarruf*, ор. *экономия*, анг. *economy*) – бир нерсени коротууда үнөмдөп калуу, пайда көрүү (сарпталбаган калдык), туура пайдалануудан алынган эсеп, бөлүк.

**үчилтик** (түрк. *üçleme*, ор. *трилогия*, анг. *trilogy*) – ой жүгүртүүнүн үч баскычтуу өнүгүүсүн билдирген философиялык термин. Философиялык түшүнүк катары алгач Платон жана неоплатониктер тарабынан колдонулган. Кийин Г.В.Ф. Гегелдин философиясында кеңири каралып өнүктүрүлгөн. Г.В.Ф. Гегелдин үчилтиги философиясында фундаменталдык түшүнүктөрдүн бири болуп саналат. Ал акылды (логика), табиятты (табият философиясы) жана рухту (рух философиясы) бөлүп көрсөтүү менен ааламдын ар бир объектисинин өнүгүшүн түшүндүрөт. Муну менен бирге диалектикалык үчилтиги да маанилүү орунга ээ. Бардык өнүгүүнүн процессин тезис, антитезис, синтез деп

үч баскычка бөлүп, анын жардамы менен табияттын жана коомдун чыныгы өнүгүшүн түшүндүргөнгө аракеттенет.

**үчүнчүнү четке кагуу мыйзамы** (түрк. *üçüncülüğü reddetme*, ор. *закон исключение третьего*, анг. *the principle of excluded middle*) – формалдуу логиканын бири-бирине карама-каршы эки пикир берилсе, алардын бирөө гана туура, үчүнчү чындык жок (А деген А же А эмес, үчүнчү жол жок) деген маанилүү мыйзам. Аристотель тарабынан анын «Метафизика» деп аталган эмгегинде сунуш кылынган. «Tertium non datur» деген латынча аталыш менен кеңири белгилүү.

# Ф

**факт** (түрк. *olgu*, ор. *факт*, анг. *fact*) – 1. Чындыктын, окуянын, жыйынтыктын синоними. Категориялык-синтаксистик түзүлүшкө ээ болгон объект. 2. Логикада жана илимдин методологиясында факт эмпирикалык окуунун формасы катары теорияга жана гипотезага каршы коюлат. Илимде фактордун жыйынтыгы теориялардын жаралышына эмпирикалык негиз болот. Теорияны жана гипотезаны текшерүүдө факт чоң роль ойнойт.

**факторлор теориясы** (түрк. *olgular teorisi*, ор. *теория факторов*, анг. *theory of factors*) – социологиялык позитивдик концепция, Батышта жана Орусияда XIX к. аягынан баштап белгилүү боло баштаган. Факторлор теориясынын башкы өзгөчөлүктөрү – социологияда монизмдин четтелиши, тең укуктуу факторлордун (экономика, дин, адеп-ахлак, техника, маданият ж. б.), тарых менен коомдун механикалык карым-катышы. Бул концепция адамдын эркиндигине курал катары кызмат кылат жана адам өзүнүн тагдырын жаратат деген пикирге алып келет.

**фальсификация** (түрк. *yanlışlanabilirlik*, ор. *фальсификация*, анг. *falsification*) – жөнөкөй мааниде жасалма, логикада жана илимдин методологиясында гипотезанын реал-

дуу чегинин кыскарышы маанисинде каралат. Теориялык билдирүүлөрдүн (гипотезалардын) чындыгын тажрыйбанын натыйжасында алынган эмпирикалык маалыматтар менен салыштыруу аркылуу жокко чыгаруу жолдорунун бири. Фальсификация формалдуу логикалык байланышка негизделет, эгерде жокко чыгаруу логикалык жактан байкоонун бири-бирине дал келген билдирүүлөрүнүн жыйындысынан келип чыкса, ага ылайык теориялык пикир жокко чыгарылат.

**фальсификация принциби** (түрк. *yanlışlanabilirlik prensibi*, ор. *принцип фальсификации*, анг. *principle of falsification*) – эксперименттин же теориялык талдоонун натыйжасында теориянын туура эместигин (жалгандыгын) текшерүү жолжобосу. К.Р. Поппер верификациянын неопозитивисттик принцибинен айырмаланган илимди илим эместен, жалган илимден бөлүү ыкмасы катары фальсификация принцибин сунуштаган. К.Р. Поппердин пикири боюнча, мындай билдирүүлөр гана илимий статуска ээ, негизи фальсификацияланганда принциптүү түрдө фальсификацияланбагандардан ажыратылат.

**фанатизм** (түрк. *fanatiklik, fanatizm*, ор. *фанатизм*, анг. *fanaticism*) – диний-философиялык, улуттук же саясий чөйрөдөгү ишенимдерге, идеяларга аябай берилүү, сокур ишенүү жана башка пикирлерди, көз караштарды четке кагуу же кабыл албоо. Бул түшүнүк адамдын эмоционалдык, баалоочу кабылдоолору менен тыгыз байланышта, ошондуктан менталитетке жана жүрүм-турумга байланышкан сапат катары коомдо кездешет.

**фантазия** (түрк. *fantezi*, ор. *фантазия*, анг. *fantasy*) – психикалык образ, элестетүүдөн жаралган кыял. Элестетүүнүн өзгөчөлүгүн, күчтүүлүгүн билдирген эс-тутум, ой жоруу жана кыялдануу. Кыялдануунун чеги жок. Фантазиянын өзүнүн мыйзам ченемдери да бар.

**фантасмагория** (түрк. *fantasmagori*, ор. *фантасмагория*, анг. *phantasmagoria*) – 1. Укмуштуу элес, бири-бири

менен байланышы болбогон кыялдар. 2. Физикалык оптикалык аспаптар аркылуу элестетиле турган фантазиялык элес.

**фантастика** (түрк. *fantastik*, ор. *фантастика*, анг. *fantastic*) – чындык менен байланышы болбогон, кыялдануунун жана элестетүүнүн негизинде келип чыккан образдар, чыгармалар. Турмушта болбогон, жомоктогудай, реалдуу эмес кубулуштардын же предметтердин таң каларлык айкалышы. Кыялдануунун натыйжасы катары фантазия бар-жок сыяктуу кандайдыр бир чындыкка, реалдуулукка каршы турат.

**фатализм** (түрк. *fatalizm, yazgıcılık*, ор. *фатализм*, анг. *fatalism*) – антидиалектикалык дүйнө тааным түшүнүгү, тагдырга, жазмышка ишенүү. Адам бул жашоодо эч нерсени өзгөртө албайт, баары анын тагдырына алдын ала жазылган деген көз караш. Дүйнөдө болуп жаткан бардык процесстер зарылчылыктын үстөмдүгүнө баш ийет, эркиндикке жана чыгармачылыкка орун жок. Байыркы мифологияда кудайлардын адамдарга болгон таасиринин күчтүүлүгү даңазаланган, кудайларга баш ийүү идеясы өнүккөн. Философиянын тарыхында фатализм концепциясы ар кандай формада каралган. Мисалы, стоиктердин окуусу боюнча, тагдыр космоско үстөмдүк кылат. Г.В. Лейбництин окуусунда монадалардын өз ара аракетин Кудай алдын ала аныктайт. Ф.В.Й. Шеллингдин объективдүү идеалисттик системасында, эркиндик менен зарылдыктын ортосундагы ажырым чыныгы инсандарды эркин аракеттенүү мүмкүнчүлүгүнөн ажыратат.

**фатум** (түрк. *kader, alınyazısı*, ор. *фатум*, анг. *fate*) – Байыркы Римде тагдыр маанисинде колдонулган. Жогорку башкаруучу катары Юпитердин көрүнгөн эрки. Ошондой эле, адамдардын, шаарлардын жана башкалардын жеке тагдыры маанисинде да колдонулган. Стоиктерде фатум түшүнүгү дүйнөнү башкаруучу күч маанисинде каралган.

**фашизм** (түрк. *faşizm*, ор. *фашизм*, анг. *fascism*) – саясий идеология, кыймыл жана саясий режим. Термин алгач 1920-1930-жылдары Италияда колдонулган. Кийинчерээк башка өлкөлөргө жайылган. Фашисттик өлкөлөр демократияга ар дайым каршы болуп келишкен. Германиядагы гитлердик фашизм экинчи дүйнөлүк согушту жараткан. Фашизмдин идеологиясы - иррационализм, чектен чыккан шовинизм, расизм жана антигумандуулук.

**феминизм** (түрк. *feminizm*, ор. *феминизм*, анг. *feminism*) – жыныстык басмырлоого каршы, аялдардын тең укуктуулугун жана эркиндигин коргоо максатында пайда болгон коомдук кыймыл. Аялдардын коомдогу ордун ар тараптуу; социалдык-философиялык, социологиялык, психологиялык жана маданий жактан талдоого алган тармак.

**феномен** (түрк. *fenomen, görüngü*, ор. *феномен*, анг. *phenomenon*) – 1. Өзгөчө, башкаларга окшобогон факты, көрүнүш, кубулуш. 2. Кубулушту же нерсени туюп-билүү сезимдеринин негизинде таанып-билүүнү туюндуруучу философиялык түшүнүк. И. Канттын философиясында феномен ноуменден айырмаланат. И. Кант феномен түшүнүгү аркылуу маңызды кубулуштан айырмалоого аракет жасаган. Э. Гуссерлдин философиясында кеңири изилденген.

**феноменализм** (түрк. *fenomenalizm*, ор. *феноменализм*, анг. *phenomenalism*) – тезиске негизделген таанып-билүү жөнүндөгү окуу. Туюп билүү сезимдери таанып-билүүнүн объектиси болуп саналат. Ашыкча феноменализм субъективдүү идеализмге – дүйнө «идеялардын», «сезимдердин комплекстеринин» жыйындысы же агностицизмге –сезимдердин артында эмне катылганын биле албайбыз дегенге алып келет. Орточо феноменализм ыраатсыз материализмге же канттык агностицизмге алып келет.

**феноменология** (түрк. *fenomenoloji, görüngübilim*, ор. *феноменология*, анг. *phenomenology*) – философиянын багыттарынын, тармактарынын бири болуп саналат. Э. Гуссерль тарабынан негизделген. Феномендер, кубулуштар жөнүн-

дөгү окуу. Философиялык аң-сезимди натуралистик аң-сезимден ажыратып кароо жана философиялык өңүттөн талдоого алуу. Феноменологиялык усулдар: феноменологиялык редукция жана трансценденталдык редукция.

**феодализм** (түрк. *feodalizm*, ор. *феодализм*, анг. *feudalism*) – дүйнөлүк-тарыхый прогресстин жүрүшүндөгү коомдук-экономикалык формациялардын өзгөрүшүнүн бирдиктүү диалектикалык процессинин негизинде келип чыккан доор. Феодалдардын дыйкандарды эксплуатациялоосуна негизделген феодалдык коомдун антагонизми социалдык карама-каршылыктардын ар түрдүү формаларын пайда кылган. Алардын ичинен эң жогорку формасы элдик, дыйкан-плебейдик көтөрүлүштөр жана согуштар менен чагылдырылган.

**фетишизм** (түрк. *fetişizm, tapınakçılık*, ор. *фетишизм*, анг. *fetishism*) – өзгөчө кубулуштурга, табийгаттан тышкаркы күчтөргө сыйынуу, сыйкырга, жансыз нерселердин күчүнө ишенүү. Нерселерге өзгөчө социалдык сапаттарды ыйгарып, маданият жараткан касиеттерди табигый нерсе катары кабыл алган коомдук, идеологиялык, экономикалык мамилелер жана ага байланыштуу көз караштар. Метафизикалык материализм жана агартуучулук сыны фетишизмде жеке аң-сезимдердин элестерин, алдамчылыктын кесепеттерин көргөн.

**фидеизм** (түрк. *fideizm, inancılık*, ор. *фидеизм*, анг. *fideism*) – илимди дин менен бириктиргенге умтулган, илимди жана философияны динди коргоо үчүн колдонууга аракеттенген окуу. Илимдин чөйрөсүн кыскартуу менен фидеисттер: «илимпоздор чындыктын түпкү тамырына жете албайт» – деп ишенишкен. Азыркы учурдагы фидеизм илимди дээрлик жокко чыгарбайт, объективдүү чындыкка гана каршы чыгат. Фидеисттик окуу илимдин методологиялык өзгөчөлүгүнөн кол үзүүнү көксөйт.

**физика** (түрк. *fizik*, ор. *физика*, анг. *physics*) – табият жөнүндөгү окуу. Материалдык бөлүкчөлөрдүн, заттын

жана талаалардын касиеттери жана кыймыл мыйзамдары, атомдордун түзүлүшү, гравитациялык, электрдик, магниттик өз ара аракеттешүүлөр жана молекулалык процесстер жөнүндөгү илим. Байыркы доордо физика жаратылыш жөнүндөгү маалыматтардын жыйындысын билдирген жана философиянын бир бөлүгү катары каралып келген. Кийинчерээк физика нерселердин кыймылын жөнгө салуучу мыйзамдар (механика), үн (акустика), жылуулук, электрдик, магниттик жана оптикалык кубулуштардын себептери жөнүндөгү окуу катары түшүнүлө баштаган.

**физикализм** (түрк. *fizikalizm*, ор. *физикализм*, анг. *physicalism*) – логикалык позитивизмдин концепцияларынын бири, Р. Карнап, О. Нейрат тарабынан иштелип чыккан. Физикализмдин өкүлдөрү кайсы гана илим болбосун, аларды физиканын мыйзамына ылайыкташтырууга аракеттенишкен. Илимдин бир тилде болушун жакташкан. Бирок алар күткөн жыйынтык болгон эмес.

**фикционализм** (түрк. *fiksiyonalizm/yapıntıcılık*, ор. *фикционализм*, анг. *fictionalism*) – адамдын туюп-билүүсү аркылуу таанып-билүү мүмкүн болбогон, бирок чындыкка туура келбесе да жашоодо керектүү экендигине ишенген философиялык багыт.

**фикция** (түрк. *yapıntı*, ор. *фикция*, анг. *fiction*) – чындыкка туура келбеген жана көбүнчө бир белгилүү максат үчүн пайдаланыла турган атайын түзүлгөн абал. Чындыкка туура келбеген нерсе.

**философия** (түрк. *felsefe*, ор. *философия*, анг. *philosophy*) – акылмандыкты сүйүү, болумдун алгачкы принциптери жөнүндөгү илим. Адамдын дүйнөдөгү ээлеген ордуна карата ааламга болгон көз-караштары, адамдын дүйнө негиздерин таанып-билүүсү. Философиянын негизги бөлүктөрүнө: онтология, таанып-билүү теориясы, логика, этика, эстетика, аксиология ж.б. кирет.

**философиялык антропология** (түрк. *felsefi antropoloji, insanbilim*, ор. *философская антропология*, анг. *philosophical*

*antrophology*) – адамдын табияты, маңызы, дүйнө көрүмү, адамдын ким экендиги жөнүндөгү философиялык окуу. Философиянын тармагы катары XVIII к. баштап пайда болгон, 1920-ж. философиялык багыт катары М. Шелер жана X. Плеснер тарабынан негизделген. Жашоо философиясынын (В. Дильтей) идеяларынан жана Э. Гуссерлдин феноменологиясынан башат алып, кийинчерээк прагматизм (А. Гелен), «маданий антропология» (Э. Ротханнер), экзистенциализм, структурализм идеяларын жайылтуу менен бирге адам жөнүндөгү бирдиктүү окууну түзүүгө умтулат.

**философиялык логика** (түрк. *felsefi mantık*, ор. *философская логика*, анг. *philosophical logic*) – логикалык изилдөөгө багытталган кең аймакты камтыйт. XX к. экинчи жарымында философиялык логика термини пайда болгон, бирок кеңири жайылып кете алган эмес.

**философиялык таш** (түрк. *felsefe taşı*, ор. *философский камень*, анг. *philosophers stone*) – акылмандык ташы, алхимиялык түшүнүк. Күйүүчү затардан, башка металлдардан алтын жана күмүш сыяктуу асыл металдарды жасоо аракети. Бул түшүнүк байыркы доордо өтө маанилүү орунду ээлеп келген (Алхимия).

**финитизм** (түрк. *finitizm/sonlu*, ор. *финитизм*, анг. *finitism*) – чексиздиктин категориясынын объективдүү-реалдуу мазмунун жокко чыгарган философиялык концепция. Чексиздикке ааламда, микро-ааламда, биздин ой-жүгүртүүбүздө дагы орун жок. Адам баласы тажрыйба жүзүндө ар дайым түбөлүктүү эмес нерселер менен иш алып барат. Финитизм метафизикалык жактан түбөлүктүү жана чектүү нерселерди бири-бирине карама-каршы коёт.

**форма** (түрк. *biçim,* ор. *форма*, анг. *form*) – философияда өтө маанилүү түшүнүктөрдүн бири. Бир нерсенин түзүлүшү, маанилүү маңызы. Форма мазмунга жана материяга карата аныкталат. Мазмунга карата форма – бул мазмундун иретi жана ички байланышы. Материяга карата форма – форма менен материянын биримдиги болгон болум

жөнүндөгү билимдин маңызы, мазмуну. Ошол эле учурда нерсенин мейкиндик формасы нерсенин маңызы катары форманын өзгөчө учуру болуп саналат. Форма түшүнүгү метафизика, логика, эстетика, этика сыяктуу философиялык дисциплиналарда ар кайсы өңүттөн ар кандай мааниде каралат.

**формалдык логика** (түрк. *biçimsel mantık*, ор. *формальная логика*, анг. *formal logic*) – формалдык логикада бир нерсенин мазмунунун тууралыгына караганда сырткы түзүлүшүнүн тууралыгына көбүрөөк маани берилет. Ой жүгүртүү актысын изилдеген илим (түшүнүк, талкуу, ой-жүгүртүүнүн жыйынтыгы). Формалдык логиканын негизги милдети - аныкталган, такталган илимдин мыйзамын, принциптерин формалдаштыруу. Аристотелдин эмгегинин натыйжасында формалдык логика калыптанган. Ал силлогистиканы иштеп чыккан.

**формалдык социология** (түрк. *biçimsel sosyoloji*, ор. *формальная социология*, анг. *formal sociology*) – XIX к. аягында XX к. башында пайда болгон социологиянын багыты. Эволюциялык субстанциянын предмети – туруктуу социалдык форманын универсалдуулугу. Классикалык социологиянын өнүгүшүнө жана формалдашуусуна В. Дильтей, Г. Зиммель, Ф. Теннис, Л. Фон ж.б. салым кошкон.

**формалдык этика** (түрк. *biçimsel etik*, ор. *формальная этика*, анг. *formal etchics*) – этиканын бир бөлүгү. Анын негизинде жүрүм-турумдун моралдык, укуктук формасы изилденет. Формалдык этика – этиканын маанилүү бөлүгү, анын тууралыгы жүрүм-турум үчүн маанилүү болуп саналат.

**формализация** (түрк. *biçimselleşme*, ор. *формализация*, анг. *formalization*) – материяга ээ катары нерсенин абстракттуулуктан чыгышы. Формалдаштыруу – бул изилденүүчү чындыктын объектилерин, кубулуштарын, процесстерин салыштырмалуу туруктуу мүнөзгө ээ болгон кээ бир материалдык түзүмдөр менен салыштыруу аркылуу ишке ашырылуучу таанып-билүүнүн мазмунун тактоо, объек-

тилердин маанилүү жана үзгүлтүксүз жактарын аныктоо. Формалдаштыруунун гносеологиялык түзүлүш катары өзгөчөлүгү, мазмунду аныктоо жана тактоо формасын аныктоо жана бекитүү аркылуу ишке ашат.

**формализм** (түрк. *biçimcilik*, ор. *формализм*, анг. *formalism*) – көркөм усул. Анын негизинде искусстводо форманы артыкча баалоо, аны абсолютташтыруу жатат. Реализмге каршы. XIX к. башында пайда болгон. Формализм футуризм, кубизм, абстракционизм, сюрреализм ж. б. ушул сыяктуу көптөгөн агымдарды өзүнө камтыйт.

**функционализм** (түрк. *fonksyonelcilik/işlevselcilik*, ор. *функционализм*, анг. *functionalism*) – коомдук жашоонун кубулуштарын методологиялык талдоо принциби. Функционализмдин маселеси – бүтүндүктү ажыратуу. Мазмуну боюнча функционализм изилдөөчүнү коомдук кубулуштарды талдоого багыттайт, б.а. алардын кайталанып турушун, өзүн-өзү колдонушунун, өзүн-өзү өндүрүп чыгаруусунун ыкмаларын жана механизмин ачууга багыттайт.

**функция** (түрк. *fonksiyon/işlev*, ор. *функция*, анг. *function*) – кубулуштардын жана объекттердин системалык түрдө байланышуусу жана багыт алуусу, мындайча айтканда эки элементтин бири-бири менен болгон мамилеси. Коомдун өзүнүн аткара турган функциясы бар. Функция математика жана логикада маанилүү орунга ээ.

**футурология** (түрк. *fütüroloji/gelecek bilim*, ор. *футурология*, анг. *futurology*) – адамзаттын, коомдун келечегин иликтеген окуу, «болочоктун концепциясы» (латынча futurum – «келечек» деген сөздөн чыккан). Ушул маанисинде адегенде 1943-ж. немец социологу О. Флехтхейм тарабынан колдонулуп, кийин кеңири тараган.

**футуризм** (түрк. *fütürizm*, ор. *футуризм*, анг. *futurism*) – сүрөт искусствосунда жана поэзияда реализмди четке кагып, формалисттикти, маанайы пастыкты, көңүл чөгөттүктү көздөгөн, XX к. Италияда чыгып, башка мамлекеттерге тараган агым.

# Х

**хаология** (түрк. *kaoloji*, ор. *хаология*, анг. *chaology*) – 1980-жылдардын башынан тарта колдонула баштаган постструктурализм термини. Бул багыттагы теориялык ой-пикирдин өнүгүшүндө жаңы этаптын башталышын белгилеген. Батыш Европада постмодернизм феноменин кабыл алууда жалпы эмоционалдык чөйрөнүн өзгөрүшү, бул идеологиялык абалга көнүү, ал тургай аны күнүмдүк дүйнө таанымдын табигый үстөмдүк кылуусу катары кабыл алуу – ушунун баары постмодерндик сезимталдыктын алгачкы версияларынан жапа чеккен трагедия тонусунун олуттуу төмөндөшүнө алып келген.

**хаос** (түрк. *kaos*, ор. *хаос*, анг. *chaos*) – байыркы грек мифологиясында жана философиясында нерселер пайда болгонго чейин ааламдын бош болуп сүрөттөлүшү же кабыл алынышы. Хаос дүйнөнүн башталышынын символу болуп саналат. Байыркы дүйнө таанымында хаос ырааттуу космос түшүнүгүнө каршы келет. Хаос сөзү алгачкылардан болуп «баарынан мурун хаос пайда болду» сыяктуу Гесиоддун эмгектеринде кездешет. Хаос түшүнүгү синергетикада өзгөчө мааниге ээ. Коомдогу туруксуздук, карама-каршылык, баш аламандык абал да азыркы күндө хаос терминин менен мүнөздөлөт.

**хаосмос** (түрк. *kaosmos*, ор. *хаосмос*, анг. *chaosmos*) – «хаос», «космос» же «осмос» сөздөрүнүн биригүүсүнөн келип чыккан термин. Посмодерндик философиялык концепция болуп саналат. Хаосмос өзүнүн баштапкы семантикалык маанисин жеңүүгө жөндөмдүү, чексиз, имманенттүү мааниге ээ болгон чөйрө катары чечмеленет.

**харизма** (түрк. *karizma*, ор. *харизма*, анг. *charisma*) – сүймөнчүлүк, касиет, сапат. Кээ бир адамдарга берилген ыйык касиет эсептелет. Мисалы, пайгамбар, саясий ишмер, лидер ж.б. Алгачкы жолу бул түшүнүк Э. Трельч жана М. Вебер тарабынан социологияда колдонулган.

**хилиазм** (түрк. *çiliazm*, ор. *хилиазм*, анг. *chiliasm*) – жер бетиндеги миң жылдык «Кудайдын Падышачылыгы» жөнүндөгү диний окуу. Хилиазм иудаизмге жана алгачкы христианчылыкка мүнөздүү болгон. Мессиянын келиши идеялары менен байланышкан. Хилиазм кулдарды жана кедейлерди өзүнө тарткан. Рим империясынын расмий динине айланган христианчылык жердеги тартипти өзгөртүү аракетинен баш тартып, акыр замандын жазасы идеясына көңүл бурган жана хилиазм жалган окуу катары четке кагылган. Орто кылымдарда феодалдык эксплуатацияга каршы дыйкандардын жана шаардыктардын социалдык наразылыгын билдирген еретик окуулардын катарында жанданган. Азыр учурда хилиазм айрым диний секталардын идеологиясынын ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

**холизм** (түрк. *holizm*, ор. *холизм*, анг. *holism*) – «философиялык бүтүндүк», өзүнүн идеясы боюнча эмерджентик эволюция теориясына жакын. Бул түшүнүк боюнча Түштүк африкалык фельдмаршал Я. Х. Смэтс «Холизм жана эволюция» деген китебин 1926-ж. жазган. Смэтс эмгегинде дүйнөнү холистикалык процесстин башкарарын, ал эми процесс чыгармачыл эволюцияда жаңы бүтүндүктү түзөрүн айткан.

**христиандык социализм** (түрк. *hristiyan sosyalizmi*, ор. *христианский социализм*, анг. *chistian socialism*) – христиандык менен социализмдин идеяларын бириктирүүгө умтулган доктрина. Христиандык социализм XIX к. орто ченинде пайда болгон. Христиан дининин социалдык принциптерин азыркы өнөр жай турмушуна колдонууга аракет кылган. Христиандык социализм термини жалпысынан христиандык активисттердин саясий жана экономикалык иш-аракеттеринин социалдык программасы боюнча талаптары менен байланышкан жана laissez-faire индивидуализмине карама-каршы келген. Кийинчерээк христиандык социализм социализмдин негизги максаттарын христиандыктын диний жана этикалык ишенимдери менен айка-

лыштыруууга аракет кылган ар кандай кыймылга жалпы мааниде колдонула баштаган.

# Ц

**цензура** (түрк. *sansür*, ор. *цензура*, анг. *censure*) – басылып чыгуучу же сахнага коюлуучу жана башка ушул сыяктуу чыгармалардын мамлекеттик органдар тарабынан саясий, идеологиялык ж.б. талаптардын негизинде көзөмөлгө алынышы жана байкоо жүргүзүлүп турушу.

**цзин** (түрк. *ching/king*, ор. *цзин*, анг. *ching*) – «негиз», «канон», «канонго окшогон текст» маанисинде колдонулат. Кытай классикалык философиясынын методологиясын мүнөздөгөн категория. Цзин байыркы Кытайда канондук тексттердин белгилүү формасына кирген библиографиялык рубрика болуп саналган. Азыркы учурдагы изилдөөнүн цзин категориясына болгон кызыгуусу, байыркы кытай философиясынын алгачкы булактарын интерпретациялоодо пайда болгон кыйынчылыктар менен байланыштуу.

**цзися** (түрк. *chiqia*, ор. *цзися*, анг. *chiqia*) – философиялык академия, Ци падышачылыгындагы Линьцзы шаарында Сюань-ван тарабынан курулган. Академия Линьцзы шаарынын «Цзимэнь» деп аталган «батыш дарбазасы» тарабында жайгашкан. Ушул себептен Цзися деп айтылып калган.

**ци, юаньци** (түрк. *qi/yuan qi*, ор. *ци, юаньци*, анг. *qi, yuan qi*) – кытай табият философиясынын негизги түшүнүктөрүнөн бири. Түпкү мааниси «аба», «буу», «дем», «эфир». Ал баштапкы материя, табияттын негизги материясы, жашоо күчү сыяктуу кеңири мааниге ээ. Космологиялык, антропологиялык жана психологиялык деңгээлине жараша үч мааниде каралат. 1. Ааламдагы универсалдык субстанция. 2. Жашоо күчү. 3. Эркти жана сезимди башкарып турган психологиялык борбор. Эң байыркы натурфилософиялык

идеялар боюнча дүйнө циден түзүлөт. Ци алгачкы материя, анын жеңил жана таза бөлүгү жогору көтөрүлүп асманды жаратат, ал эми оор жана кир бөлүгү төмөн түшүп жерди жаратат. Биринчиси янци, ал эми экинчиси иньци деп аталат. Мындан тышкары табияттын, жаратылыштын стихиясы деп аталган дагы беш ци же беш негизги элементтер бар; суу, от, жыгач, металл жана топурак. Инь менен яндын жана беш стихиянын гүлдөп өсүшү же жок болушу төрт мезгилдин алмашуусунда ишке ашат. Инь, ян жана беш «элемент» бир убакта жарым физикалык жана жарым метафизикалык түшүнүктөр катары билинген мындай натурфилософиялык схема кытай философиялык ойломунун өнүгүшүнө өзгөчө таасирин тийгизген. Даосизм, конфуцийчилик жана буддизм тарабынан кеңири колдонулган.

**цивилизация** (түрк. *medeniyet/uygarlık*, ор. *цивилизация*, анг. *civilization*) – жарандык, мамлекеттик деген маанисинде цивилизация коомдун материалдык жана рухий маданиятынын өнүгүү баскычы катары каралат. Цивилизация түшүнүгү XVIII к. Батышта пайда болгон. Марксизмге чейинки философиялык концепцияларда цивилизация түшүнүгү дүйнөлүк-тарыхый процессти талдоо контекстинде каралат. Француз агартуучулары акылга жана адилеттүүлүккө негизделген коомду цивилизациялуу деп атап, муну менен бүтүндүктү, коомдук гармонияны камсыз кылуучу факторлордун маанисин баса белгилешкен. И. Кант маданият жана цивилизация түшүнүгүнүн ортосундагы айырманы белгилейт. Цивилизация жөнүндө көптөгөн ар кандай концепциялар жана теориялар иштелип чыккан.

**цинизм** (түрк. *kinizm/kinik/sinizm*, ор. *цинизм*, анг. *cynicism*) – байыркы грек философиясында Антисфен жана Диоген сыяктуу философтор тарабынан өнүктүрүлгөн жаңы этикалык көз караштардын жана жашоо мүнөзүнүн негизинде келип чыккан философиялык мектепке же алардын көз караштарын жактагандарга берилген ат. Цинизм-

дин азыркы мааниси – адеп-ахлак, ыйман-абийирди көзгө албай, уялбай туруп бузуу.

# Ч

**чагылдыруу** (түрк. *yansıtmak*, ор. *отражать*, анг. *reflect*) – 1. Реакция, карама-каршы кыймыл. 2. Рефлексия, кайра кайтуу. 3. Образ берүү, чагылдыруу. Философияда нерселердин жаралышында бири-бири менен карым-катышта болуу жөндөмдүүлүгү. Нерселердин, кубулуштардын жана процесстердин жалпы байланышы. Диалектикалык-материалдык нерселер чагылдыруу теориясы аркылуу сапаттык жагынан айырмаланып турат.

**чакан коомдоштук** (түрк. *küçük topluluk/cemaat*, ор. *малое сообщество*, анг. *small community*) – тарыхый жактан аныкталган коомдун жалпы таламдарын, кызыкчылыктарын, дөөлөттөрүн жактаган жана жалпы жүрүм-турум эрежелеине ээ адамдардын жыйындысы. Үй-бүлө, алгачкы өндүрүштүк топтор кошуналык жамааттар, жолдоштук компаниялар, мектеп классы ж. б. чакан топторго кирет. Чакан топтор тышкы чөйрөнүн, ошондой эле топ ичиндеги жекече мамилелердин таасири астында белгилүү түзүмгө ээ болот. Формалдуу чакан топтор максаттарга жана жоболорго ылайык түзүлөт. Формалдуу эмес чакан топтор жеке симпатиялардын жана антипатиялардын таасири менен топтолот.

**Чань** (түрк. *Chang*, ор. *Чань*, анг. *Chan*) – V–VI к. Кытайда калыптанган буддизм мектеби. Мектептин аталышы (кыт. чань-на) – мистикалык медитация түшүнүгүнөн келип чыккан. Буддисттик йогалардын пассивдүү медитациялык ыкмалары менен даосизмдин динамикалык медитациясы айкалыштырылган.

**чарвака** (түрк. *çarvaka, lokayata*, ор. *чарвака*, анг. *charvaka*) – Индиядагы байыркы жана орто кылымдардагы материалисттик окуу. Чарвака чыгармалары сактал-

бай калгандыктан, алар жөнүндөгү маалымат ведаларда кездешет, жайнизм, буддизм агымдарынын өкүлдөрүнүн айткандары маалымат катары колдонулат. Чарвака брахманисттердин дүйнө жөнүндөгү карма түшүнүгүн четке кагып, туюу-сезүү аркылуу таанып-билүү гана чындыкка алып келет деген көз карашты айтышкан. Аалам от, топурак, суу, аба сыяктуу төрт элементтен турат жана алар өзгөрбөйт, түбөлүктүү.

**чексиз** (түрк. *sonsuz*, ор. *бесконечный*, анг. *endless/ infinite*) – философиялык категория, чеги жок жана чегин түшүнүү мүмкүн эмес. Чексиз объектилерди жана кубулуштарды мүнөздөө үчүн колдонулат. Алардын чектерин же сандык өлчөмүн көрсөтүү мүмкүн эмес. Чектүүлүккө салыштырмалуу чексиздиктин мааниси жана өзгөчөлүгү келип чыгат. Мисалы, ааламдын чексиздиги. Математикада чексиздик берилген чоңдуктан дайыма чоң болгон сан ж.б. Чексиз түшүнүгү математика, логика жана философияда системалуу түрдө, ошондой эле чексиздиктин кабылдоосу, абалы жана табияты жөнүндөгү маселелер психологияда, теологияда, физикада да изилденет. Чексиздик ∞ символу менен көрсөтүлөт.

**чексиз чындык** (түрк. *sonsuz doğruluk/sonsuz hakikat*, ор. бесконечная истина, анг. *infinite truth*) – эч нерсе менен салыштырууга болбогон, мындайча айтканда, туура, так жана толугу менен бир жактуу чындык. Ошондой эле илимдин өнүгүү жолу. Чексиз чындык улам жаңы өнүгүүдөгү илимдин жетишкендигинен, акыйкаттан жаралышы мүмкүн.

**чектешүү күчү** (түрк. *temas kuvvetleri*, ор. *силы соприкосновения*, анг. *contact forces*) – психологияда аралыкта иштеген, таасирин тийгизген күчтөр.

**чектүү** (түрк. *sınırlı*, ор. *ограниченный*, анг. *limited*) – чектелген, чек коюлган, болжолу бар. Чексиз жана чектүү философиялык жана илимий дискурстардын өз ара карым-катыштагы жана карама-каршы маанидеги түшү-

нүктөрү болуп саналат. Чектүүлүккө карата чексиздик, чексиздикке карата да чектүүлүк аныкталат. Предметтерде, кубулуштарда, процесстерде жана чындыктын башка аспектилериндеги белгилүү жана белгисиз көрүнүшүн өз ара мамилелеринде туюндурат.

**чен** (түрк. *ölçü*, ор. *мера*, анг. *measure*) – объекттин сапаттык жана сандык мүнөздөмөлөрүнүн диалектикалык бирдиктүүлүгүн туюнтуучу философиялык категория. Нерсенин, предметтин сандык жана сапаттык өзгөчөлүгүн аныктайт. Ар кандай объекттин сапаты белгилүү сан менен өзөктөш байланышкан. Берилген чен-өлчөмдүн алкагында сандык мүнөздөмө сандын, өлчөмдүн, тартиптин, элементтердин байланышынын, кыймыл ылдамдыгынын, өнүгүү даражасынын ж. б. өзгөрүшүнүн эсебинен өзгөрүшү мүмкүн. Ченем сандын өзгөрүшү объекттин сапатынын өзгөрүшүнө алып келген чекти көрсөтөт.

**ченем** (түрк. *norm*, ор. *норма*, анг. *norm*) – белгилүү бир жол менен иш-аракет кылууга тыюу салуу же уруксат берүү. Ченемдик же деонтикалык айтым менен билдирилет.

**ченемдик** (түрк. *normatif*, ор. *нормативный*, анг. *normative*) – стандартты түзүүчү, регулятивдүү; кабыл алынган идеал менен байланышкан.

**ченемдик этика** (түрк. *normatif etik*, ор. *нормативная этика*, анг. *normative ethics*) – жакшылык-жамандык, ыйман милдетинин мазмуну, адамдын максаты, жашоосунун мааниси тууралуу маселелер коюлган жана чечилип жаткан этиканын бөлүгү; бул этикадагы ыйман эрежелери, идеалдары, принциптери теориялк түрдө негизделет.

**ченемдүү илим** (түрк. *normal bilim*, ор. *нормальная наука*, анг. *normal science*) – кичине жана чоң «революциялардын» ортосунда өнүккөн илимдин өнүгүүсүн көргөзүү үчүн Т. Кун тарабынан киргизилген термин. Анын карама-каршы түшүнүгү – экстраординардуу (демейдеки эмес), төңкөрүштүк өзгөрүүлөр абалындагы илим.

**чөйрө** (түрк. *çevre*, ор. *среда*, анг. *environment*) – жашоонун өнүгүүсүнө таасир тийгизген табигый, коомдук, маданий тышкы шарттардын жыйындысы. Коомдук чөйрө, адамдын коомдо калыптанышына жана функциясына таасир тийгизген абал, шарт.

**чыгармачылык** (түрк. *yaratıcılık*, ор. *креативность*, анг. *creativity*) – 1. Жоктон бир нерсе жасоо, жаратуу, тактап айтканда, жоктон материалдык жана формалдык нерсенин пайда болушу. 2. Социалдык прогресстин кызыкчылыктарын канаттандыруу багытында, адамдын эркиндик деңгээлинин жогорулоосунда, коомдук мамилелерди гумандаштырууда, инсандын ар тараптуу шайкеш өнүгүүсүн камсыз кылуу максатында жаратуу дегенди билдирет. Өндүрүү жана өнүмдүү, жемиштүү иш-аракеттердин жыйындысы. Адам өзүнөн мурдагы муундардын жараткандарына, чыгармаларына, эмгектерине таянып жаңыны жаратат.

**чыгаруу** (түрк. *çıkarım*, ор. *выводить*, анг. *inference*) – ойлонуу амалы. Логикалык ойлоонун негизинде, башкача айтканда, түздөн-түз тажрыйбага кайрылбай эле мурдагы билимден чыгарылат. Мисалы, эгер бизге Ташкент Бишкектен түштүгүрөөк, ал эми Бишкек Алматыдан түштүгүрөөк экендиги маалым болсо, биз географиялык картаны карабай эле Ташкенттин Алматыдан түштүгүрөөктө жайгашкандыгына логикалык ойлом аркылуу тыянак чыгарабыз. Логикалык чыгаруунун мисалы катары дедуктивдик ой-корутунду эсептелет. Эгер биз бардык пикирдин субъекти жана предикаты болорун билсек, ал эми берилген идея пикир болсо, анда биз бул эки бүтүмдөн ушул идеянын субъекти жана предикаты бар деген тыянак чыгарабыз. Тыянактын тууралыгы бүтүмдүн тууралыгынан көз каранды, мындайча айтканда, баштапкы пикирлерди салыштыруунун натыйжасында тыянак чыгарылат. Ошондуктан логиканын мыйзамдарынын талаптарына ылайык ой жүгүртүү керек.

**Чыгыш перипатетизми** (түрк. *meşşayiler/Doğu peripatetizmi*, ор. *Восточный перипатетизм*, анг. *Eastern peripatetism*) – Ислам дүйнөсүндө Аристотелдин окуусун жактаган философторго берилген ат. Аль-Кинди, Фараби, Ибн Сина, Ибн Рушд жана башкалар бул агымдын өкүлдөрү болуп саналышат. Грек философиясынын жана Исламдын таасирлеринин негизинде өзүнчө өзгөчөлүктөргө ээ философиялык агым келип чыккан.

**Чыгыш-Батыш** (түрк. *Doğu-Batı*, ор. *Восток-Запад*, анг. *East-West*) – маданий, социалдык, философиялык, рухий-психологиялык системалардын бири-бирин аныктоосунун формасы, адамдын ишкердүүлүгү менен ой-жүгүртүүсүндөгү эки башка түрдүн карама-каршылыгы жана байланышы. Чыгыш менен Батыштын бинардык оппозициясы ар түрдүү каралат. Мисалы, философияда (мистицизм-рационализм), экономикада (агрардык-индустриалдык), коомдо (жамааттык-индивиддик), жүрүм-турум эрежесинде (баамдоочулук-активдүүлүк) ж.б.

**чындык** (түрк. *hakikat*, ор. *истина*, анг. *truth*) – аң-сезимден сырткары жана ага көз каранды болбой жашаган объективдүү реалдуулукту туура чагылдырган, анын маани-маңызына дал келген билим. Адекваттуулук деп аң-сезимдеги образдын объектке дал келүүсүн аташат. Чындык объективдүү жана субъективдүү өзгөчөлүктөргө ээ. Чындыктын субъективдүүлүгү анын адамдын аң-сезиминде жашагандыгы жана анын ачылуу даражасы адамдын өнүгүү деңгээлинен көз каранды экендиги менен түшүндүрүлөт. Чындык аң-сезимден тышкары жана ага көз каранды болбой жашаган объективдүү предметтерге таандык мазмунду чагылдыргандыктан, ал объективдүү мүнөзгө да ээ. Чындыкты төмөнкүдөй өңүттөрдөн кароого болот: Болумдук өңүт – бул чындыктын объективдүү жагын түзөт. Аксиологиялык өңүт – «акыйкат», «адилеттик», «калетсиздик», «туура» ж.б. түшүнүктөр менен тыгыз байланышкан ж.б.

**чыныгы социализм** (түрк. *gerçek sosyalizm*, ор. *истинный социализм*, анг. *true socialism*) – XIX к. 40-жылдарында негизинен Германияда кеңири жайылган майда буржуазиялык социализмдин формаларынын бири. 1942-жылы «Философиялык коммунизм» деген аталыш менен пайда болгон. Л. А. Фейербахтын, Г.В.Ф. Гегелдин философиясын жана утопиялык социализмдин айрым жоболорун бириктирген. Чыныгы социализмдин идеялык уюткусу болуп саясий ишмердүүлүктүн жана демократия үчүн күрөшүүнүн зарылдыгын баса белгилеген окуу эсептелет. 1844-ж. Силездеги көтөрүлүштөн кийин «философиялык коммунизм» чыныгы социализмге айланган. К. Грюн, М. Гесс, О. Люнинг, Г. Пютман, Г. Кульман, Г. Криге анын башкы өкүлдөрү болуп эсептелет.

# Ш

**шакти** (түрк. *şakti*, ор. *шакти*, анг. *shakti*) – Индия мифологиясында бардык нерсенин булагы жана аял Кудай (Кудайча) болуп саналат. Кудайчалар жаратуучу күч болгон шактинин денелешкен формасы. Санскритте – күч, энергия, аялдык чыгармачылык энергия. Шактинин бардык аттары Махашакты, же Деви эне Кудайы менен байланышкан. Шактинин эң ынтызарлуу жолдоочулары Шакти сектасын түзүшкөн.

**шаманизм** (түрк. *şamancılık*, ор. *шаманизм*, анг. *shamanism*) – байыркы доолордо духтарга ишенүүгө негизделген ишеним. Шамандын адам менен рухтун ортосунда ортомчу боло алуусуна ишенимден улам келип чыккан идеялардын жана аракеттердин жыйындысы. Арбактар менен байланышты шамандар шаманчылык процессинде – өзгөчө ырым-жырымдар, экстаз абалында аткарылган бийлер, ырлар жана дубалар ж.б. ишке ашырат. Шамандар келечекти көрө билүү жана алдын ала айтуу, уруулаштарын оорулардан сактап калуу, мергенчиликте же балык

уулоодо ийгилик камсыз кылуу, табиятты өзгөртүү, өлгөндөрдү акыркы сапарга узатуу ж.б.у.с. диний ишенимдерди карманган.

**шарият** (түрк. *şeriat*, ор. *шариат*, анг. *sharia*) – мусулманчылык ченемдеринин жыйындысы, укуктар, ислам адеп-ахлагы. Мусулмандардын бешиктен кабырга чейинки бүткүл жашоосун камтыган көрсөтмөлөр. Куран жана сүннөттүн негизинде шарияттын өнүгүшү XI-XII к. аяктаган. Шарияттын булактары катары куран, сүннөт, ижмаа жана кыяс эсептелинет. Бул булактарга таянуу менен шарияттын эрежелери жөнгө салынат.

**шек саноо** (түрк. *şüphe*, ор. *сомнение*, анг. *doubt*) – бир маселеге байланыштуу чындыктын эмне экендигин так билбегенден пайда болгон абал. Чындыкка жетүүдө, акыйкатты табууда шек саноо зарыл шарт болуп саналат.

**шифр** (түрк. *gizlilik*, ор. *шифр*, анг. *cipher*) – маани-мазмуну жашырын белги. Жашыруун билдирүүлөр үчүн колдонулчу белгилердин системасы; же болбосо документтерди каттоодо колдонулуучу шарттуу белгилердин (цифра же тамгалардан турган ариптер) жыйындысы.

**шовинизм** (түрк. *şovenizm*, ор. *шовинизм*, анг. *chauvinism*) – улуттук кастыкты күчөтүп, башка элдерге үстөмдүк кылууга багытталган реакциячыл саясат. Шовинизм – бул аша чапкан, агрессивдүү, түпкү маанисинде улуттук артыкчылыкка ишенүү. Ал өзүнөн башкаларды абсолюттук түрдө жек көрөт жана кек сактайт. Бул концепциянын келип чыгышы XVIII к. аягында Наполеондун армиясында кызмат өтөп жүрүп 17 жолу катуу жараланса да согушун уланткан француз аскери Николас Шовин менен тыгыз байланыштуу. Тарыхчылар бул кишинин окуясынын чын экенине эч кандай далил таба алышпаса да, бул жөн эле миф болсо да, убакыттын өтүшү менен Наполеондун жоокери Шовиндин үлгүсүндөгү агрессивдүү патриотизм «шовинизм» деп атала баштаган.

**Шотландия мектеби** (түрк. *İskoç Felsefesi*, ор. *Шотландская школа*, анг. *Scottish philosophy*) – XVIII к. жашаган шотландиялык Т. Рид тарабынан негизделген философиялык мектеп. Бул философиялык мектептин көз карашы боюнча ар бир адам акыйкатты күмөн саноого бел байлабастан жалпы пикирге таянуу менен таба алат.

**шуньята** (түрк. *sunyata*, ор. *шуньята*, анг. *shunyata*) – боштук, маанисиз, керексиз деген маанилерди туюнтат. Шуньята Махаяндык Буддизмдеги эң негизги борбордук түшүнүктү билдирет.

**шык** (түрк. *yatkınlık*, ор. *склонность*, анг. *ability*) – бир нерсени жасоого жана үйрөнүүгө болгон жөндөм. Ар бир адам көп нерсеге жөндөмдүү болуп төрөлөт. Шык адамды адам кылган негизги күч.

# Ы

**ыйыктык** (түрк. *kutsallık*, ор. *святость*, анг. *holiness*) – рухий жана ыйман жагынан бузулбаган, таза, төп келген; Кудайга, ишеним чындыгына таандык болгон бардык нерсе, бийик таазимге ээ болгон зат.

**ымдоо** (түрк. *jest*, ор. *мимика*, анг. *facial expression*) – ой жана сезимдерди сөз менен эмес, дененин кыймылы, бет, каш-кабак менен көргөзүү өнөрү. Театр өнөрүнүн маңыздүү бөлүгү.

**ырахат** (түрк. *haz*, ор. *удовольствие*, анг. *pleasure*) – көңүлгө жаккан жана жагымдуу нерсеге ээ болуу менен пайда болгон сезим. Ырахат позитивдүү эмоциялардын бир бөлүгү, субъективдүү тажрыйба, атап айтканда, бир же бир нече муктаждыктарды канааттандыруу менен коштолот. Ырахаттын антонимдери азап, кайгы, бактысыздык жана азап. Каалоо жана ырахат алуу тажрыйбаларынын негизинде «гедонизм» түшүнүгү менен бириккен көз караштар системасы жана жашоо образы түзүлгөн.

**ырымчылдык** (түрк. *batıl inanç*, ор. *суеверие*, анг. *superstition*) – табияттан сырткары сырдуу күчтөргө, сыйкырларга болгон ишеним. Ырымдардын этимологиясы архаикалык коомдордун дооруна таандык. Ырымчылдыктын пайда болушу «дүйнөнүн табигый-илимий сүрөтүн» алуу мүмкүн эместигине байланыштуу ишенимден келип чыккан. Ырым – бул таанылуучу шарттуу белгилер аркылуу кабыл алынган маалыматка инсандын аң-сезимдүү, жүйөлүү мамилеси. Белгилер катары «кырсыкты, ийгиликсиздикти, бактысыздыкты, же тескерисинче, бакытты, ийгиликти, пайданы билдирген кубулуштарды» түшүнүү керек.

# Э

**эвдемонизм** (түрк. *eudaimonizm*, ор. *эвдемонизм*, анг. *eudaemonism*) – адамдын бакытка умтулуусун негиз кылган этикалык окуу. Башкача айтканда бакытты жана бактылуулукту максаты катары карманган этикалык көз караш. Эвдемонизмдин жактоочулары адамдын бардык иш-аракеттеринин артындагы негиз катары бактылуулук түшүнүгүн эсептешкен. Жеке адамдын бардык жакшы сапаттары бул каалоо үчүн кызмат кылып жатканда гана сезгичтигин билдирет. Мамлекет, анын бардык институттары, окуялар жана мыйзамдар бул эң жогорку максатка жетүү үчүн каражат деп эсепелет.

**эволюционизм** (түрк. *evrimcilik*, ор. *эволюционизм*, анг. *evolutionism*) – изилденип жаткан обьекттердин бир сапаттык абалдан экинчисине белгилүү бир тартипте кандайча өтүп жаткандыгын түшүндүргөн көз караш. Кескин өзгөрүштү, секирикти танат.

**эволюция** (түрк. *evrim*, ор. *эволюция*, анг. *evolution*) – сапаттык кескин секириксиз, акырындык менен жай өзгөрүү. Тирүү организмдердин тарыхый өөрчүүсүнүн калыбына келбей турган процесси. Бир нече багытталбаган мутациялардан эволюциялык элементардык материал катары

чөйрөнүн шартына карата организмдердин адаптациясына алып келүүчү белгилердин жана касиеттердин комбинациясы.

**эврика** (түрк. *eureka*, ор. *эврика*, анг. *eureka*) – Архимеддин гидростатикалык мыйзамды тапкан учурда кубаныч менен «мен таптым» деп кыйкырган сөзү. Ага ылайык бул татаал иштин жемиши катарында түшүндүрүлөт.

**эвристика** (түрк. *bulgusal*, ор. *эвристика*, анг. *heuristic*) – ойлоп табуунун ыгы, ойлоп табуу жөндөмдүүлүгү. Адам даяр жоопторду билип алуунун ордуна акыйкатты өз ойлонуусу менен жетиш керектиги тууралуу философиялык ыкма.

**эвсебия** (түрк. *eusebeia*, ор. *эвсебия*, анг. *eusebeia*) – Эвсебия байыркы грекчеде ыймандуулук, урматтоо, кадырлоо, коркуу, уялуу маанисинде. Байыркы грек этикасынын кудайларга сыйынуу жана коркуу сезимин аныктаган категориясы. Чындыгында ал өз доорундагы эллиндик коомдун моралдык-этикалык ченемдеринин жана эрежелеринин жыйындысынын чагылышы болгон.

**эвтаназия** (түрк. *ötanazi*, ор. *эвтаназия*, анг. *euthanasia*) – өлүмгө жардам берүү, өлүп бара жаткан адамга өлүмдү жеңилдетүү же өлүм алдында жаткан адамды азаптан куткаруу үчүн өлүмдү тездетүүнү көздөгөн дарыгердин өнөрү. Эвтаназиянын алгылыктуу же жол берилбестиги этика, медицина, юриспруденция жана дин көз карашы боюнча кызуу талаш-тартыштарга жол ачкан. Антикалык философия эвтаназия катары коркпостон өлүү талабын белгилеген.

**эгоцентризм** (түрк. *benmerkezci durum*, ор. *эгоцентризм*, анг. *egocentric predicament*) – бардык ойлору менен иш-аракеттеринде аң-сезимдүү же билбестен өз менчигин көңүл чордонуна койгон эгоцентрист адам. Башкача айтканда көңүлдүн борборуна өзүн коюу, өзүн ашкере баалоо.

**эгоизм** (түрк. *bencilik*, ор. *эгоизм*, анг. *egoist*) – өзүмчүлдүк, толугу менен сиңирилген жана өзүнүн Мени жөнүндөгү ойлоруна багытталган жүрүм-турум. Эгоизм би-

ринчи кезекте жашоонун баалуулугу менен этикалык жактан шартталган өзүн-өзү сактоонун табигый инстинктинин натыйжасы. Бул инсанга мүнөздүү болгон баалуулуктарды, өзүнүн каалоолорун жана жөндөмдөрүн максималдуу деңгээлге жеткирүүдө моралдык милдетти аткаруу үчүн зарыл. Л. Клагес эгоизмди «инсандык өзүн-өзү тастыктоо» катары сүрөттөп, анын төрт негизги формасын бөлүп көрсөтөт: стихиялуу, пассивдүү, реактивдүү жана обочолонгон.

**эго-процесс** (түрк. *ego kimlik süreci*, ор. *эго-процесс*, анг. *egoprocessus*) – Э. Эриксондун окуусунда биологиялык жана социалдык процесстер менен жалгашкан принцип. Ал индивиддин жашоосун коргойт деп ырасталат.

**эзотеризм** (түрк. *ezoterizm*, ор. *эзотеризм*, анг. *esotericism*) – кээ бир маселелерге байланыштуу маалыматтардын ал маселени элден башкача түшүнгөн адамдардын жардамы аркылуу үйрөтүлүүсү. Кээ бир адамдардын өзүнүн жан дүйнөсү менен чектелген философиялык ой-толгоолору.

**эйдетика** (түрк. *öze yönelik*, ор. *эйдетика*, анг. *eidetic*) – грек тилинде көрүнгөн нерсе жөнүндөгү илим деген маанини билдирет. 1. Психологияда – Э.Р. Йенш тарабынан иштелип чыккан, негизинен балдарда, өспүрүмдөрдө жана жапайыларда байкалган, эйдетикалык деп атаган, толугу менен аныкталган психикалык ыңгайлуулук жөнүндөгү окуу. 2. Маңыз жөнүндөгү окуу.

**эйфория** (түрк. *coşku*, ор. *эйфория*, анг. *euphoria*) – кубаныч абалы. Бул позитивдүү түрдө каралган аффект же болбосо эмоция. Болбос жерден пайда болгон бактылуу сезим.

**эквивалент** (түрк. *eşdeğerlilik*, ор. *эквивалент*, анг. *equivalence*) – рефлексивдүү, симметриялуу жана өтмө мамилелердин жалпы аталышы. Бул – эквиваленттүүлүк, окшоштук, изоморфизм.

**экзистенциализм** (түрк. *varoluşçuluk*, ор. *экзистенциализм*, анг. *existentialism*) – Франция, Батыш Германия, өзгөчө Европа мамлекеттеринде кеңири таралган субьективдүү идеалисттик философия. Изилдөөнүн негизги предмети обьективдүү дүйнө эмес, жеке адам жашоосу деген XX к. философиялык багыт, ал адамдык жашоонун уникалдуу кайталангыстыгына басым жасайт.

**экзистенция** (түрк. *varoluş*, ор. *экзистенция*, анг. *existence*) – иш жүзүндө бар болуу маансинде. Экзистенциалдык – барга тиешелүү, ага шилтеме кылуу. Хайдеггер үчүн болум – бул «болумдун ачыктыгына ачык болгон, ага чыдап турган жандын болуму. Бул жан – адам; бир нерсени көтөрүү, «бир нерсеге кам көрүү» дегенди билдирет.

**эклектизм** (түрк. *seçmecilik*, ор. *эклектизм*, анг. *eclecticism*) – ар түрдүү теорияларды дайны жок бириктире берүү. өзүндө бирдей теориялык негиз болбогон жана ар кандай, айрым учурда карама-каршы багыттарга мүнөздүү болгон элементтерди баш аламан чогулткан методологиялык ыкма.

**экономика философиясы** (түрк. *iktisat felsefesi*, ор. *философия экономики*, анг. *economics philosophy*) – экономикалык илимди философиялык жактан кароо. Өзүнө философиянын чарбасын, менчигин, товарын жана акчасын, экономиканын саясатын, бөлүштүрүүнүн принциптерин, коомдогу керектөөчүнүн тандоосун, экономикалык жаратылыштын бюрократиясын, чарбанын этикасы камтыйт.

**экономикалык детерминизм** (түрк. *ekonomik determinizm*, ор. *экономический детерминизм*, анг. *economic determinism*) – теориялык көз караш, экономика коомдук турмуштун бардык жактарын шарттайт деп эсептейт.

**эксперимент** (түрк. *deney*, ор. *эксперимент*, анг. *experiment*) – изилденчү нерсени атайын көрсөтүлгөн, кайталануучу шарттарда баамдап-байкоого багытталган когнитивдик, максаттуу изилдөө, методологиялык мүнөзгө ээ

болгон тажрыйбанын бир түрү. Экспериментте предметти «чектелген» (Ф. Бэкон) – чектөөчү, чектик, сынамак абалда изилдөө чечүүчү мааниге ээ. Нерсени лабораториялык жасалма шарттарда изилдөө.

**экстаз** (түрк. *vecd*, ор. *экстаз*, анг. *ecstasy*) – диндик жана сыйкырдуу сырдуулукка умтулуу учурунда дин адамдары, мистиктер жана дербиштер туш болгон белгилүү рухий абал.

**экстенсивдүү** (түрк. *kaplam*, ор. *экстенсивный*, анг. *extention*) – лат. тилинен кеңейүү, узартуу деп которулат. Сандык өсүү, өзгөрүү, өнүгүү менен байланышкан касиет. Мисалы, медицинада ишенимдүү маалыматтарды алуу үчүн клиникалык байкоолордун санын көбөйтүүнү билдирет.

**экуменизм** (түрк. *ekьmeniklik*, ор. *экуменизм*, анг. *ecumenism*) – XX к. пайда болгон атеизмге каршы диндин таасирин күчөтүү максатында бардык христиандык чиркөөлөрдү бириктирүүгө аракеттенген кыймыл.

**элемент** (түрк. *öğe*, ор. *элемент*, анг. *element*) – татаал нерселер, кубулуштар же процесстердин көптүгүнөн куралган системанын чегинде андан ары бөлүүгө мүмкүн болбой турган компонент.

**элес** (түрк. *imgelem*, ор. *воображение*, анг. *imagination*) – реалдуу объектиден же негизсиз божомолдон ажыратылган көрсөтүү; мындай түшүнүктү же божомолду пайда кылган ишмердүүлүк. Элестетүү адамдын нерв системасындагы абал же процесс катары организмге терең таасирин тийгизиши мүмкүн – ал адамды оорутушу же, тескерисинче, ден соолукту чыңдашы ыктымал.

**элита** (турк. *seçkin sınıf*, ор. *элита*, анг. *elite*) – фр. тилинде «тың чыкмалар», «тандалмалар», «эл жакшылары» маанисинде. Кеңири мааниде ар кандай социалдык, этностук, кесиптик топтун мыктылары, лидерлери. Социология жана политологияда мамлекеттик бийлик менен экономиканын эн жогорку баскычын ээлеген катмар.

**Эллинизм** (түрк. *Hellenistik dönem*, ор. *Эллинизм*, анг. *Hellenistic period*) – Александр Македонскийден (б. з. ч. 356 –323-ж.) Августинге чейинки жана андан кийинки доордо – байыркы дүйнөнүн акырына чейинки (б. з. VI кылымдын ортосу) грек-рим философиясы. Бул термин XIX к. тарыхчы Дройсен тарабынан киргизилген.

**эманация** (түрк. *sudur/türüm*, ор. *эманация*, анг. *emanation*) – бирден чыгуу, толук, кемчиликсиз. Неоплатонисттердин окууларына ылайык, дүйнө Кудайдын эманациясы, бирок ал өзгөрүүсүз бойдон калууда. Бул доктрина (эманацизм) боюнча төмөнкү нерселердин баары жогорудан келип чыгат. Диний философияда бардык нерселердин Кудайдын буйругу менен келип чыгышын билдирүүчү термин.

**эмоция** (түрк. *duygu*, ор. *эмоция*, анг. *emotion*) – адамдардын жана жаныбарлардын кандайдыр бир дүүлүктүгүчтөрдүн таасирине реакциясы. Кандайдыр бир окуянын же нерсенин чагылышын субъекттин ар түрдүүчө кабылдоосун көрсөткөн психологиялык процесс.

**эмпатия** (түрк. *empati*, ор. *эмпатия*, анг. *empathy*) – башка бир адамдын ордуна ар бир адамдын өзүн коюп кароосу жана баалоосу. Башка адамдын эмоцианалдык акыбалын кошо түшүнүп, анын абалына кирүү.

**эмпиризм** (түрк. *deneycilik*, ор. *эмпиризм*, анг. *empiricism*) – сезимдик тажрыйбаны таанып-билүүнүн бирден бир негизи деп эсептеген философиялык окуу. Таанып билүүнүн негизги булагы сезимдик таанып-билүү жөнүндөгү философиялык идея.

**энергетизм** (түрк. *enerjetizm*, ор. *энергетизм*, анг. *energetics*) – субстанциялык жана динамикалык өнүгүүнүн негизинде энергия идеясына таянган философиялык окуу. XIX к. аягы XX к. башында өнүккөн. Негиз салуучусу немец философу В. Оствальд болгон.

**энергия** (түрк. *enerji*, ор. *энергия*, анг. *energy*) – иш-аракеттин кыймылга келишине жумшалат. Иш-аракет-

тин абалы менен билинет. Канчалык иш-аракет кылынса, ошончо энергия сарпталат.

**энтелехия** (түрк. *entelehia*, ор. *энтелехия*, анг. *entelechy*) – Аристотелдин философиясында материянын өнүгүшүнүн негизинде жатат деп эсептелген ички максатты билдирүүчү термин.

**эпикуреизм** (түрк. *epikurosçuluk*, ор. *эпикуреизм*, анг. *epicurism*) – Эпикур жараткан жана анын шакирттери тарабынан иштелип чыккан философиялык окуу. IV к. аягынан баштап мектеп катары өнүккөн. Эпикуреизмге дүйнөнүн атомисттик картинасы, телеологияны, провидентиализмди, жандын өлбөстүгүн тануу мүнөздүү. Эпикурдук утилитарлык этика көбүнчө жаңылыш түшүнүлүп, сезимдик ырахатты каалоо менен байланыштырылып келген.

**эпистемология** (түрк. *epistemoloji*, ор. *эпистемология*, анг. *epistemology*) – Англиялык-Американлык философияда таанып-билүү теориясы. Таанып-билүүнүн жалпы теориясы. Билимдин булагын, табиятын, акыйкаттыгын жана чегин изилдеген философиянын бөлүгү.

**эпифеномен** (түрк. *epifenomen*, ор. *эпифеномен*, анг. *epiphenomenon*) – бир нерсени коштогон кубулуш. Э.Ф. Гартман жана Ф. Ницше сыяктуу философтор аң-сезимди эпифеномен, б.а. табияттын процесстеринин жүрүшү үчүн маанилүү болбогон кошумча эффект катары, метафизикалык же материалдык-энергетикалык окуянын жөнөкөй «чагылуусу» катары карашат. М. Шелер психиканын өз алдынчалыгынан чыгып, аны физикалык эпифеномен катары карайт.

**эпифеноменализм** (түрк. *epifenomenalizm*, ор. *эпифеноменализм*, анг. *epiphenomenalism*) – адамдын турмушунда жана ишмердүүлүгүндө психика эч кандай роль ойнобойт деп эсептеген окуу.

**эргүү** (түрк. *esin*, ор. *вдохновение*, анг. *inspiration*) – кандайдыр бир сырткы жана ички таасирлерден улум

адамдын жан дүйнөсүн курчаган, чыгармачылыкка сүрөгөн сезим жана абал.

**эристика** (түрк. *didişim*, ор. *эристика*, анг. *eristic*) – талаш-тартыштын ыгы, талаш-тартышка жөндөмдүүлүк. Байыркы доордо софисттер көп колдонгон.

**эркиндик** (түрк. *özgürlük*, ор. *свобода*, анг. *liberty*) – адамдардын ишмердүүлүгү менен жаратылыштын жана коомдун объективдүү мыйзамдарынын ортосундагы өз ара байланышты туюндурган философиялык категория. Адам баласы өз акыл-эсине таянып, жоопкерчилик менен чечим кабыл алышын туюнтат. Жаратылыштан тышкары адамдын эркиндигинин чектелүүлүгү да белгилүү тарыхый шарттарда адамдардын аларга үстөмдүк кылган коомдук күчтөргө көз карандылыгы менен шартталган.

**эссенциалдуу** (түрк. *öz*, ор. *эссенциальный*, анг. *essence*) – латын тилинен essentia «маңыз», «бар болуу» – кандайдыр бир нерсеге сапаттардын жана касиеттердин өзгөрүлбөс жыйындысын ыйгаруу менен мүнөздөлгөн теориялык жана философиялык мамиле, заттардын кандайдыр бир терең реалдуулукка, чыныгы табиятка ээ экендигин билдирген түшүнүк.

**эстетика** (түрк. *estetik*, ор. *эстетика*, анг. *aesthetics*) – табиятта жана турмушта сулуулуктун маңызы жана формасы тууралуу окуу; адамдын болум көрүнүштөрүнө эстетикалык баа берүүсүн жана көркөм иш-аракеттер чөйрөсүн изилдеген философиялык илим.

**эсхатология** (түрк. *eskataloji*, ор. *эсхатология*, анг. *eschatology*) – диний-философиялык концепция, анын идеяларынын айланасында түптөлгөн негизги өзөгүн дүйнөнүн акырынын жакындыгы тууралуу ой түзөт. Кудайдын жазасы катары дүйнөнүн айныгыс акыры жөнүндөгү эң түрдүү окуулардын жыйындысы.

**этика** (түрк. *etik*, ор. *этика*, анг. *ethics*) - грек тилинен мүнөз, үрп-адат. Философиялык дисциплина, анын изилдөө объектиси – адеп-ахлак жана аны негиздөөнүн ар кандай системалары, бул системалардын негиздери жана

моралдык кубулуштарды жана кырдаалдарды сүрөттөгөн түшүнүктөрдүн логикалык түзүмү.

**этикалык сентиментализм** (түрк. *etik duygusallığı*, орус. *этический сентиментализм*, англ. *ethical sentimentalism*) – Жаңы европалык этиканын өкүлдөрү моралды моралдык сезимде (сезимдерде, эмоцияда) толугу менен же толук эмес түрдө негиздеген салт. Бул «моралдык сезим» терминин философиялык-этикалык талкуулага XVIII к. башында Э.Э.К. Шефтсбери киргизген.

**этикалык теология** (түрк. *etik teoloji*, орус. *этическая теология*, англ. *ethical theology*) – И. Кант тарабынан «Практикалык акыл-эстин сыны» эмгегинде колдонулган түшүнүк. И. Канттын ою боюнча адамдын кылган ишинин моралын аныктаган мыйзамдын бар болушу Кудайдын бар экенин далилдеп турат. Бул мыйзам Кудай тарабынан жаратылып жана анын кепилдиги болуп саналат.

**этикалык социализм** (түрк. *etik sosyalizm*, орус. *этический социализм*, англ. *ethical socialism*) – социализмдин негизин саясий жана социалдык мамилелер эмес, адеп-ахлактык баалуулуктар түзөт деп эсептеген концепция.

**этиология** (түрк. *nedenbilim*, ор. *этиология*, анг. *etiology*) – философиялык көз караштан караганда себеп же түпкү себепти изилдөө. Бул түшүнүк философияда, физикада, психологияда, саясат таанууда, географияда, медицинада, теологияда жана биологияда түрдүү кубулуштардын жана нерселердин себептерине карата, алардын касиеттеринин контекстинен тышкары колдонулат.

**этнометодология** (түрк. *etnometodoloji*, орус. *этнометодология*, англ. *ethnomethodology*) – этнографиянын жана социалдык антропологиянын усулдарын социалдык илимдин жалпы методологиясына айландырган социалдык илимдердеги бир багыт.

**этнос** (түрк. *halk*, ор. *этнос*, анг. *ethnos*) – тарыхый жактан калыптанган, жалпы обьективдүү же субьективдүү белгилерге бириккен, тили, маданияты, жашаган жери, аң-сезими жалпылыкка ээ болгон адамдардын тобу.

**этноцентризм** (түрк. *halk merkezli*, ор. *этноцентризм*, анг. *ethnocentrism*) – индивиддин, социалдык топтун этносту көңүл борборуна койгон иш-аракети, жөндөмү. Жашоодогу окуяларды салт жана жалпы этикалык баалуулуктар аркылуу кабыл алуу, баалоо.

**этос** (түрк. *etos*, ор. *этос*, англ. *ethos*) – Байыркы грек философиясындагы термин. Грекче мүнөз дегенди түшүндүрөт. Индивиддин туруктуу, стабилдүү, өзгөрбөгөн мүнөзү. Адамга тубаса мүнөз.

**этос илимдери** (түрк. *etos bilimi*, ор. *этос науки*, англ. *science of ethos*) – окумуштуулар өзүнүн илимий ишмердүүлүгүндө карманган жана илимдин социалдык институтунун функциясын камсыз кылган ички социалдык эрежелердин топтому.

**эфир** (түрк. *eter*, ор. *эфир*, англ. *ether*) – Антикалык философиядагы асман жана жылдыздардын субстанциясын түзгөн космостук бир элемент. Эфир лат. тилинде башка, грекчеде абанын үстүнкү катмары маанисинде. Байыркы жана Орто кылымдардагы натурфилософиядагы, физикадагы жана алхимиядагы эң ичке бешинчи элемент. Эфирдин латынча эквиваленттери Рим жана орто кылым философиясында колдонулган.

# Ю

**юмор** (түрк. *mizah*, ор. *юмор*, анг. *humour*) – жашоонун тамашалуу тарабын түшүндүрүүгө болгон аракет. Юмор адамдарды күлкүгө бөлөп гана калбастан, ошол эле учурда ойлондурууну да максат кылат. Юмор олуттуу, чоң мааниге ээ болбогонду жана майданы байкайт, юмор акылга карама-каршы келген нерсени рационалдуу көрөт. Сатирадан айырмаланып, ал олуттуулукка, сүйүүгө жана рухтун улуу эркиндигине таянат. Юмор өзүнүн маңызы боюнча философиялык позиция менен терең байланышта.

**Юм принциби** (түрк. *Hume yasası*, ор. *принцип Юма*, анг. *Hume's law*) – бар (болгон) нерседен бар болуусу керек болгон нерсеге, нерседен баалуулукка өтүүнүн мүмкүн эмес экендигин түшүндүргөн мыйзам. Юмдун гильотинасы катары дагы айтылган бул принципте – логикалык статусу боюнча факт түрүндөгү жана милдеттүү өкүмдөрдү (сүрөттөөчү жана көрсөтмөлүү өкүмдөрдү) кескин айырмалоочу методологиялык мамилени билдирген термин.

# Я

**ян жана инь** (түрк. *yin ile yang*, ор. *ян и инь*, анг. *yin and yang*) – кытай философиясындагы эки башталыш: биринчиси – жаркын, активдүү, эркектик, рухий; экинчиси караңгы, пассивдүү, ургачылык, материалдык. Азиядагы дээрлик бардык элдерге таандык болгон алгачкы күчтөр түшүнүгү кытай философиясынын бул карама-каршы концепциялары менен тыгыз байланышта. Дун Чжуншан (б.з.ч. III к.) бул системаны адамдардын мамилелеринин бүткүл тармагына жайылткан. Карама-каршы чөйрөлөрдөгү эки чекит тең (яндагы ян жана яндагы инь) белгиленген нерсенин жашоосун, биринин экинчисинде, күндүзү түндүн, түндүн күнүнүн, жашоодогу өлүмүнүн, талаптардын теңешүүсүнүн байланышын мүнөздөйт, эркектеги аялдыктын, аялдагы эркектиктин ж.б.

**янсенизм** (түрк. *yansenizm*, ор. *янсенизм*, анг. *jansenism*) – XVII–XVIII к. Европада католик чиркөөсүнүн таасири астында пайда болгон диний агым. Янсенизмдин негизги идеялык жоболору теолог К. Янсений тарабынан иштелип чыккан. Янсенизм католиктик чиркөөнүн үстөмдүгүнө наараазы болгон катмарлардын идеологиясы болгон. Янсенист жамааттар диний жана педагогикалык ишмердүүлүктү өнүктүрүшкөн жана окутуунун кеңири программасы бар баштапкы мектептерди түзүшкөн.

## Колдонулган адабияттар


1. Азыркы мезгилдеги табият таануунун концепциялары боюнча сөздүк. түз. Ж. Арзыматов. О. Юсупов, К. Матаев, А. Камчиева. – Ош: ОшМУ, 2002.

2. Аманалиев Б., Философиялык терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү. – Фрунзе: Издательство «Илим», 1967.

3. Блинников Л.В., Философтордун кыскача сөздүгү, котор. С. Мамбеталиев. – Бишкек: «Кыргызстан-Сорос» фонду, 1997.

4. Бокошов Ж.Б., и др., Учебный словарь философских терминов/Философия терминдеринин окуш сөздүгү. – Жалал-Абад: ЖАГУ, 2001.

5. Новейший философский словарь, сос. и гл. н. ред. А.А. Грицанов, Мн.: Книжный Дом, 2003.

6. Современный философский словарь, сост. В.Е. Кемеров, http://philosophy.niv.ru/doc/dictionary/modern/index.htm, 1998.

7. Словарь философских терминов и понятий, Саратов, https://www.sgau.ru/kisuuz/uploads/img/18-09-16/1537062545/словарь.pdf, 2017.

8. Философия энциклопедиялык окуу куралы, баш. ред. Ү.А. Асанов. – Бишкек, 2004.

9. Философский словарь, Под ред. И.Т. Фролова. – М.: Политиздат, 1981.

10. Bolay H., Felsefi Doktrinler ve Terimler Sözlüğü. – Ankara, 1996.

11. Cevizci A., Felsefe Sözlüğü. – İstanbul: Paradigma, 1999.

12. The Oxford Companion to Philosophy. ed. by Ted Honderich. Oxford University Press, 1995.

**Түзүүчүлөр**

**Жамгырбек Бөкөшов,** философия илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз-Түрк «Манас» университети, zhamgyrbek.bokoshov@manas.edu.kg

**Жылдыз Урманбетова,** философия илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз-Түрк «Манас» университети, cildiz.urmanbetova@manas.edu.kg

**Үмүт Асанова,** философия илимдеринин доктору, профессор, Евразиялык эл аралык медицина университети, umut.asanova@gmail.com

**Кишимжан Эшенкулова,** (PhD) философия доктору, доц.м.а., Кыргыз-Түрк «Манас» университети, kishimjan.eshenkulova@manas.edu.kg

**Абдирашит Бабатаев,** (PhD) философия доктору, Кыргыз-Түрк «Манас» университети, abdirasit.babataev@manas.edu.kg

# ФИЛОСОФИЯ ТЕРМИНДЕРИНИН СӨЗДҮГҮ


Редактору *Кадыров Ы*.
Тех. редактору *Довлоталиев Б*.
Корректору *Үркүнбаева Л*.
Компьютердик калыпка салган *Салиев Э*.

Басууга 19.03.2024-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы 60х84 $^{1}/_{16}$.
Көлөмү 9,5 б.т. Нускасы 1000.

«Кут-Бер» ЖЧК басмаканасында басылды
Бишкек ш., Медеров көчөсү, 68.